
# Балдарды онлайн чөйрөсүндө коргоо боюнча башкаруу органдары үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөр

2020



# Балдарды онлайн чөйрөсүндө коргоо боюнча башкаруу органдары үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөр

2020-жыл

# Ыраазычылык билдирүү

Бул жетектөөчү көрсөтмөлөр эл аралык электр байланыш уюму (ЭЭУ) жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) тармагында иш алып барган, жана ошондой эле балдарды онлайн чөйрөсүндө коргоо көйгөйлөрү менен алектенген алдыңкы мекемелердин авторлорунун жумушчу тобу, анын ичинде төмөнкү уюмдар тарабынан иштелип чыккан: ECPAT International, Global Kids Online тармагы, Балдарга каршы зордук-зомбулукту токтотуу боюнча глобалдык өнөктөштүк, HABLATAM долбоору, Insafe коопсуз интернет борборлор тармагы, Интерпол (INTERPOL), Дайынсыз жоголгон жана эксплуатацияланган балдардын эл аралык борбору (ICMEC), Майыптардын эл аралык союзу, Эл аралык электр байланыш уюму (ЭЭУ), Интернетти көзөмөлгө алуу фонду (IWF), Лондон экономика мектеби, Балдарга карата зомбулук боюнча Башкы катчынын атайын өкүлүнүн кеңсеси жана балдарды сатуу жана сексуалдык жактан эксплуатациялоо боюнча атайын баяндамачы, Privately SA, RNW Media, Улуу Британия коопсуз Интернет борбору , WePROTECT глобалдык альянсы (WPGA) жана АКШдагы дүйнөлүк балалык фонду.

Жумушчу топту улуу Британиянын коопсуз Интернет борборунан Дэвид Райт (David Wright, UK Safer Internet Centres/SWGfL) жетектеген жана ЭЭУнан Фанни Ротино (Fanny Rotino, ITU) координациялаган.

Бул көрсөтмөлөр аларды түзүүдө салым кошкон авторлордун кетирген убактысы, дилгирлиги жана берилгендигисиз ишке ашмак эмес.

COFACE-Families Europe, Европа Кеңеши, Австралиянын электрондук коопсуздук комиссариаты, Европа Комиссиясы, e-Worldwide Group (e-WWG) тобу, ОЭСР, Гарвард университетинин Беркман Клейн Интернет жана коомдун көйгөйлөрү боюнча борбору, ошондой эле интернетти балдар жана жаштар үчүн жакшыраак жана коопсуз жайга айлантуу максатын көздөшкөн айрым өлкөлөрдүн өкмөттөрү жана ага кызыкдар болгон тармактык уюмдар да өздөрүнүн баа жеткис салымдарын кошушту.

Өз убактысын ушул ишке арнаган жана билими менен бөлүшкөн төмөнкү өнөктөштөргө (тизме уюмдардын аталышы боюнча алфавиттик тартипте келтирилген) ЭЭУ ыраазычылыгын билдирет:

- Martin Schmalzried (COFACE-Families Europe)
- Livia Stoica (Council of Europe)
- John Carr (ECPAT International)
- Julia Fossi and Ella Serry (eSafety Commissioner)
- Manuela Marta (European Commission)
- Salma Abbasi (e-WWG)
- Amy Crocker and Serena Tommasino (Global Partnership to End Violence Against Children)
- Lionel Brossi (HABLATAM)
- Sandra Marchenko (ICMEC)
- Karl Hopwood (Insafe)
- Lucy Richardson (International Disability Alliance)
- Matthew Dompier (Interpol)
- Fanny Rotino (ITU)

- Tess Leyland (IWF)
- Sonia Livingstone (London School of Economics & Global Kids Online)
- Elettra Ronchi (OECD)
- Manus De Barra (Office of the Special Representative of the Secretary-General on Violence against Children)
- Deepak Tewari (Privately SA)
- Pavithra Ram (RNW Media)
- Maud De Boer-Buquicchio (United Nations Special Rapporteur on the sale and sexual exploitation of children)
- David Wright (UK Safer Internet Centres/SWGfL)
- Iain Drennan and Susannah Richmond (WePROTECT Global Alliance)
- Lina Fernandez and Dr. Joanna Rubinstein (World Childhood Foundation USA)
- Sandra Cortesi (Youth and Media)

ISBN

1) 978-92-61-30084-5 (кагаз версиясы)
2) 978-92-61-30414-0 (электрондук версиясы)
3) 978-92-61-30074-6 (EPUB версиясы)
4) 978-92-61-30424-9 (Mobi версиясы)

**Бул отчетту басып чыгаруудан мурун айлана-чөйрө тууралуу ойлонууну суранабыз**

Айрым укуктар корголгон. Бул жумуш кеңири колдонуу үчүн Creative Commons Attribution-Non-Commercial-Share Alike 3.0 IGO (CC BY-NC-SA 3.0 IGO) эл аралык уюмдун лицензиясын пайдалануунун негизинде лицензиядан өткөн.

Бул лицензиянын шарттары боюнча бул документти коммерциялык эмес максаттарда көчүрүүгө, кайра иштеп чыгууга жана өзгөртүүгө ушул жумушка тиешелүү шилтемелер болгон шартта гана жол берилет. Бул ишти кандай гана болбосун колдонууда, ЭЭУ кандайдыр бир конкреттүү уюмду, өнүмдөрдү же кызматтарды колдойт деп ойлобошубуз керек. ЭЭУ аталыштарын жана логотиптерин уруксатсыз пайдаланууга уруксат берилбейт. Жумушту адаптациялоодо жумушка лицензия катары ошол эле же ага барабар лицензияны колдонуу керек. Бул иштин котормосун түзүүдө сунушталган шилтеме менен катар төмөнкүдөй укуктук эскертүүнү кошуу керек: "Бул котормо эл аралык электр байланыш уюму (ЭЭУ) тарабынан аткарылган эмес. ЭЭУ ушул котормонун мазмуну же тактыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт. Англис тилиндеги түпнуска текст милдеттүү жана анык текст болушу керек". Кошумча маалыматты төмөнкү даректен тапса болот:

https://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/3.0/igo/

# Кириш сөз

Жашоонун дээрлик бардык тармактарына Интернеттин жайылышы менен мүнөздөлгөн заманбап дүйнөдө, онлайн чөйрөсүндө жаш колдонуучулардын коопсуздугун камсыз кылуу ар бир өлкө үчүн актуалдуу маселелердин бири болуп калды.

Эл аралык электробайланыш уюму (ЭЭУ) балдарды онлайн чөйрөдө коргоо (Child Online Protection Guidelines, бул документтин алкагында COP деген термин колдонулат) боюнча өзүнүн биринчи көрсөтмөлөр топтомун 2009-жылы иштеп чыккан. Ошол мезгилден баштап интернет укмуштуудай өзгөрүүлөргө дуушар болду. Интернет балдар үчүн оюнга жана билимге бай болгон чексиз булакка айланды, бирок ошол эле учурда балдар көзөмөлсүз калган учурда алар үчүн алда канча кооптуу жайга да айланды.

Бүгүнкү күндө балдар төмөндө көрсөтүлгөндөй: купуялуулукту сактоо маселелеринен тартып, зордук-зомбулук жана башка орунсуз мазмунду камтыган маалыматка кабылуу, интернеттеги алдамчылыкка, ошондой эле онлайн чөйрөсүндөгү груминг, сексуалдык зомбулук жана сексуалдык эксплуатация сыяктуу коркунучтарга туш болушууда. Интернет чөйрөсүндөгү коркунучтардын саны барган сайын өсүүдө, ошол эле учурда ар кайсы өлкөнүн кылмышкерлеринин биргелекте иштеши аларды көзөмөлдөөнү жана жоопко тартууну татаалдаштырууда.

Мындан тышкары, COVID-19 глобалдык пандемиясы учурунда билим алуу жана социалдык өз ара байланышуу максатында онлайн чөйрөсүнө алгачкы жолу кошулган балдардын саны кескин көбөйгөнү байкалган. Пандемияга байланыштуу чектөөлөрдүн киргизилиши менен көптөгөн жаш балдар ата-энелери пландаштыргандан алда канча эрте онлайн чөйрөсүнө кошулуп, жумуш менен алек болгон көптөгөн ата-энелер балдарына көзөмөл кыла албай калышты, бул өз кезегинде жаш балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыксыз мазмундагы же балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдарды (CSAM) жайгаштыруу менен алектенген кылмышкерлердин кол алдында калуу коркунучуна алып келди.

Бүгүнкү күндө онлайн чөйрөсүндө балдардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн эл аралык кызматташтык жана аракеттерди координациялоо мурункудан да зарыл болуп, бул кызыкдар тараптардын кеңири чөйрөсүнүн: тармактын өкүлдөрүнүн, анын ичинде жеке платформалардын, кызмат көрсөтүү жана тармак операторлорунун, ошондой эле мамлекеттик түзүмдөрдүн жана жарандык коомдордун активдүү катышуусун жана колдоосун талап кылат.

Муну түшүнүп, 2018 -жылы ЭЭУнун мүчө-мамлекеттери буга чейин мезгил-мезгили менен жүргүзүлүп келген COP боюнча көрсөтмөлөрдүн кезектеги жаңыртуусун берүүнү суранышкан. Ошентип, бул жаңы кайра каралган көрсөтмөлөр балдар кабылган санариптик чөйрөдө болгон фундаменталдуу өзгөрүүлөрдү чагылдыруу үчүн башынан аягына чейин кайрадан каралып чыгып, кайрадан жазылган жана толугу менен кайра иштелип чыккан.

Ошону менен бирге, бул жаңы басылма санариптик технологиялардагы жана платформалардагы жаңы тенденцияларды чагылдыргандан тышкары, төмөнкү бир чоң боштукту: социалдык жашоого толук кандуу катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен байланыштын маанилүү каражатын сунуш кылган онлайн дүйнөсүндөгү майып балдардын абалын толуктайт. Бул документте мигранттардын жана башка аярлуу топтордун балдарынын өзгөчө муктаждыктары да эске алынган.

Бул көрсөтмөлөр башкаруу органдарынын көптөгөн кызыкдар тараптардын катышуусу менен, алардын ичинде балдар менен болгон ачык кеңештерди жана диалогду камтыган максаттуу

жана эффективдүү чараларды көрүү үчүн арналган улуттук көп тараптуу стратегияларды иштеп чыгуусуна бекем негиз болот деп үмүттөнөбүз.

Жаңы көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууда ЭЭУ жана анын өнөктөштөрү эл аралык стандарттарга жана жалпы максаттарга, анын ичинде балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын жоболоруна жана БУУнун туруктуу өнүгүү максаттарына негизделген мүмкүн болушунча практикалык жактан жеткиликтүү, ийкемдүү жана адаптацияланууучу платформаны түзүүгө умтулушту. Бул кайра каралган көрсөтмөлөр глобалдык биргелешкен аракеттердин алкагында ЭЭУнун чыныгы руху, анын глобалдык уюштуруучу жана координатор катары ролу жана кеңири көп тараптуу коомчулуктун эл аралык эксперттеринин активдүү катышуусу менен иштелип чыккандыгы мени сыймыктандырат.

Сиздерди ЭЭУнун жаштар менен иштөө боюнча эл аралык программасынын алкагында балдар тобу тарабынан иштелип чыккан жана балдарды онлайн чөйрөдө коргоо боюнча (COP) көрсөтмөнүн тумары болгон кайрымдуу, тайманбас жана коркпогон каарманыбыз САНГО (Sango) менен тааныштырганыма кубанычтамын.

Жаштардын онлайн технологияларына барган сайын кошулуусу менен мүнөздөлгөн заманда, балдарды онлайн чөйрөдө коргоо (COP) боюнча бул көрсөтмөлөр өзгөчө мааниге ээ болууда. Саясатчылар, ар тармактын өкүлдөрү, ата – энелер, педагогдор, ошондой эле балдардын өздөрү да өзгөчө маанилүү ролду ойношот. Адаттагыдай эле, мен Сизге колдоо көрсөткөнүңүз үчүн ыраазымын жана бул маанилүү маселе боюнча мындан аркы тыгыз кызматташууга ишенем.

Дорин Богдан-Мартин
Электробайланыш Өнүктүрүү Бюросунун директору

# Киришүү

Отуз жыл мурун, дээрлик бардык мамлекеттердин өкмөттөрү балдардын укуктарын сактоого, коргоого жана кубаттоого милдеттенишкен. БУУнун баланын укуктары жөнүндө конвенциясы (БУК) адам укуктары боюнча тарыхтагы эң кеңири ратификацияланган эл аралык келишим болуп саналат. Ушул үч он жылдыкта жетишилген олуттуу прогресске карабастан, уланып жаткан олуттуу чакырыктар менен бирге балдардын коопсуздугуна коркунуч туудурган жаңы булактар пайда болууда.

2015-жылы бардык мамлекеттер 2030-жылга чейинки күн тартибин жана туруктуу өнүктүрүү жаатындагы 17 жалпы максаттарды (ТӨМ) кабыл алуу менен баланын укуктарын жактай тургандыктарын кайрадан билдиришти. Мисалы, 16.2 максаты катары 2030-жылга чейин балдарга карата зордук-зомбулукту, эксплуатацияны жана зомбулуктун жана кыйноонун бардык түрлөрүн токтотуу болуп саналат. Жалпысынан алганда, балдарды коргоо туруктуу өнүктүрүү жаатындагы 17 жалпы максаттардын ичинен 11 максаттын негизги байланыштыруучу темасы болуп саналат. 1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, ЮНИСЕФ 2030-жылга чейинки күн тартибинин борборуна балдар темасын коюп жатат.




**1-сүрөт: Балдар, МКТ жана ТӨМ**

Туруктуу өнүгүүнүн 2030-жылга чейинки күн тартибинде маалыматтык-коммуникациялык технологиялары ТӨМ максаттарына жетүүдө негизги ролду ойной алат деп таанылат. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (МКТ) жайылышы жана тармактардын глобалдык өз ара байланышы адамзаттын прогрессин тездетүү, санариптик ажырымды жоюу жана билимге негизделген коомдорду түзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Ошондой эле билим берүү (4-максат), гендердик теңчилик (5-максат), инфраструктура (9-максат - интернетке жалпы жана арзан кирүү) жана өнөктөштүк жана ишке ашыруу каражаттары[1] (17-максат) чөйрөсүндө туруктуу өнүгүүгө жетишүү үчүн МКТны колдонууга байланыштуу конкреттүү милдеттер аныкталган.

МКТ экономиканы толугу менен өзгөртө алат, анткени алар ТӨМдүн ар бир максатына жетүүдө кыймылдаткыч күч болуп саналат. МКТ билим берүү ресурстарын жана саламаттыкты сактоо

[1] UNDP, Sustainable Development Goals | UNDP, undp.org, кайрылуу датасы: 29 январь 2020-ж., https://www.undp.org/content/undp/en/home/sustainable-development-goals.html; Хоулинь Чжао, "Эмне үчүн МКТ туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү үчүн чечүүчү мааниге ээ", ЭЭУ, ITU News Magazines, 48, кайрылуу датасы: 29 январь 2020-ж., https://www.itu.int/en/itunews/Documents/2017/2017-03/2017_ITUNews03-ru.pdf.

кызматын камсыз кылуу, ошондой эле электрондук өкмөт жана социалдык тармактар сыяктуу айрым кызматтарды көрсөтүү аркылуу дүйнө жүзү боюнча миллиарддаган адамдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү менен өз натыйжалуулугун көрсөтүүдө.

Ошону менен бирге, маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын тездик менен жайылышы балдарга жана жаштарга өз жашоосуна жана коомго тиешелүү маселелер боюнча баарлашуу, байланышуу, билим алуу, маалыматка жетүү жана өз пикирин билдирүү жаатында болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүктөрдү берди.

Бирок, Интернетке жана мобилдик байланыш технологияларына жеткиликтүүлүктү кеңейтүү жана жеңилдетүү онлайн чөйрөдө да, чыныгы жашоодо да балдардын коопсуздугу жана жыргалчылыгы үчүн чоң кыйынчылыктарды жаратат.

Санариптик дүйнө алып келген тобокелдиктерди азайтуу үчүн жана ошол эле учурда балдар жана жаштар анын жыргалчылыгынан ырахат алуусу үчүн өкмөттөр, жарандык коомдун өкүлдөрү, жергиликтүү жамааттар, эл аралык уюмдар жана тармактык ишканалар өз аракеттерин көрсөтүлгөн жалпы максатка бириктириши керек. Онлайн чөйрөдө балдардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча дүйнөлүк милдетти аткарууда өзгөчө маанилүү ролду саясатчылар ойнойт.

МКТнын тез өнүгүүсү жана балдарды бул көрүнүштүн кесепеттеринен коргоо менен байланышкан кыйынчылыктарды жеңүү үчүн 2008-жылдын ноябрында Эл аралык электрбайланыш уюму (ЭЭУ) тарабынан көп тараптуу эл аралык «Баланы онлайн чөйрөдө коргоо» (COP) демилгеси ишке киргизилген. Бул демилге дүйнө жүзүндөгү балдар үчүн онлайн чөйрөдө коопсуз жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүчү шарттарды түзүү максатында дүйнөлүк коомчулуктун бардык секторлорундагы өнөктөштөрдү бириктирүүгө багытталган.

Мындан тышкары, 2018-жылы Дубайда өткөн эл аралык электрбайланыш уюмунун ыйгарым укуктуу конференциясынын катышуучулары демилгенин маанилүүлүгүн кайрадан тастыктап, аны маалымдуулукту жогорулатуу, мыкты тажрыйбалар менен алмашуу, ошондой эле мүчө мамлекеттерге, өзгөчө өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө балдарды онлайн чөйрөдө коргоо (COP) жаатындагы жол карталарын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда көмөк көрсөтүү жана колдоо көрсөтүү үчүн натыйжалуу платформа катары таанышты. Ошондой эле БУУнун баланын укуктары жөнүндө конвенциясынын жана адам укуктары боюнча башка эл аралык келишимдердин алкагында онлайн чөйрөдө балдарды коргоо маселелери менен алектенген бардык кызыкдар тараптардын ортосундагы кызматташтыкты колдоо аркылуу балдарды онлайн чөйрөдө коргоону камсыз кылуунун маанилүүлүгү таанылды.

Конференциянын катышуучулары 2030-жылга чейин туруктуу өнүктүрүү жаатындагы күн тартибинин маанилүүлүгүн моюнга алышты, ал туруктуу өнүктүрүү максаттарынын (ТӨМ) алкагында онлайн чөйрөдө баланы коргоонун ар кандай аспектилерин, анын ичинде ТӨМдүн 1, 3, 4, 5, 9, 10 жана 16 максаттарын камтыйт; мүмкүнчүлүгү чектелген жана өзгөчө муктаждыктары бар адамдар үчүн электрбайланыш/маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) жөнүндө 175-Резолюциясы да (Дубай, 2018) жана балдарды онлайн чөйрөдө коргоодо ЭЭУ (ЭЭУ) Электрбайланышты өнүктүрүү секторунун ролу жөнүндө Электрбайланышты өнүктүрүү боюнча бүткүл дүйнөлүк конференциянын (ЭӨБДК) 67-Резолюциясы да (Буэнос-Айрес, 2017 ж.) эске алынган.

2019-жылдын аягында ЭЭУ/ЮНЕСКОнун кеңтилкелүү байланыш боюнча Комиссиясы интернетти балдар үчүн кантип коопсуз кылуу боюнча практикалык көрсөтмөлөрдү камтыган «Балдардын онлайн чөйрөдөгү коопсуздугу» отчетун жарыялады.

2009-жылы ЭЭУ COP демилгесинин алкагында онлайн чөйрөдө баланы коргоо боюнча биринчи көрсөтмөлөр жыйнагын чыгарган. Акыркы он жылдын ичинде балдарды онлайн чөйрөдө

коргоо (COP) боюнча көрсөтмөлөрү көптөгөн тилдерге которулуп, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө балдарды онлайн чөйрөдө коргоо боюнча жол карталарын жана улуттук стратегияларды иштеп чыгууда шилтеме булагы катары колдонулуп келет. Алар мамлекеттик органдарга, жарандык коом уюмдарына, балдарды көзөмөлгө алуу мекемелерине, тармактык уюмдарга жана башка көптөгөн кызыкдар тараптарга онлайн чөйрөдө балдарды коргоо аракеттерине жардам берет.

Тактап айтканда, бул көрсөтмөлөр Камерун, Габон, Гамбия, Гана, Кения, Сьерра-Леоне, Уганда жана Замбия, араб аймагындагы Бахрейн жана Оман; Бруней, Камбоджа, Кирибати, Индонезия, Малайзия, Мьянма жана Азия-Тынч океан аймагындагы Вануату; Босния, Грузия, Молдова, Черногория, Польша жана Европа аймагындагы Украина сыяктуу көптөгөн мүчө мамлекеттерде балдарды онлайн чөйрөдө коргоо боюнча улуттук стратегияларды түзүүдө, иштеп чыгууда жана жүзөгө ашырууда колдонулган;

Мындан тышкары, бул көрсөтмөлөр Кампалада (Уганда, 2014) өткөн «Келечектеги санариптик жарандардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү» аттуу балдарды онлайн чөйрөсүндө коргоо боюнча аймактык конференциясы жана Бангкокто (Таиланд, 2020) өткөн АСЕАНдын балдарды онлайн чөйрөсүндө коргоо боюнча аймактык конференциясы сыяктуу аймактык иш-чаралардын негизин түздү.

179-Резолюцияга (Дубай, 2018 г.) ылайык, эл аралык электр байланыш уюмунун (ЭЭУ) демилгеси боюнча балдарды онлайн чөйрөдө коргоо (COP) боюнча өнөктөштөр жана кызыкдар тараптар менен биргеликте электр байланыш тармагындагы технологиялардын өнүгүүсүн эске алуу менен жетектөө көрсөтмөлөрүнүн төрт топтомун, анын ичинде майып балдарга жана өзгөчө муктаждыгы бар балдарга карата көрсөтмөлөрдү жаңылоо тапшырмасын берди.

Бул процесстин жыйынтыгы боюнча бул колдонмо көрсөтмөлөр эксперттер жана тиешелүү кызыкдар тараптар тарабынан олуттуу деңгээлде жаңыланып, кайра каралып чыкты, алар санариптик дүйнөдө балдарды коргоону камсыз кылуу боюнча сунуштамалардын кеңири комплексин даярдашты.

Алар биргелешкен көп тараптуу аракеттердин натыйжасы болуп саналат жана дүйнө жүзүндөгү балдарды коргоо жаатындагы көптөгөн уюмдардын жана адистердин билиминин, тажрыйбасынын жана эксперттик баалоосунун негизинде даярдалган. Бул көрсөтмөлөр келечек муундар үчүн коопсуз жана ишенимдүү кибердүйнөнү куруу үчүн негиз катары кызмат кылууга багытталган. Бул колдонмолор улуттук же жергиликтүү каада-салттарга жана мыйзамдарга ылайык ылайыкташтырылып, колдонула турган программа болуп калат деп болжолдонууда. Мындан тышкары, бул колдонмо көрсөтмөлөр 18 жашка чейинки бардык балдардын жана жаштардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ар биринин тиешелүү муктаждыктарына байланыштуу маселелерди карайт. Алар ошондой эле ар кандай шарттарда жашаган балдардын, майып балдардын жана өзгөчө муктаждыгы бар балдардын муктаждыктарын канааттандырууга багытталган. Бул көрсөтмөлөр ошондой эле балдар онлайн чөйрөдө дуушар болушу мүмкүн болгон бардык тобокелдиктерди, коркунучтарды жана зыяндуу таасирлерди эске алуу менен онлайн чөйрөдө балдарды коргоо чараларын кеңири камтыйт.

Бул колдонмо көрсөтмөлөр ачык маалыматтык коомду түзүүгө гана мүмкүндүк бербестен, ЭЭУга мүчө – мамлекеттерине БУУнун башкы ассамблеясы тарабынан 44/25-жылдын 20-ноябрындагы 1989-резолюциясында кабыл алынган балдардын укуктары жөнүндө конвенцияда [2] каралгандай, балдардын укуктарын коргоо жана ишке ашыруу боюнча өз милдеттенмелерин

[2] UNICEF, "Convention on the Rights of the Child", uncief.org, кайрылуу датасы: 29 январь 2000-ж., https://www.unicef.org/child-rights-convention.

жана маалыматтык коомдун маселелери боюнча жогорку деңгээлдеги Бүткүл дүйнөлүк жолугушуунун (WSIS) жыйынтыктоочу документин аткарууга жардам берет деп күтүлүүдө.

Бул колдонмо көрсөтмөлөрдү жарыялоо менен, балдарды онлайн чөйрөдө коргоо (COP) демилгеси бардык кызыкдар тараптарды кибермейкиндикте балдарды коргой турган эрежелерди жана стратегияларды ишке ашырууну камсыз кылууга жана онлайн ресурстар бере турган бардык сонун мүмкүнчүлүктөрдү коопсуздук менен пайдаланууну камсыз кылууга үндөйт.

# МАЗМУНУ

Ыраазычылык билдирүү ..................... ii
Кириш сөз ..................... iv
Киришүү..................... vi
1 Документке киришүү ..................... 1
1.1 Максаты ..................... 1
1.2 Колдонуу чөйрөсү ..................... 1
1.3 Жалпы принциптери ..................... 2
1.4 Жетектөөчү көрсөтмөлөрдү колдонуу..................... 3
2 Киришүү..................... 4
2.1 Онлайн чөйрөсүндө балдарды коргоо деген эмне? ..................... 6
2.2 Санариптик дүйнөдөгү балдар ..................... 7
2.3 Балдардын санариптик тажрыйбасына технологиянын таасири ..................... 9
2.4 Интернет чөйрөсүндө балдар дуушар болгон негизги коркунучтар ..................... 10
2.5 Интернет чөйрөсүндөгү балдарга карата болгон зыяндын негизги булактары..................... 12
2.6 Аярлуу абалда калган балдар..................... 19
2.7 Балдардын онлайн чөйрөсүндөгү тобокелдиктерди кабылдоосу ..................... 22
3 Онлайн чөйрөдө балдарды коргоо боюнча улуттук стратегияны даярдоо..................... 23
3.1 Катышуучулар жана кызыкдар тараптар ..................... 23
3.2 Онлайн чөйрөсүндө балдарды коргоо боюнча учурдагы иш-чаралар..................... 28
3.3 Онлайн чөйрөсүндө зыян булактарына жоопберүүнүн мисалдары..................... 32
3.4 Онлайн чөйрөдө балдарды коргоо боюнча улуттук стратегиянын артыкчылыктары.. 32
4 Принциптер жана ишке ашыруу боюнча сунуштар ..................... 34
4.1 Негизги сунуштар ..................... 34
4.2 Ишке ашыруу боюнча сунуштар ..................... 38
5 Онлайн чөйрөдө балдардын коопсуздугун камсыз кылуунун улуттук стратегиясын иштеп чыгуу..................... 42
5.1 Улуттук деңгээлдеги өзүн-өзү текшерүү тизмеси..................... 42
5.2 Суроолордун мисалдары Зыяндын булактары..................... 50
6 Маалымдама материалдар ..................... 51
1-тиркеме: Терминдер..................... 54
2-тиркеме: Балдарга жана жаштарга карата болгон байланыш кылмыштары ..................... 61
3-тиркеме: WeProtect глобалдык альянсы ..................... 62
4-тиркеме: Онлайн чөйрөдө зыян булактарына жооп кайтаруу чаралары (мисалдар)..................... 64

## Таблицалар, сүрөттөр жана аймактар

### Табдицалар


1-таблица: Кароону талап кылган негизги багыттар ........................................................... 43


### Сүрөттөр


1-сүрөт: Балдар, МКТ жана ТӨМ .................................................................................... vii

2-сүрөт: онлайн чөйрөдө балдар дуушар болгон коркунучтардын классификациясы ... 10


### Аймактар


Интернеттин жеткиликтүүлүгү ........................................................................................ 7

Интернетти колдонуу ........................................................................................................ 8

Зыяндын булактары ........................................................................................................ 13

# 1 Документке киришүү

## 1.1 Максаты

Улуттук өкмөттөр балдардын реалдуу жана виртуалдык дүйнөдө коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүү. Бүгүнкү күндө жаңы технологиялар бир катар маанилүү тармактарда балдардын жана жаштардын жашоосуна ушунчалык бекем интеграциялангандыктан, чыныгы дүйнө менен онлайн окуялардын ортосунда так айырманы сактоого аракет кылуунун мааниси жок экенин түшүнүү керек. Алар барган сайын бири-бири менен тыгыз дал келип, бири-бирине көз каранды болуп калууда.

Мамлекеттик органдар жана башка бардык тиешелүү кызыкдар тараптар өтө маанилүү ролду ойношот. Технологиянын тез өнүгүшү менен, саясатты иштеп чыгуунун көптөгөн салттуу ыкмалары жараксыз болуп калды. Балдардын онлайн чөйрөдө коопсуздугун камсыз кылуу үчүн, башкаруу органдары тез өзгөрүп жаткан санариптик чөйрөнүн контекстинде өз максатына жете турган адаптацияланган жана ар тараптуу ченемдик укуктук базаны иштеп чыгышы керек.

Бул колдонмо көрсөтмөлөр балдардын реалдуу, башкача айтканда физикалык жана виртуалдык дүйнөдө коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ЭЭУга мүчө мамлекеттердин башкаруу органдарынын укуктук милдеттенмелерин түшүнүү жана аткаруу үчүн колдонууга ыңгайлуу жана ийкемдүү негиз катары иштелип чыккан.

Ушул максатта бул көрсөтмөлөрдө башкаруу органдары үчүн төмөнкү бир катар маанилүү маселелер чагылдырылган:

1) Онлайн чөйрөдө балдарды коргоо деген эмне?
2) Эмне үчүн саясатчылар балдардын онлайн чөйрөдөгү коопсуздугу тууралуу маселелерге көңүл бурушу керек?
3) Менин өлкөмдүн мыйзам чыгаруу, коомдук-саясий шарттар жана өнүгүү жагынан караганда абалы кандай?
4) Башкаруу органдары өз өлкөсүндөгү балдарды онлайн чөйрөдө коргоо боюнча натыйжалуу жана ырааттуу саясатты карап чыгууну жана аныктоону кантип башташы керек?

Бул колдонмо көрсөтмөлөрү дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө колдонулуп жаткан мыкты тажрыйбалар жөнүндө түшүнүк алуу үчүн конкреттүү моделдердин, механизмдердин жана ресурстардын негизинде иштелип чыккан.

## 1.2 Колдонуу чөйрөсү

Балдарды онлайн чөйрөсүндө коргоо чаралары онлайн чөйрөсүндөгү балага келтирилген ар кандай коркунучтарды, анын ичинде балдардын коопсуздугуна жана жыргалчылыгына коркунуч келтирген факторлордун кеңири спектрин камтыйт. Бул ар тараптуу, анын ичинде мыйзам чыгаруу, башкаруу органдары, билим берүү, саясат жана коом тарабынан чечилиши керек болгон комплекстүү маселе болуп саналат.

Мындан тышкары, онлайн чөйрөдө баланы коргоо санариптик чөйрөдө балдар дуушар болгон ар бир өлкө үчүн жалпы жана конкреттүү тобокелдиктерди, коркунучтарды жана зыяндуу таасирлерди түшүнүүгө негизделиши керек. Бул түшүнүктөрдү так аныктоону жана кийлигишүү үчүн так параметрлерди белгилөөнү талап кылат, анда кылмыш болгон иш-аракеттер жана мыйзамга каршы келбеген, бирок ошого карабастан баланын жыргалчылыгына коркунуч туудурган аракеттер эске алынат жана чектелет.

Ушул максатта, көрсөтмөлөр санариптик чөйрөдө балдар дуушар болгон коркунучтарга жана зыяндуу таасирлерге сереп берет. Ошону менен бирге технологиялардын тез өнүгүшүнүн жана жаңы коштолгон коркунучтардын жана зыяндуу таасирлердин булактарынын пайда болушунун шартында саясатты иштеп чыгуунун салттуу мөөнөттөрү жана ыкмалары натыйжасыз болууда. Санариптик доордо саясатчылар учурдагы көйгөйлөрдү чечүү жана мүмкүн болушунча келечектеги кыйынчылыктарды алдын-ала көрүү үчүн баарына ыңгайлуу жана ачык болгон укуктук жана саясий алкактарды түзүшү керек. Бул үчүн бардык кызыкдар тараптар, анын ичинде МКТ тармагы, илимий коомчулук, жарандык коом, коомчулук жана балдардын өздөрү менен кызматташуу зарыл. Бул процессти онлайн чөйрөдө баланы коргоого байланыштуу жалпы принциптерди карап чыгуу менен бекемдөөгө болот.

## 1.3 Жалпы принциптери

Төмөндө келтирилген он бир негизги принциптер онлайн чөйрөсүндө баланы коргоо боюнча келечектеги бирдиктүү улуттук стратегияны иштеп чыгууга жардам берет.

Бул принциптердин берилген тартиби алардын маанилүүлүгүнө эмес, баяндоонун логикасына карата келтирилген.

Онлайн чөйрөдө балдарды коргоо боюнча улуттук стратегия:

1. өкмөттүн, тармактын жана коомдун ролун эске алган бирдиктүү көз карашка таянат;
2. санариптик чөйрөнү ар тараптуу түшүнүү жана талдоонун негизинде аныктама бере алат жана конкреттүү өлкөнүн улуттук шарттарын жана артыкчылыктарын эске алуу менен өзгөртө алат;
3. БУУнун баланын укуктары жөнүндө Конвенциясында, ошондой эле башка негизги эл аралык конвенцияларда жана ченемдерде бекитилгендей, балдардын негизги укуктары менен макулдашууга жана бул укуктардын сакталышына кепилдик берет;
4. учурдагы ушуга окшогон же ички мыйзамдарга жана стратегияларга, анын ичинде балдарга зомбулук көрсөтпөө мыйзамдарына жана балдарды коргоо стратегияларына шайкеш келүүсү зарыл жана алардын аткарылышын камсыз кылат;
5. балдардын жарандык укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына кепилдик берүүсү, аларды коргоону камсыз кылуусу зарыл;
6. балдардын муктаждыктарын жана милдеттерин эске алуу менен, ошондой эле азчылыктардын жана маргиналдашкан топтордун муктаждыктарын эске алуу менен бардык тиешелүү кызыкдар тараптардын, анын ичинде балдардын активдүү катышуусу менен иштелип чыгат;
7. экономикалык жана социалдык гүлдөп-өнүгүүгө жетишүүгө багытталган жалпы мүнөздөгү мамлекеттик программаларга ылайык келүүсү жана туруктуу өнүгүүгө жана социалдык интеграцияга жетишүүдө МКТнын максималдуу салымын камсыз кылуу үчүн иштелип чыгуусу зарыл;
8. тиешелүү өлкөнүн спецификалык шарттарын эске алуу менен коюлган максаттарга жетүү үчүн саясаттын кыйла адекваттуу куралдарын пайдалануусу зарыл;
9. тийиштүү ролдорду жана милдеттерди бөлүштүрүү, ошондой эле керектүү адам жана финансылык ресурстар менен камсыз кылуу үчүн жооптуу боло турган өкмөттө эң жогорку деңгээлде жүзөгө ашырылат;
10. балдар, ата-энелер/камкорчулар жана кызыкдар тараптар үчүн алар ишене турган санариптик чөйрөнү жайылтуусу зарыл;
11. балдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, ошондой эле онлайн чөйрөдө өздөрүн коргой алышы үчүн балдарды санариптик сабаттуулукка үйрөтүү максатында кызыкдар тараптардын күч-аракеттеринин багытын аныктайт.

## 1.4 Жетектөөчү көрсөтмөлөрдү колдонуу

Бул көрсөтмөлөр актуалдуу изилдөөлөрдү, учурдагы моделдерди жана материалдарды карап чыгып, онлайн чөйрөдө баланы коргоо боюнча улуттук стратегияларды иштеп чыгуу боюнча так сунуштарды берет.

- 2-бөлүмдө балдарды онлайн чөйрөдө коргоо боюнча киришүү маалыматын берет жана акыркы изилдөөлөрдүн маалыматтарын, анын ичинде жаңы өнүгүп келе жаткан технологияларга, балдар дуушар болгон негизги коркунучтарга жана зыяндуу таасирлерге тиешелүү аспектилер каралган.
- 3-бөлүмдө балдарды онлайн чөйрөдө коргоо боюнча улуттук стратегияны даярдоо, анын ичинде тиешелүү кызыкдар тараптар, онлайн чөйрөдөгү коркунучтарга жана зыяндуу таасирлерге жооп кайтаруунун учурдагы мисалдары жана улуттук стратегияны кабыл алуунун артыкчылыктары камтылган.
- 4-бөлүмдө жүзөгө ашыруунун тиешелүү механизмдерине жана тартибине карата сунуштар берилет.
- 5-бөлүмдө онлайн чөйрөдө балдардын коопсуздугу боюнча улуттук стратегияны иштеп чыгууда эске алууга зарыл болгон негизги аспектилердин тизмеси аныкталган.
- 6-бөлүм пайдалуу маалымдама материалдары чагылдырат.

## 2 Киришүү

2019-жылы дүйнө калкынын жарымынан көбү Интернетти колдонушкан. Колдонуучулардын эң көп тобун 44 жашка чейинкилер түзүп, 16 жаштан 24 жашка чейинки жана 35 жаштан 44 жашка чейинки колдонуучулардын бирдей активдүүлүгү байкалган. Интернетти дүйнө жүзү боюнча ар бир үчүнчү бала (0-18 жаш) колдонот [3]. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө Интернет колдонуучуларынын катарына негизинен балдар жана жаштар кирет [4] жана жакынкы беш жылдын ичинде алардын саны эки эседен ашат деп болжолдонууда. Жаңы муундар интернетти бала кезинен бери колдонуп келишет, көпчүлүк адамдар, айрыкча Глобалдык Түштүк өлкөлөрүндө[5], мобилдик байланыш технологиялары аркылуу Интернетти колдонушат.

Интернетти колдонуу балдардын укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн негиз болуп саналганына карабастан, кыздардын, майып балдардын жана башка аялуу топтордун мүмкүнчүлүктөрүн чектеген олуттуу региондук, улуттук, гендердик жана башка диспропорциялар байкалууда. Санариптик гендердик ажырым тууралуу кеп козгой турган болсок, изилдөөлөр көрсөткөндөй, Америка Кошмо Штаттарын кошпогондо, дүйнөнүн бардык аймактарында интернет колдонуучулардын көпчүлүгүн аялдарга караганда эркектер түзөт. Көптөгөн өлкөлөрдө кыздар Интернетке кирүү жагынан эркек балдар менен бирдей мүмкүнчүлүккө ээ эмес жана алар бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болгон учурларда да, алардын интернетти колдонуусу көзөмөлдөнүп, чектелет жана Интернетке кирүүгө аракет кылып жатканда тобокелчиликтерге кабылышы мүмкүн [6]. Албетте, жетиштүү санариптик көндүмдөрү жок же азчылыктардын тилдеринде сүйлөгөн балдар жана жаштар үчүн Интернеттен керектүү мазмундагы маалыматты табуу оңой эмес жана айыл жеринде жашаган балдардын санариптик көндүмдөрү азыраак өнүккөнүнө карабастан, интернетте көбүрөөк убакыт өткөрүшөт (айрыкча оюн ойноо) жана ата-энелердин жардамы жана көзөмөлү азыраак[7].

Ошентсе да, санариптик технологиялардын бизге берген эбегейсиз чоң пайдасын жана мүмкүнчүлүктөрүн түшүнбөй туруп, тобокелдиктер жана коркунучтар жөнүндө сүйлөшүү мүмкүн эмес. Интернет жана санариптик технологиялар жашообузду өзгөртүп, баарлашуу, оюн ойноо, музыка угуу жана ар кандай маданий, билим берүү, көндүмдөрдү өнүктүрүү, иш-чараларга катышуу сыяктуу көптөгөн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Интернет саламаттыкты сактоо жана билим берүү кызматтарын алууга, ошондой эле жаштар үчүн маанилүү болгон,

[3] OECD, "New Technologies and 21st Century Children: Recent Trends and Outcomes", OECD Education Working Paper № 179 (Directorate for Education and Skills, OECD), кайрылуу датасы: 27 январь 2020-ж., https://www.oecd.org/officialdocuments/publicdisplaydocumentpdf/?cote=EDU/WKP%282018%2915&docLanguage=En.

[4] Ofcom, "Children and Parents: Media Use and Attitudes Report 2018" (Ofcom), кайрылуу датасы: 17 январь 2020-ж., https://www.ofcom.org.uk/__data/assets/pdf_file/0024/134907/children-and-parents-media-use-and-attitudes-2018.pdf.

[5] ЭЭУ, "Маалыматтык коому өлчөө" отчету, кайрылуу датасы: 16 январь 2020-ж., https://www.itu.int/dms_pub/itu-d/opb/ind/D-IND-ICTOI-2018-SUM-PDF-R.pdf.

[6] "Young Adolescents and Digital Media: Uses, Risks and Opportunities in Low-and Middle-Income Countries", GAGE, дата обращения: 29 января 2020 года, https://www.gage.odi.org/publication/digital-media-risks-opportunities/.

[7] Livingstone, S., Kardefelt Winther, D., and Hussein, M. (2019). Global Kids Online Comparative Report, Innocenti Research Report. UNICEF Office of Research – Innocenti, Florence, https://www.unicef-irc.org/publications/1059-global-kids-online-comparative-report.html. Бул күтүлбөгөн кесепеттерге алып келиши мүмкүн: ошентип, Латын Америкасынын беш өлкөсүндө HABLATAM тарабынан жүргүзгөн изилдөө көрсөткөндөй, аялуу жамааттарда балдар таанышуу аянтчаларын, видео оюндарды жана социалдык тармактарды мыйзамсыз максаттарда акча которуу үчүн колдоно алышат. Conectados al Sur network, "Hablatam", Hablatam Project 2020, дата обращения: 6 февраля 2020 года, https://hablatam.net/.

бирок алар таандык болгон коомдо тыюу салынган темалар боюнча маалыматка жетүү үчүн каражат катары кызмат кылат.

Балдар жана жаштар Интернет аркылуу берилген жаңы мүмкүнчүлүктөрдү колдонуунун жана өздөштүрүүнүн башында турушу сейрек эмес болгондуктан, алардын коопсуздугуна жана жыргалчылыгына коркунуч туудурган ар кандай кубулуштарга туш болушат; коом бул көйгөйдү билип, ага каршы күрөшүшү керек. Интернет чөйрөсүндө балдар жана жаштар дуушар болгон тобокелдиктерди ачык талкуулоо өтө маанилүү. Мындай талкуу балдарды жана жаштарды тобокелдиктерди таанууга, зыяндуу таасирлердин алдын алууга же жеңүүгө үйрөтүүгө жана интернет аларга бере турган артыкчылыктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жаштар онлайн чөйрөсүндө туш болушу мүмкүн болгон кээбир тобокелдиктерди жакшы билишет[8,9]. Мисалы, изилдөөлөр көрсөткөндөй, көпчүлүк балдар жана жаштар киберкоркутууну интернеттеги тамашалардан же шылдыңдоодон айырмалай алышат. Алар киберкоркутуу коомдук жана зыян келтирүүнү көздөгөнүн түшүнүшөт, бирок онлайн чөйрөсүндө бала үчүн болгон мүмкүнчүлүктөр менен тобокелдиктердин ортосундагы тең салмактуулукту табуу дагы деле кыйын[10].

ЭЭУга мүчө-мамлекеттер онлайн чөйрөдө балдарды жана жаштарды коргоого биринчи даражадагы көңүл бурууну улантууда; мында бул милдетти чечүү менен онлайн чөйрөдө балдардын жана жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча күч-аракеттердин ортосунда тийиштүү тең салмактуулукту сактоо жана балдарды жана жаштарды алардын маалыматка жетүүсүн же калктын кыйла кеңири топторунун жеткиликтүүлүгүн чектебей тургандай коргоону камсыз кылуу, ошондой эле сөз, пикир билдирүү жана эркиндигинен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу зарыл.

Балдар жана жаштар туш болгон тобокелдиктерге каршы туруу үчүн, анын ичинде ата-энелердин, мугалимдердин жана тарбиячылардын балдарга керектүү көрсөтмөлөрдү берүү мүмкүнчүлүгүн чектеген балдар менен чоңдордун ортосундагы санариптик ажырымдан улам, максаттуу колдоо жана стандарттуу эмес чечимдерди иштеп чыгуу зарылдыгы бар. Ошол эле учурда, балдар жана жаштар, чоң кишилер, ата-энелер жана коомдун активдүү мүчөлөрү болуп чоңоюшат, бул аларга бул санариптик ажырымды жабууга уникалдуу потенциалдуу мүмкүнчүлүк берет.

Ушуга байланыштуу, интернетке болгон ишенимди бекемдөө биринчи орунда турушу керек жана мамлекеттик саясатта борбордук орунду ээлеши керек. Өкмөт жана коом балдар жана жаштар менен алардын көз карашын түшүнүү жана тобокелдиктер жана мүмкүнчүлүктөр жөнүндө чыныгы коомдук талкууну баштоо максатында иш алып баруусу керек. Балдарга жана жаштарга онлайн тобокелдиктерди башкарууга жардам берүү натыйжалуу болушу мүмкүн, бирок өкмөттөр онлайн чөйрөсүндө жабыр тарткандарга компетенттүү колдоо кызматтарын камсыз кылышы керек, ошондой эле балдарга бул кызматтарга кантип кайрылса болору жөнүндө маалымат бериши керек.

Айрым өлкөлөр санариптик сабаттуулук маселелерин чечүү жана онлайн чөйрөсүндө балдардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн керектүү ресурстарды бөлүп берүү үчүн колунан

---

[8] 2016-жылдан бери ЭЭУ тиешелүү кызыкдар тараптардын өкүлдөрү болгон балдардын жана чоңдордун катышуусунда, киберкоркутуу, санариптик сабаттуулук жана онлайн чөйрөдөгү балдардын активдүүлүгү сыяктуу актуалдуу маселелер боюнча комиссиянын алкагында консультацияларды өткөрүп келет.

[9] ITU, Youth Consultation, https://www.itu.int/en/council/cwg-cop/Pages/meetings.aspx.

[10] UNICEF, "Global Kids Online Comparative Report (2019)".

келгендин баарын жасап жатышат. Бирок, балдар өздөрү айткандай, онлайн чөйрөдө алардын коопсуздугун сактоо үчүн чечимдерди иштеп чыгууда ата-энелер, мугалимдер, технологиялык компаниялар жана өкмөттөр маанилүү роль ойношот. ЭЭУга мүчө-мамлекеттери белгилеп кетендей, билим алмашууну активдештирүү жана онлайн чөйрөдө балдарды коргоону камсыз кылуу максатында күч-аракеттерди координациялоо сыяктуу чаралар олуттуу колдоого ээ болуп келет[9].

Балдар жана жаштар санариптик чөйрөнүн барган сайын татаалдашкан шарттарын кабыл алууга аргасыз болушат жана машиналык билим алуу үчүн жасалма интеллектти киргизүү, чоң маалыматтарды анализдөө, роботтоштуруу, нерселердин интернети, виртуалдык жана кеңейтилген чындык балдардын медиа чөйрөсү менен болгон тажрыйбасын толугу менен өзгөртөт. Ушундан улам, балдарды, ата-энелерди жана жамааттарды азыркы жана келечектеги колдоо үчүн инвестиция жана саясатты иштеп чыгуу зарыл.

## 2.1 Онлайн чөйрөсүндө балдарды коргоо деген эмне?

Онлайн технологияларынын жардамы менен балдар жана жаштар баарлашуу, жаңы көндүмдөргө ээ болуу, чыгармачылык жана жакшы коомду түзүүгө катышуу сыяктуу чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ болушат. Бирок, бул технологиялар купуялуулукка, мыйзамсыз мазмунга, куугунтукка, киберкоркутууга, жеке маалыматты кыянаттык менен пайдаланууга же сексуалдык максатта груминг, ал тургай балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу жаңы тобокелдиктерди жаратышы мүмкүн.

Бул көрсөтмөлөр санариптик сабаттуулукту өздөштүрүү процессинде балдар жана жаштар дуушар болушу мүмкүн болгон бардык потенциалдуу коркунучтарга жана зыяндуу таасирлерге жооп берүүгө комплекстүү мамилени сунуштайт. Мында бардык тиешелүү кызыкдар тараптар балдардын жана жаштардын санариптик чөйрөнүн таасирине, алардын жыргалчылыгына жана корголушуна туруктуулугун камсыз кылууда маанилүү роль ойной тургандыгы моюнга алынат.

Балдарды жана жаштарды коргоо - бул жалпы жоопкерчилик, ошондуктан бардык кызыкдар тараптар туруктуу келечекке жетишүү үчүн өз салымын кошушу керек. Бул үчүн саясатчылар, тармактын өкүлдөрү, ата-энелер, камкорчулар, тарбиячылар жана башка кызыкдар тараптар балдардын жана жаштардын онлайн чөйрөдө дагы, чыныгы жашоодо дагы өз потенциалына жетишине көмөктөшүшү керек.

Онлайн чөйрөдө балдарды коргоо түшүнүгү универсалдуу бекитилген аныктамага ээ эмес, бирок ал коопсуз, жаш курагына ылайыктуу, балдар жана жаштар үчүн ачык жана ар тараптуу санариптик мейкиндиктерди түзүүгө комплекстүү мамилени талап кылат:

- коркунуч болгон учурда жооп кайтаруу, колдоо жана өзүнө-өзү жардам берүү;
- зыяндуу таасирлердин алдын алуу;
- балдарга санариптик жаран болууга мүмкүнчүлүк берүү менен аларды коргоонун ортосундагы динамикалык тең салмактуулукту сактоо;
- балдардын да, коомдун да укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашыруу.

Мындан тышкары, технологиянын жана коомдун тез өнүгүшү менен, ошондой эле интернеттин чексиздик касиетин эске алуу менен, онлайн чөйрөсүндө балдарды натыйжалуу коргоо үчүн ийкемдүү жана адаптивдүү мамиле керек. Бул көрсөтмөдө онлайн чөйрөсүндө балдар жана жаштар дуушар болгон негизги тобокелдиктер, анын ичинде зыяндуу жана мыйзамсыз мазмундагы контент, куугунтуктоо, киберкоркутуу, жеке маалыматты кыянаттык менен пайдалануу же сексуалдык максаттагы груминг, балдарга карата сексуалдык зомбулук жана аларды сексуалдык жактан эксплуатациялоо сыяктуу тобокелдиктер каралат, бирок техникалык

инновациялар өнүккөн сайын региондун өзгөчөлүктөрүнө карай айырмаланып турган жаңы чакырыктар пайда болот. Айтор, жаңы чакырыктар бүткүл дүйнөлүк коомчулуктун биргелешкен аракеттери менен гана эң жакшы чечилет, анткени бул чакырыктар жаңы чечимдерди иштеп чыгууну талап кылат.

## 2.2 Санариптик дүйнөдөгү балдар

Интернет биздин жашоо образыбызды өзгөрттү. Ал балдардын жана жаштардын жашоосунун ажырагыс бөлүгү болуп, физикалык жана санариптик чындыктарды бири-биринен алыстатуу мүмкүн болбой калды. Бүгүнкү күндө балдар жана жаштар жалпы интернет колдонуучулардын үчтөн бир бөлүгүн түзөт; ЮНИСЕФтин болжолунда, жаштардын 71% Интернет колдонуучулары болуп саналат.

Интернеттин кеңири жайылышы адамдардын мүмкүнчүлүктөрүн кыйла кеңейтти. Онлайн дүйнө балдарга жана жаштарга жакырчылыкка же майыптыкка байланыштуу чектөөлөрдү жеңүүгө мүмкүндүк берет, көңүл ачуунун, билим алуунун, баарлашуу жана мамилелерди куруунун жаңы форматтарын камсыз кылат. Бүгүнкү күндө санарип платформалар ар кандай иш-чаралар үчүн колдонулат жана көбүнчө мультимедиялык мүнөзгө ээ.

Бул технологияларга жетүү, аларды колдонууну жана бул чөйрөдө багыт алууну билүү жаштардын өнүгүүсү үчүн чоң мааниге ээ, ошондуктан алар бул технологияларды жаш кезинен эле колдонушат. Башкаруу органдары көбүнчө балдар жана жаштар белгиленген курактык минимумга жеткенге чейин эле ар кандай платформаларды жана кызматтарды колдоно башташарын түшүнүшү керек, андыктан санариптик сабаттуулукка үйрөнүү жаш кезинен башталышы керек.

Балдар жана жаштар бул маселени талкуулоого активдүү катышууну каалашат; санариптик муундун өкүлдөрү болгондуктан, алар бөлүшө ала турган баалуу тажрыйбага жана билимге ээ. Мамлекеттик кызматчылар жана адистер алардын укуктарынын сакталышын колдоо максатында онлайн чөйрө маселелери боюнча балдар жана жаштар менен үзгүлтүксүз диалогдо болушу керек.

### Интернеттин жеткиликтүүлүгү

2019-жылы дүйнө калкынын жарымынан көбү (53,6%) интернетти колдонушкан: колдонуучулардын саны болжол менен 4,1 миллиардды түзгөн. Дүйнө жүзү боюнча ар бир үчүнчү интернет колдонуучу 18 жашка чейинки бала болуп саналат[11]. Кээ бир кирешеси төмөн өлкөлөрдө бул катыш экиден бир бөлүгүнө, ал эми кирешеси жогору өлкөлөрдө бештен бир бөлүгүнө барабар. ЮНИСЕФтин маалыматы боюнча, дүйнө жүзү боюнча жаштардын 71% Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар[12]. Ошентип, балдардын жана жаштардын Интернетте болушу маанилүү, туруктуу жана өзгөрүлбөйт[13].

[11] Livingstone, S., Carr, J., and Byrne, J. (2015) One in three: The task for global internet governance in addressing children's rights. Global Commission on Internet Governance: Paper Series. London: CIGI and Chatham House, https://www.cigionline.org/publications/one-three-internet-governance-and-childrens-rights.

[12] Broadband Commission, "Child Online Safety: Minimizing the Risk of Violence, Abuse and Exploitation Online (2019)", Broadband Commission for Sustainable Development, October 2019, 84, https://broadbandcommission.org/Documents/working-groups/ChildOnlineSafety_Report.pdf.

[13] Livingstone, Carr, and Byrne, "One in Three: Internet Governance and Children's Rights".

Интернет ар кандай социалдык, экономикалык жана саясий максаттарда колдонулат, үй-бүлөгө, керектөөчү буюмга же кызматка айланат жана үй-бүлөлөрдүн, балдардын жана жаштардын жашоосунун ажырагыс атрибутуна айланып калат.

2017-жылдын маалыматтары тастыктагандай, ар кайсы аймактарда балдардын жана жаштардын Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү кирешенин деңгээлине көз каранды экенин көрсөтүп турат. Жалпысынан, кирешеси төмөн өлкөлөрдө кирешеси жогору өлкөлөргө караганда Интернетти колдонгон балдар аз.

Көпчүлүк өлкөлөрдө балдар жана жаштар дем алыш күндөрү интернетте көбүрөөк убакыт өткөрүшөт, анын ичинде өспүрүмдөр (15-17 жаш) Интернетте эң көп убакыт өткөрүшөт – ал убакыт өлкөгө жараша орто эсеп менен 2,5 сааттан 5,3 саатка чейин өзгөрөт.

### Интернетти колдонуу

Интернетке кошулуу үчүн балдар жана жаштар көбүнчө уюлдук телефонду колдонушат, экинчи жана үчүнчү орунда стационардык компьютер жана ноутбук турат. Балдар жана жаштар бир жумада күнүнө орто эсеп менен эки сааттан жана дем алыш күндөрү болжол менен эки эсе көп убакытты Интернетте өткөрүшөт. Айрымдары үзгүлтүксүз Интернетте отурушат. Бирок, дагы деле болсо үйдөн Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болбогондор аз эмес.

Иш жүзүндө, Интернетти колдонгон балдардын жана жаштардын көпчүлүгү бир нече аппараттын жардамы менен кошулушат: жумасына жок дегенде бир жолу Интернетке туташкан балдар жана жаштар үч башка аппаратты колдоно алышат. Өспүрүм курактагы балдар, ошондой эле бай өлкөлөрдөгү балдар көбүрөөк аппараттарды колдонушат, бардык изилденген өлкөлөрдө эркек балдар кыздарга караганда көбүрөөк аппараттарды колдонушат.

Кыздар жана балдар арасында Интернеттеги эң көп кездешкен иш-аракеттердин бири болуп видеолорду көрүү болуп саналат. Интернетти колдонгон балдардын жана жаштардын төрттөн үч бөлүгүнөн көбү интернеттен видеолорду жок дегенде жумасына бир жолу башка үй-бүлө мүчөлөрү менен же өз алдынча көрөрүн айтышат. Көптөгөн балдар жана жаштар социалдык активдүү колдонуучулар катары каралат, анткени алар бир эле учурда бир нече платформаларда катталган, мисалы, Facebook, Twitter, TikTok ана Instagram сыяктуу платформаларда.

Балдар жана жаштар ошол эле учурда интернетти саясатка катышуу жана өз пикирин билдирүү үчүн колдонушат.

Онлайн оюндарга катышуунун жалпы деңгээли өлкөгө жана болжол менен балдар жана жаштар үчүн интернеттин жеткиликтүүлүгүнө жараша өзгөрүп турат, Интернетти колдонгон балдардын жана жаштардын 10-30% жума сайын онлайн чөйрөсүндө чыгармачылык менен алектенишет.

Билим берүү жаатында көптөгөн балдар жана бардык курактагы жаштар жума сайын үй тапшырмаларын аткаруу, сабакты калтыргандан кийин жетишүү же ден-соолук жөнүндө маалымат издөө үчүн Интернеттен пайдаланышат. Өспүрүм балдар жеткинчек балдарга караганда маалымат издөөгө көбүрөөк кызыгышат.

## 2.3 Балдардын санариптик тажрыйбасына технологиянын таасири

Интернет жана санариптик технологиялар балдар жана жаштар үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн жана тобокелдиктердин булагы болушу мүмкүн. Мисалы, балдар үчүн социалдык тармактарды колдонууда, изилдөө, үйрөнүү, баарлашуу жана негизги көндүмдөрдү өнүктүрүү сыяктуу көптөгөн мүмкүнчүлүктөр ачылат. Айрыкча, социалдык тармактарды балдар өз инсандыгын ачууга мүмкүндүк берүүчү коопсуз чөйрөдөгү аянтча катары кабыл алышат. Купуялуулукка жана кадыр-баркка байланыштуу маселелерди чечүү боюнча тиешелүү көндүмдөргө жана билимдерге ээ болуу жаштар үчүн чоң мааниге ээ.

"Мен билемин, Биз интернетте жарыялаган нерселердин бардыгы ошол жерде түбөлүккө калат жана келечекте жашообузга таасир этиши мүмкүн" (14 жаштагы бала, Чили).

Бирок, консультация учурунда белгиленгендей, көпчүлүк балдар социалдык тармактарды минималдуу алгылыктуу куракка (бул 13 жаш) жеткенге чейин колдонушат, ал эми куракты текшерүү кызматтары начар өнүккөн же жок, ошондуктан балдар дуушар болгон тобокелдиктер көбөйүшү мүмкүн. Балдар санариптик көндүмдөрдү өздөштүрүүгө жана абийирдүү санариптик жаран болууга умтулуп, жеке жашоосунун коопсуздугуна кам көрүшсө да, алар бул маселелерди достору жана тааныштары менен байланыштырып ойлонушат: алар бейтааныш адамдарга жана үчүнчү жактарга караганда достору эмнени көрө алат деп көбүрөөк тынчсызданышат. Мунун баары, балдардын табигый кызыгуусу жана тобокелчиликке көбүрөөк дуушар болушу менен бирге, аларды груминг, эксплуатация, коркутуу же башка зыяндуу мазмундагы контент сыяктуу тобокелчиликтердин алдында алсызыраак болушу мүмкүн.

Сүрөттөрдү жана видеолорду мобилдик тиркемелер менен бөлүшүүнүн кеңири популярдуулугу, айрыкча балдардын агымдык контент платформаларын колдонуусу, алардын купуялуулугу жана мүмкүн болгон тобокелчиликтери жөнүндө кооптонууну жаратат. Айрым балдар өздөрүнүн, досторунун, бир тууган дарынын катышуусу менен сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдү тартып, интернетте бөлүшүшөт. Кээ бирөөлөр үчүн, айрыкча өспүрүм балдар үчүн, бул сексуалдуулуктун табигый көрүнүшү жана сексуалдык иденттүүлүктү издөө болушу мүмкүн, бирок башка учурларда, айрыкча, жаш балдарга тиешелүү, бул чоң кишинин же башка баланын мажбурлоосу жөнүндө маселеге айланышы мумкүн. Кандай болбосун, мындай мазмундагы контент көптөгөн өлкөлөрдө мыйзамсыз, ал баланын куугунтукка алынышына себеп болушу мүмкүн же баланы андан ары эксплуатациялоо үчүн колдонулушу мүмкүн.

Ошол сыяктуу эле, онлайн оюндар балдарга өздөрүнүн негизги укуктарын, анын ичинде ойноо, байланыш түзүү, достор менен убакыт өткөрүү, жаңы досторду табуу жана маанилүү көндүмдөрдү өнүктүрүү укугун ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Көпчүлүк учурда, бул оң тажрыйба болушу мүмкүн. Бирок, ага жоопту болгон чоң адамдардын көзөмөлүсүз жана колдоосуз онлайн оюн аянтчаларын колдонгон балдар, каржылык айла-амалдар, балдардын жеке маалыматтарын чогултуу жана акча табуу, киберкоркутуу, агрессивдүү сөздөр, зордук-зомбулук жана орунсуз байланыштар же мазмундагы контент, ошондой эле чыныгы сүрөттөрдү жана видеолорду колдонуу менен груминг же балдарга карата сексуалдык зомбулуктун же алардын сексуалдык эксплуатациясынын нормасы катары сүрөттөлгөн же көрсөтүлгөн компьютерде түзүлгөн же виртуалдык чындыкка байланыштуу сүрөттөр жана видеолорду колдонуу сыяктуу тобокелчиликтерге дуушар болушу мүмкүн.

Мындан тышкары, технологиянын өнүгүшү буюмдардын интернетин пайда кылды, ал барган сайын ар кандай буюмдарды бири-бирине туташтырууну, алардын өз ара аракеттенүүсүн жана интернеттин жардамы менен тармакташууну камтыйт. Мындай буюмдарга оюнчуктар, балдардын мониторлору жана жасалма интеллектке негизделген шаймандар кирет, бул купуялуулук жана керексиз байланыштар жагынан тобокелчиликтерди жаратышы мүмкүн.

## 2.4 Интернет чөйрөсүндө балдар дуушар болгон негизги коркунучтар

Чоң адамдар жана балдар онлайн чөйрөсүндө ар кандай тобокелчиликтерге жана коркунучтарга дуушар болушат. Бирок, балдар калктын кыйла аялуу катмары болуп саналат. Андан тышкары, балдардын айрым категориялары, мисалы, майып балдар [14] же транзиттик процесстеги балдар өзгөчө аярлуу катмарды түзүшөт. Башкаруу органдары бардык балдардын коопсуз санариптик чөйрөдө өсүп-өнүгүшү үчүн зарыл болгон нерселерди жасашы керек. Балдар аярлуу катмарды түзөт жана эксплуатациянын бардык түрлөрүнөн корголушу керек деген ой БУУнун балдардын укуктары жөнүндө Конвенциясында аныкталган.

Айрым аймактарда санариптик чөйрө балдарга чоң мүмкүнчүлүк берет, ошол эле учурда балага олуттуу зыян келтирип, анын жыргалчылыгына доо кетириши мүмкүн. Балдарга да, чоң адамдарга да карата интернет купуялуулукка кийлигишүү, туура эмес маалыматтарды таратуу же андан да жаманы порнографияга байланыштуу контентти таратуу үчүн колдонулушу мүмкүн деген кооптонуулар бар.

Бул жагынан алганда, балдар дуушар болгон тобокелдиктер менен зыяндуу таасирлерди айырмалоо маанилүү. Кээ бир белгилер боюнча тобокелдик катары каралышы мүмкүн болгон бардык иш – аракеттер кооптуу эмес жана бардык тобокелдиктер сөзсүз түрдө балдарга зыян келтирбейт-мисалы секстинг, бул жаштар тарабынан сексуалдуулугун ачуу жана мамиледе тажрыйба алуу үчүн колдонулушу мүмкүн, бул дайыма эле зыян келтирбейт.

| | **Контент**<br>**Бала (массалык өндүрүштүн) керектөөчүсү катары** | **Байланыш**<br>**Бала (чоң адамдар баштаган иш-аракеттин) катышуучу катары** | **Жүрүм-турум**<br>**Бала активдүү катышуучу (укук бузуучу / жабырлануучу) катары** |
|---|---|---|---|
| **Агрессивдүү мүнөздөгү** | Мыкаачылык / зомбулук | Куугунтуктоо / коркутуу | Коркутуу, теңтуштардын бейбаштык жүрүм-туруму |
| **Сексуалдык мүнөздөгү** | Порнографиялык материалдар | Груминг, бейтааныш адамдар менен жолуккандагы сексуалдык зомбулук | Сексуалдык асылуу, секстинг |
| **Баалуулук мүнөздөгү** | Расалык, жек көрүү сезимин күчөтүүчү контент | Идеологиялык ишеним | Колдонуучу тарабынан түзүлгөн зыяндуу котент |
| **Коммерциялык мүнөздөгү** | Жарнама, жашыруун маркетинг | Жеке маалыматты колдонуу | Кумар оюндары, автордук укугун бузуу |

**2-сүрөт: онлайн чөйрөдө балдар дуушар болгон коркунучтардын классификациясы**[15]

Маалымат булагы: Евробиримдиктин "онлайн чөйрөдөгү балдар" изилдөө тармагы (Ливингстон, Хаддон, Герциг жана Олафссон (2011)).

Санариптик доордун башталышы менен балдарды коргоого байланыштуу жаңы чакырыктар пайда болду. Балдар онлайн чөйрөдө корголгонун сезип, ал берген көптөгөн артыкчылыктардан пайдалана алышы керек.

[14] Lundy et al., "TWO CLICKS FORWARD AND ONE CLICK BACK", Report on children with disabilities in the digital environment (Council of Europe, October 2019), https://rm.coe.int/two-clicks-forward-and-one-click-back-report-on-children-with-disabili/168098bd0f.

[15] Livingstone, S., Haddon, L., Görzig, A., and Ólafsson, K. (2011). Risks and safety on the internet: The perspective of European children. Full findings. LSE, London: EU Kids Online, http://eprints.lse.ac.uk/33731/.

Башкаруу органдары зарыл мыйзамдардын кабыл алынышын, кепилдиктердин берилишин жана инструменттердин иштелип чыгышын камсыз кылышы керек, ошондо балдар коопсуз шарттарда өнүгүп, окуй алышат. Балдар онлайн чөйрөдө өздөрүнүн жүрүм-турумдарынын кесепеттерин жана коркунучтарды алдын ала аныктоо үчүн бардык зарыл болгон көндүмдөргө ээ болушу абдан маанилүү.

Интернетте балдар уюмдар, чоң адамдар жана теңтуштары тарабынан келүүчү көптөгөн коркунучтарга туш болушу мүмкүн.

## Контент жана манипуляция

- Орунсуз, атүгүл кылмыштуу мазмундагы контентке туш болгон балдар өздөрүнө зыян келтирүү, кыйратуучу жана зордук-зомбулук сыяктуу чектен чыгып кетүүго алып келген жүрүм-турумга кабылышы мүмкүн. Мындай контенттин таасири балдардын радикалдашуусуна, ошондой эле расисттик же басмырлоочу идеяларга болгон кызыгуусун өрчүтүүгө алып келиши мүмкүн. Көптөгөн балдар веб-сайттарда белгиленген курактык чектөөлөрдү сактабагандыгы баарыбызга маалым.
- Балдардын так эмес же толук эмес маалымат алуусу алардын курчап турган дүйнө жөнүндө толук көз карашын калыптандырууга жол бербейт. Колдонуучунун жүрүм-турумуна жараша контентти жекелештирүү тенденциясы балдардын ар түрдүү мазмунду керектөөгө жана өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк бербеген "маалымат көбүгүнө" алып келиши мүмкүн.
- Манипуляциялоо максатында алгоритмдик чыпкалоодон өткөн контенттин таасири баланын өнүгүүсүнө, көз караштарына, баалуулуктарына жана адаттарына олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн. Балдарды "Жаңырык бөлмөсүндө" же "маалымат көбүгүндө" изоляциялоо алардын ар кандай көз караштарга жана идеяларга жетүүсүн чектейт.

## Чоң адамдар жана курдаштары менен байланыш

Балдар чоң адамдар же курдаштары менен байланышуу учурунда ар кандай коркунучтарга туш болушу мүмкүн.

- Интернеттеги коркутуу оффлайн чөйрөсүнө караганда кеңири масштабда жана тезирээк жайылтылышы мүмкүн. Коркутуу каалаган убакта – күнү-түнү, мурун коопсуз деп эсептелген "мейкиндиктин" чектерин бузуп, жана анонимдик мүнөздө болушу мүмкүн.
- Чыныгы жашоодо жабыр тарткан балдар онлайн чөйрөсүндө да курмандыкка (виктимизацияга) кабылышы мүмкүн. Анын ичинде, майып балдар тобокелдиктерге көбүрөөк дуушар болушат, анткени изилдөөлөр көрсөткөндөй, мындай балдар ар кандай зордук-зомбулуктун курмандыгы болушат жана өзгөчө сексуалдык курмандыкка кабылышат. Курмандыкка кабылууга (Виктимизацияга) көбүнчө балдардын учурдагы же болжолдуу майыптыгына же анын майыптыгына байланыштуу аспектилерине, мисалы, жүрүм-турумуна же сүйлөө өзгөчөлүктөрүнө, жабдууларына же алар аткарган кызматтарына карата болгон коркутуулар, куугунтуктоолор, басмырлоолор кирет.
- Жалаа жабуу жана кадыр-баркка доо кетирүү, б.а. сүрөттөрдү жана видеолорду бурмалап өзгөртүп, миллиарддаган адамдарга жайылтышы мүмкүн. Негизсиз болгон ырайымсыз комментарийлер көп жылдар бою көрүүгө жеткиликтүү бойдон калышы мүмкүн.
- Балдар онлайн чөйрөсүндө ар кандай адамдар тарабынан, жакын жерде гана эмес, дүйнөнүн башка бөлүгүндө да жайгашкан жана көбүнчө өздөрүн андай эмес адам катары көрсөткөн бейбаштар тарабынан кысымга алынышы, коркутулушу жана кордолушу мүмкүн. Мындай таасир ар кандай формада болушу мүмкүн, анын ичинде радикалдашуу жана

балдарды өздөрүнүн катышуусу менен болгон сексуалдык мүнөздөгү материалдарды жөнөтүүгө мажбурлоо формасында болушу мүмкүн.

- Төлөөчүнүн уруксаты менен же уруксатысыз кысым, алдоо же мажбурлоо жолу менен сатып алууларды жүргүзүү.
- Керексиз жарнамаларга байланыштуу макулдугу менен маалыматтарды сатуу маселелери келип чыгат.

### Балдардын ар кандай кесепеттерге алып келе турган жүрүм-туруму

- Интернет чөйрөсүндөгү коркутуу өзгөчө жагымсыз же кыйратуучу кесепеттерге алып келиши мүмкүн, анткени ал кеңири масштабда, көбүрөөк пиар менен жайылып, электрондук каражаттар аркылуу таратылган контент каалаган убакта көңүл чордонунда болушу мүмкүн, натыйжада коркутуунун курмандыгы болгон адам окуяны унутуп калуу абдан кыйынга турушу мүмкүн; мындай контент дискредитациялоочу визуалдык сүрөттөрдү же адепсиз сөздөрдү камтышы мүмкүн; ал суткасына 24 саат бою жеткиликтүү болуп; электрондук байланыш каражаттары аркылуу коркутуу жумасына 7 күн 24 саат бою болуп, жабырлануучунун жеке жашоосунда, алар өздөрүн коопсуз сезиши керек болгон жерлерде да, мисалы, үйдө болушу мүмкүн; жеке маалымат бурмаланып, сүрөттөр өзгөртүлүп, андан кийин башка адамдарга да жөнөтүлүшү мүмкүн. Андан тышкары, коркутуу анонимдүү түрдө да болушу мүмкүн. Жеке маалыматтарды ачыкка чыгаруу физикалык зыянга алып келиши мүмкүн, атап айтканда онлайн чөйрөдө таанышуу чыныгы жашоодогу жолугушуулар менен коштолуп, физикалык зомбулук жана/же сексуалдык зомбулук коркунучу туулушу мүмкүн.
- Плагиат менен алектенүү жана интернетке уруксатсыз контент жүктөө аркылуу өздүк же башка адамдардын укуктарын сактабоо, атап айтканда уруксатсыз орунсуз мазмундагы сүрөттөрдү түзүү жана интернетке жайгаштыруу.
- Башка адамдардын автордук укуктарын бузуу, мисалы, интернеттен акы төлөөнүүчү музыканы, кинолорду же телекөрсөтүүлөрдү акы төлөбөстөн жүктөп алуу, анткени ал уурулуктун курмандыгына зыян келтириши мүмкүн.
- Ден-соолук, ишенимди бекемдөө, социалдык өнүгүү жана жалпы жыргалчылык үчүн маанилүү болгон социалдык иш-чараларга жана/же таза абада болгон иш-чараларга зыян келтирүү менен Интернетти жана/же онлайн оюндарын ашыкча колдонуу.
- Кимдир бирөөгө зыян келтирүү, аны куугунтуктоо же коркутуу аракеттери, анын ичинде кол салган адам өзүн башка адам, көбүнчө башка бала катары көрсөтүүсү менен коштолгон иш-аракеттер.
- Өспүрүмдөр арасында "секстинг" (уюлдук телефондор аркылуу сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдү же билдирүүлөрдү жөнөтүү) сыяктуу көрүнүш барган сайын кеңири жайылууда. Адатта, адамдар мындай сүрөттөрдү жана билдирүүлөрдү алар менен мамиледе болгон өнөктөштөрүнө же потенциалдуу өнөктөштөрүнө жөнөтүшөт, бирок кээде алар кеңири аудиторияга жеткиликтүү болот. Өспүрүмдөр мындай жүрүм-турумдун кесепеттерин жана ал алып келиши мүмкүн болгон тобокелдиктерди толук билиши күмөн.

## 2.5 Интернет чөйрөсүндөгү балдарга карата болгон зыяндын негизги булактары

Мурунку бөлүмдө балдар онлайн чөйрөсүндө туш болушу мүмкүн болгон коркунучтар жөнүндө сөз болгон. Бул бөлүмдө бул коркунучтардын натыйжасында келип чыккан зыяндар баса белгиленет.

## Зыяндын булактары

ЮНИСЕФтин Интернетти колдонуу боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрүнө ылайык, тобокелдиктер жана зыян булактарына төмөнкү категориялар кирет:

- Өзүнө зыян келтирүү:
    - суицидге байланыштуу мазмун;
    - дискриминация.

- Ылайыксыз материалдардын таасири:
    - экстремисттик / зордук-зомбулук мүнөздөгү контенттин таасири;
    - жашырылган маркетинг;
    - онлайн кумар оюндары.

Аталган тема боюнча сурамжыланган балдардын болжол менен 20 пайызы өткөн жылы адамдардын өз ден-соолугуна зыян же оору келтирип жатканыгы тууралуу веб-сайттарды же интернетте талкууларды көргөнүн айтышкан.

- Радикалдашуу:
    - пропагандалоо;
    - агрессивдүү сөздөр.

Балдар Интернеттеги агрессивдүү сөздөргө же сексуалдык мүнөздөгү контентке капа болгондугун, онлайн чөйрөдө же реалдуу дүйнөдө орунсуз мамилеге кабылганын же интернетте биринчи жолуккан адам менен бетме-бет жолукканын билдиришкен.

- Сексуалдык кыянаттык жана сексуалдык эксплуатация:
    - өз колу менен түзүлгөн контент;
    - сексуалдык максатта коркутуу;
    - балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдар;
    - адам сатуу;
    - саякаттоодо жана туризмде балдарды сексуалдык эксплуатациялоо.

2017-жылы Дания, Венгрия жана Улуу Британиядагы балдардын абалын изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй балдардын 6 пайызында алардын уруксатысыз таратылган ачык сүрөттөр табылган.

2019-жылы интернетти көзөмөлдөө фонду (IWF) балдарга карата сексуалдык зомбулук көрүнүштөрүн камтыган сүрөттөр жана видеоматериалдар жайгашкан 132 000ден ашык веб-баракчаларды аныктагп чыккан. Ар бир веб-баракчада кыянаттыктын ушул түрүн камтыган бирден миңге чейинки сүрөттөр болушу мүмкүн.

Интернеттеги зордук-зомбулук менен байланышкан тобокелдиктер, мисалы, макулдугусуз жылаңач сүрөттөрдү жана киберкоркутууларды жайылтуу, бирдей эмес гендердик динамика менен мүнөздөлөт, мында кыздар сексуалдык жүрүм-турумга карата гендердик кысымга көбүрөөк дуушар болушат, зыян келтирүүчү терс кесепеттерге дуушар болушат.

- Жеке маалыматтарга карата укук бузуулар жана аларды укук ченемсиз пайдалануу:
  - хакерлик;
  - алдамчылык жана уурулук.

Көпчүлүк адамдар алдамчылык жана хакердик иш-аракеттер менен тааныш, бирок интернеттеги баланын жеке жашоосуна кол салуу башкача мыйзам бузуу катары каралат. Чоңдор көбүнчө жаштарга туура эмес мамиле жасап, уюлдук телефондорунун мазмунун кылдат изилдеп, алардын онлайн ишмердүүлүгүн көзөмөлдөп турушат; мисалы, Бразилиядагы балдарды сурамжылоолор көрсөткөндөй, ар кандай жаштагы балдар да, кыздар да ата-энелер кыздардын интернет колдонуусун көзөмөлдөөгө көбүрөөк ыкташат деп эсептешет. Муну көбүнчө төмөнкү жагдайлар менен түшүндүрүүгө болот: алар жашаган социалдык структуралардан улам, айрыкча, коопсуздугу жагынан, онлайн жана реалдуу дүйнө менен өз ара аракеттенүүнүн ортосундагы чек ара барган сайын бүдөмүк болуп бараткан шарттарда кыздар аярлуу болушу мүмкүн экенин көрсөтүп турат.

- Киберкоркутуу, куугунтуктоо жана асылуу: теңтуштардын кастык жана зордук-зомбулук иш-аракеттери.

Чаттар жана социалдык медиа сайттары анонимдүү колдонуучулар, анын ичинде агрессивдүү же кыянаттык менен баарлашууга катышкан жаштар тарабынан зордук-зомбулукка жана коркутууларга жол ачышы мүмкүн. Европанын жети өлкөсүндө - Бельгия, Дания, Ирландия, Италия, Португалия, Румыния жана Улуу Британия – Ливингстон, Маскерони, Олафссон жана Хаддон[16] өлкөлөрүндө 2010-жылы балдардын орто эсеп менен 8 пайызы киберкоркутуунун курмандыгы болгонун, ал эми 2014-жылы балдардын 12 пайызы киберкоркутуунун курмандыгы болгонун аныкташкан.

Эң негизгиси, аялуу топтун катарына кирген балдардын киберкоркутуунун курмандыгы болуу ыктымалдуулугу абдан жогору.

### Көңүл чордонунда: теңсиздиктин күчөшү

2017-жылы Африка чөлкөмүндө балдардын 60 пайызга жакыны тармакка кире алышкан эмес, ал эми Европада алардын үлүшү 4 пайызды түзгөн. Дүйнөнүн бардык аймактарында Интернетти колдонгон эркектердин саны аялдардан көп, ал эми кыздардын интернетти колдонуусу көп учурда көзөмөлдөнөт жана чектелет. Кең тилкелүү байланыштын планетанын ага туташпаган аймактарына жайылышы менен, бул теңсиздиктин олуттуу күчөшү күтүлүүдө[17].

Компьютерлерди эмес, уюлдук телефондорду колдонгон балдар онлайн чөйрөсүндө иштөө боюнча мыкты тажрыйба ала алышпайт. Азчылыктын тилдеринде сүйлөгөн балдар көбүнчө интернеттен керектүү мазмундагы маалымат таба алышпайт, ал эми айыл жериндеги балдар сырсөздөрүнүн же каражаттарынын уурдалышына кабылышат.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, дүйнө жүзү боюнча көптөгөн өспүрүмдөр онлайн жашоого катышуудагы олуттуу тоскоолдуктарды жоюуга аргасыз болушат. Алардын көбү үчүн начар

[16] Livingstone, S., Mascheroni, G., Ólafsson, K., and Haddon, L., (2014) Children's online risks and opportunities: comparative findings from EU Kids Online and Net Children Go Mobile. London: London School of Economics and Poliical Science, www.eukidsonline.net and hYp://www.netchildrengomobile.eu/.

[17] Broadband Commission, "Child Online Safety: Minimizing the Risk of Violence, Abuse and Exploitation Online (2019)".

байланыш, туташуу тарифтеринин жана түзмөктөрдүн жол берилгис кымбаттыгы жана тиешелүү жабдуулардын жоктугу сыяктуу Интернетке кирүү көйгөйлөрү негизги тоскоолдуктар бойдон калууда.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө жеткиликтүү кең тилкелүү байланыштын жайылышы менен, балдар үчүн тобокелдиктерди жана коркунучтарды азайтуу үчүн ыкчам чараларды көрүү, ошондой эле аларга санариптик дүйнөнүн бардык артыкчылыктарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүү сыяктуу иш-чараларын көрүү зарыл.

## Көңүл чордонунда: балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдар (CSAM)

***Көйгөйдүн масштабы***

Интернет CSAMды өндүрүүнүн, бөлүштүрүүнүн жана жеткиликтүүлүгүнүн масштабын жана мүнөзүн өзгөрттү. 2018-жылы Америка Кошмо Штаттарында жайгашкан технологиялык компаниялар дүйнө жүзү боюнча балдарды сексуалдык зомбулукка дуушар кылган 45 миллиондон ашык онлайн сүрөттөр жана видеолор бар экенин билдиришкен. Бул глобалдык тармак жана аны токтотуу аракеттерине карабастан, бул кыянаттыктын масштабы жана оордугу өсүүдө.

Тарыхый жактан алганда, реалдуу дүйнөдө CSAM ды табуу кылмышкерлер үчүн олуттуу тобокелдиктер жана материалдарга жетүү үчүн чоң чыгымдар менен коштолуп келген. Интернеттин жардамы менен кылмышкерлер эми бул материалдарга салыштырмалуу оңой жетип, барган сайын алардын иш-аракеттери кооптуу болуп калууда.

Видеокамералар компакттуу болуп, жашообуздун ар бир тармагына интеграцияланып, CSAMды өндүрүү процесси жана контактсыз кыянаттыктан контент алуу болуп көрбөгөндөй жеңилдеди.

Бул жашыруун жана мыйзамсыз иш-аракеттердин так масштабын же формасын аныктоо мүмкүн эмес. Бирок, жүгүртүүдөгү мыйзамсыз сүрөттөрдүн саны миллиондогон болушу мүмкүн экени анык. Балдар менен дээрлик бардык сүрөттөр көчүрүлүп алынган. 2018-жылы IWF 2013-жылы куткарылган баланын сүрөттөрү канчалык көп чыкканын байкаган. Үч айдын ичинде талдоочулар сүрөттөрдү 347 жолу – жумасына 25 жолу байкашкан.

***Учурдагы абалы***

Зордук-зомбулукка кабылган баланын сүрөтү интернетте пайда болгон же кылмышкер жүктөгөн сайын, ал бала кайрадан эксплуатацияланат. Жабырлануучулар бул сүрөттөрдүн жашоосун улантуу жана өмүр бою жайылтуу фактысы менен жашоого аргасыз болушат.

Балдарга карата сексуалдык зомбулуктун элементтерин камтыган материал же ушул сыяктуу материалдарды камтыган веб-хостинг табылганда, материалды мүмкүн болушунча тезирээк алып салуу же бөгөттөө маанилүү. Интернеттин глобалдык табияты муну татаалдаштырат: кылмышкерлер материалды бир өлкөдө жасап, экинчи башка өлкөдө жайгаштырып, үчүнчүсүндө керектөөчүлөр үчүн таратышы мүмкүн. Комплекстүү эл аралык кызматташтыксыз улуттук ордерлерге же билдирүүлөргө ылайык иш алып баруу дээрлик мүмкүн эмес.

Санариптик дүйнөдө инновациянын ылдамдыгы кылмыш чөйрөсү дайыма өзгөрүп турат дегенди билдирет. Акыркы мезгилдерде пайда болгон негизги коркунучтарга төмөнкүлөр кирет:

- Шифрлөөнүн деңгээлин жогорулатуу чабуулчуларга жашыруун каналдар боюнча иш алып барууга жана материалдарды бөлүшүүгө мүмкүндүк берет, ошону менен аларды аныктоо жана укук коргоо иштери татаалдашат.

- Балдарды коркутууга багытталган форумдар интернеттин жабык бурчтарында жашап келет, адатта кошулуу мүмкүнчүлүгү үчүн жаңы мазмунду жүктөп алууну талап кылуу менен мындай жүрүм-турумдар нормалдуу көрүнүшкө айланып жана кубатталып келет.
- Интернеттин тез жайылышы колдонуучуларга комплекстүү коргоо стратегиясын же тиешелүү инфраструктураны иштеп чыгуу/ишке ашыруу керек болгон аймактарда интернет тармагына кирүүгө мүмкүндүк берет.
- Балдар барган сайын өтө жаш кезинде аппараттарды көзөмөлсүз колдонушат жана онлайн чөйрөдө сексуалдык жүрүм-турум нормалдуу адатка айланып баратат. Өз колу менен жасалган сүрөттөрдү кыянаттык менен пайдаланган учурлардын саны жыл сайын өсүүдө.

### Көңүл чордонунда: өз колу менен түзүлгөн контент

Балдар жана өспүрүмдөр айыптоочу сүрөттөрдү же видео жазууларды жасай алышат. Мындай жүрүм-турум сөзсүз түрдө мыйзамга каршы келбейт жана кадимки, дени сак сексуалдык өнүгүүнүн чегинде болушу мүмкүн, бирок балдарга зыян келтирүү же кысым көрсөтүү максатында ушул сыяктуу ар кандай контент онлайн чөйрөдө же реалдуу дүйнөдө жайылтылышы мүмкүн. Кээ бир балдар аларга карата болгон кысым же мажбурлоонун аркасында сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрүн бөлүшсө, башкалары (айрыкча өспүрүмдөр) сексуалдык контентти атайы бир максат үчүн жаратышы мүмкүн. Бул алар бул сүрөттөрдү кыянаттык менен пайдаланууже эксплуатациялоо максатында колдонууга жана/же жайылтууга макулдугун беришет же ал үчүн жоопкерчилик алышат дегенди билдирбейт.

Секстинг "сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдү өз алдынча өндүрүү"[18] , "сексуалдык мүнөздөгү билдирүүлөр же сүрөттөр менен бөлүшүү" же "уюлдук телефон жана/же интернет аркылуу жылаңач же дээрлик жылаңач сүрөттөрдү камтыган адепсиз сүрөттөрдү түзүү, жөнөтүү же жөнөтүү" деп аныкталат[19]. Секстинг - бул өз алдынча түзүлгөн ачык сексуалдык мазмундагы контенттин формасы[20] болуп саналат жана бул практика "контексти, мааниси жана максаты боюнча ар түрдүүлүккө ээ"[21] .

Секстинг, балким, балдардын өздөрү чыгарган ачык сексуалдык мазмундагы контенттин эң кеңири таралган формасы болуп саналат жана көбүнчө өспүрүмдөрдүн макулдугу менен болот, бирок бир жактын макулдугусуз тараган секстингдин көптөгөн түрлөрү да бар. Мында иш-аракеттин макулдук элементи жок аспектилери жөнүндө кеп козголуп жатат, мисалы, алар каалабаган ачык сүрөттөрдү, видеотасмаларды же билдирүүлөрдү белгилүү же белгисиз адамдар тарабынан бала менен байланышуу, ага кысым көрсөтүү же аны эркелетүү максатында жөнөтүү же алар менен бөлүшүү иш-аракеттери саналат. Секстинг ошондой эле сексуалдык кысымдын бир түрү болушу мүмкүн, анда балага сүрөттү жигитке/досуна/курбусуна жөнөтүүгө кысым көрсөтүлүп, андан кийин макулдук албастан теңтуштарына таратат.

[18] Karen Cooper et al., "Adolescents and Self-Taken Sexual Images: A Review of the Literature", Computers in Human Behaviour 55 (February 2016): 706–16, https://doi.org/10.1016/j.chb.2015.10.003.

[19] Jessica Ringrose et al., "A Qualitative Study of Children, Young People and "Sexting": A Report Prepared for the NSPCC" (London, UK: National Society for the Prevention of Cruelty to Children, 2012), http://doi.wiley.com/10.1046/j.1365-2206.1997.00037.x.

[20] UNODC, "Study on the Effects of New Information Technologies on the Abuse and Exploitation of Children" (Vienna: UN, 2015), https://www.unodc.org/documents/Cybercrime/Study_on_the_Effects.pdf.[3] UNODC, Study on the Effects of New Information Technologies on the Abuse and Exploitation of Children, p. 22.

[21] Cooper et al., "Adolescents and Self-Taken Sexual Images".

### Көңүл чордонунда: киберкоркутуу

Коркутуу, кысымга алуу көрүнүштөрү интернеттен мурун эле пайда болгон, бирок онлайн чөйрөсүндө тараган коркутуунун масштабы жана үзгүлтүксүздүгү жабырлануучулар үчүн жагымсыз жана көп учурда зыяндуу тажрыйбаны күчөтүшү мүмкүн. Киберкоркутуу компьютерлерди, уюлдук телефондорду жана башка электрондук шаймандарды колдонуу аркылуу атайылап жана кайра-кайра жасалган зыян келтирүү катары аныкталат. Ал көбүнчө мектепте же башка жерде болуп жаткан чыныгы дүйнөдөгү коркутуу менен катарлаш жүрөт, ага кошумча расисттик, диний же сексисттик аспектилерге ээ болушу мүмкүн жана онлайн чөйрөсүндө келтирилген зыяндын уландысын билдирет мисалы, аккаунтту бузуу, сүрөттөрдү жана видеолорду Интернетте жайылтуу, ошондой эле адепсиз билдирүүлөрдүн жана контенттин үзгүлтүксүз таратылып турушу сыяктуу көрүнүштөрдү камтыйт. Эреже катары, бул кылмыш-жаза жоопкерчилигинин элементтери жок социалдык мүнөздөгү көйгөй жана киберкоркутуу феноменине каршы күрөшүү стратегиясы мектептерди, үй-бүлөлөрдү жана биринчи кезекте балдардын өзүн камтыган комплекстүү мамилени талап кылат.

### Көңүл чордонунда: онлайн чөйрөдө груминг жана сексуалдык мажбурлоо

Акыркы жылдары технологиянын тез өнүгүшү жана Интернетке жана санариптик байланышка жеткиликтүүлүктүн кеңейиши менен, Интернетте балдарга каршы кылмыш иштерин жүргүзүү коркунучу сөзсүз түрдө өсүүдө. Интернеттеги балдарды сексуалдык эксплуатациялоонун ушул жаңы түрлөрүнүн катарына онлайн чөйрөсүндөгү балдарга карата груминг жана сексуалдык мажбурлоо кирет. Интернеттеги груминг чоң кишинин бала менен (18 жашка чыга элек) достук мамилесин түзүү жана ошол бала менен байланышты же байланышсыз сексуалдык өз ара аракеттенүүнү жеңилдетүү үчүн интернет же башка санариптик технологияларды колдонуу аркылуу балага таасир этүү процессин билдирет. Груминг процессинде, кылмышкер сырды сактоо жана табылбоо жана жазаланбоо үчүн бала тарабынан көрсөтмөлөрдүн аткарылуусуна жетишет[22]. Курдаштардын ортосунда кыянаттык учурлардын да орун алаарын моюнга алуу маанилүү.

Интерполдун маалыматы боюнча, интернет оңой жеткиликтүү потенциалдуу максаттардын көптүгүнөн жана грумерлердин бала үчүн жагымдуу көрүнүү мүмкүнчүлүгүнөн улам грумингди ишке ашырууну жеңилдетет. Интернет чөйрөсүндө балдарды сексуалдык эксплуатациялоо менен алектенген кылмышкерлер манипуляцияны, мажбурлоону жана азгырууну колдонуп, тоскоолдуктарды жеңип, балдарды сексуалдык мүнөздөгү иш-аракеттерге азгырышат. Грумер аялуу потенциалдуу жабырлануучуну алдын ала аныктап, баланын үй-бүлөсүнүн абалы жөнүндө маалымат чогултат жана баланы сексуалдык эксплуатациялоо үчүн балага кысым же анын уялуу/коркуу сезимин колдонот. Грумерлер чоңдордун порнографиялык материалдарын, ошондой эле балдарга карата зомбулук же эксплуатациялоо элементтерин камтыган материалдарды колдонуп, баланын сексуалдык мүнөздөгү иш-аракеттерге катышуусун табигый жана кадыресе көрүнүш катары көрсөтүп, жабырлануучулардын каршылык кылуучу жүрүм-турумуна тоскоол болушат. Интернет адамдардын бири-бири менен болгон мамилесин өзгөртүп, "дос"түшүнүгүнө жаңы аныктама берди. Грумер онлайн чөйрөсүндө бала менен оңой жана тез достошо алат, бул бейтааныш адамдардан келип чыккан коркунучтар жөнүндө салттуу билим берүү билдирүүлөрүн кайрадан карап чыгууга алып келет.

Онлайн чөйрөсүндөгү груминг биринчи жолу Европа Кеңешинин балдарды сексуалдык эксплуатациядан жана сексуалдык зомбулуктан коргоо боюнча Конвенциясында (Лансарот

[22] International Centre for Missing & Exploited Children, "Online Grooming of Children for Sexual Purposes: Model Legislation & Global Review", 1st Edition (International Centre for Missing & Exploited Children, 2017), https://www.icmec.org/wp-content/uploads/2017/09/Online-Grooming-of-Children_FINAL_9-18-17.pdf.

конвенциясы) расмий түрдө 2007-жылдагы эл аралык укуктук документинде таанылган. 23-берене "сексуалдык мүнөздөгү максатта балдарды куугунтуктоо" кылмышы үчүн кылмыш жоопкерчилигин белгилейт, мында сексуалдык мүнөздөгү кылмыш жасоо максатында бала менен жолугушуу, андан кийин "мындай жолугушууну өткөрүүгө багытталган практикалык иш-аракеттер" каралат. Көпчүлүк учурларда, балдар онлайн чөйрөсүндө сексуалдык зомбулукка жана сексуалдык эксплуатацияга дуушар болушат – Лансарот конвенциясында жана учурдагы көптөгөн улуттук мыйзамдарда каралган "жолугушуулар" толугу менен виртуалдык мүнөздө болгону менен, бирок балага чыныгы жолугушуу сыяктуу эле зыян келтирет. Груминг үчүн кылмыш жоопкерчилиги "сексуалдык зомбулук бетме-бет жолугушуунун натыйжасы эмес, онлайн режиминде жасалган учурлардагыдай" эле өтө маанилүү[23].

Сексуалдык мажбурлоо онлайн чөйрөсүндөгү груминдин бир бөлүгү же өз алдынча кылмыш катары каралышы мүмкүн[24]. Сексуалдык мажбурлоо онлайн чөйрөсүндөгү грумингден өзүнчө бөлүнүп турушу мүмкүн, бирок айрым учурларда онлайн чөйрөсүндөгү сексуалдык опузалоого алып келиши мүмкүн[25]. Сексуалдык мажбурлоо онлайн чөйрөсүндөгү груминдин контекстинде болушу мүмкүн, анткени грумер баланы манипуляциялап жана ага таасир этип, коркутуп-үркүтүп, сексуалдык мүнөздөгү (өзү түзгөн контент) сүрөттөрүн жөнөтүүгө мажбурлайт[26].

Эгерде жабырлануучу талап кылынган сексуалдык кызматтарды, кошумча интимдик сүрөттөрдү, акчаны же башка кызматтарды көрсөтпөсө, алардын сүрөттөрү баланы басынтуу, кабатырлантуу же сексуалдык мүнөздөгү дагы кошумча контентти түзүүгө мажбурлоо максатында интернетке жайгаштырылышы мүмкүн[27].

Жабырлануучуларга карата келтирилген окшош эмоционалдык жана психологиялык кесепеттерден улам, сексуалдык мажбурлоо "сексуалдык мүнөздөгү виртуалдык зомбулук аракети" катары классификацияланат [28]. Айрым учурларда, иш-аракет ушунчалык оор болгондуктан, жабырлануучулар кыянаттыкка жол бербөө үчүн өзүлөрүнө зыян келтирүүгө же өз жанын кыюуга аракет кылышкан.

Айрым учурларда, иш-аракет ушунчалык оор болгондуктан, жабырлануучулар кыянаттыкка жол бербөө үчүн өзүлөрүнө зыян келтирүүгө же өз жанын кыюуга аракет кылышкан.

---

23 Lanzarote Committee, Committee of the Parties to the Council of Europe Convention on the protection of children against sexual exploitation and sexual abuse, Solicitation of children for sexual purposes through information and communication technologies (grooming), Opinion on Article 23 of the Lanzarote Convention and its explanatory note, Jun. 17, 2015, at https://edoc.coe.int/en/children-s-rights/7064-lanzarote-committee-opinion-on-article-23-of-the-lanzarote-convention-and-its-explanatory-note.html (last visited Nov. 6, 2019).

24 National Center for Missing and Exploited Children (NCMEC), Sextortion, at http://www.missingkids.com/theissues/onlineexploitation/sextortion (last visited Nov. 6, 2019).

25 Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, Interagency Working Group in Sexual Exploitation of Children, Luxembourg, Jan. 28, 2016, D.4iii, 27–28, at http://luxembourgguidelines.org/english-version.

26 Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, Interagency Working Group in Sexual Exploitation of Children, Luxembourg, Jan. 28, 2016, D.4iii, 27–28, *at* http://luxembourgguidelines.org/english-version.

27 Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse, Interagency Working Group in Sexual Exploitation of Children, Luxembourg, Jan. 28, 2016, D.4iii, 27–28, *at* http://luxembourgguidelines.org/english-version.

28 Benjamin Wittes et al., "Sextortion: Cybersecurity, Teenagers, and Remote Sexual Assault" (Brookings Institution, May 11, 2016), https://www.brookings.edu/wp-content/uploads/2016/05/sextortion1-1.pdf.

Европол белгилегендей, балдарга таасир эткен сексуалдык мажбурлоонун масштабын баалоо үчүн маалымат чогултуу татаал жана анын масштабы өтө төмөн бааланышы мүмкүн[29]. Мындан тышкары, онлайн чөйрөсүндөгү груминдин жана сексуалдык мажбурлоонун жалпы терминологиясынын жана аныктамаларынын жоктугу так маалыматтарды чогултууга жана дүйнө жүзүндөгү көйгөйлөрдүн чыныгы масштабын түшүнүүгө тоскоол болуп жатат.

## 2.6 Аярлуу абалда калган балдар

Балдар жана жаштар ар кандай себептерден улам аярлуу абалда болуп калышы мүмкүн. 2019-жылы жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй "санариптик чөйрөдө аярлуу абалда турган балдар менен жаштардын жашоосу чыныгы жашоодогу алардын жагымсыз абалы менен шартталган өзгөчө жана кунт коюу менен каралган мамиле менен коштолбойт. Андан тышкары, отчетто "эң жакшы дегенде, алар [балдар жана жаштар] атайын жардамга муктаж болуп турганын карабастан онлайн чөйрөсүндө башка балдар жана жаштар сыяктуу эле жалпы коопсуздук кеңештерин алышат" деп айтылат.

Бул жерде аялуу абалдагы балдардын үч өзгөчө категориясы каралат (мигрант балдар, аутизм оорусу бар балдар жана майып балдар), бирок алардын саны алда канча көп.

### Мигрант балдар

Мигранттардын чөйрөсүнөн келген балдар жана жаштар көбүнчө белгилүү бир социалдык-маданий тажрыйба жана күтүүлөр менен өлкөгө келишет (же ал жакта жашашат). Бирок технологиянын адаттагыдай эле байланышты түзүүнүн жана коомдук катышуунун фактору катары каралганына карабастан, онлайн чөйрөсүндөгү тобокелдиктердин жана мүмкүнчүлүктөрдүн деңгээли шарттарга жараша бир топ өзгөрүшү мүмкүн. Мындан тышкары, эмпирикалык жол менен алынган маалыматтар жана практикалык изилдөөлөр жалпысынан санариптик каражаттардын маанилүү ролун даана тастыктап турат:

- Алар (жаңы өлкөгө көчүп барууда) багыт берүү максатында маанилүү ролго ээ;
- Бул кабыл алуучу өлкөнүн коому/маданияты жөнүндө маалымат алууда жана өздөштүрүүдө маанилүү каражаттардын бири болуп саналат;
- Социалдык тармактар үй-бүлө жана теңтуштар менен байланышты орнотуу жана жалпы маалыматка жетүү үчүн негизги ролду ойной алат.

Көптөгөн оң жактары менен катар, санариптик каражаттар мигранттар үчүн кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн:

- Инфраструктура: мигрант балдар жана жаштар интернетти коопсуз жана купуялуулукту сактоо менен колдоно алышы үчүн, коопсуз онлайн мейкиндигин түзүү жөнүндө ойлонуу маанилүү.
- Ресурстар: мигранттар акчанын көбүн алдын ала төлөнүүчү телефон карталарына коротушат.
- Интеграция: технологияга жетүү менен бирге мигрант балдарга жана жаштарга да жакшы санариптик билим керек.

### Аутизм спектринин бузулушу менен ооруган (ASD) балдар

[29] Europol, "Online Sexual Coercion and Extortion as a Form of Crime Affecting Children: Law Enforcement Perspective" (European Cybercrime Centre, May 2017), https://www.europol.europa.eu/sites/default/files/documents/online_sexual_coercion_and_extortion_as_a_form_of_crime_affecting_children.pdf.

Аутистикалык спектр DSM-5 жүрүм-турумдук диагностикалык классификациянын эки негизги багытын камтыйт:

- чектелген жана кайталануучу жүрүм-турум ("монотондуулукка муктаждык");
- пикир алмашуу жана социалдашуу кыйынчылыктары;
- интеллектуалдык майыптык, тил жана ушул сыяктуу көйгөйлөр менен айкалышкан белгилери.

Технологиялар жана интернет балдарга жана жаштарга билим алуу, баарлашуу жана ойноо үчүн чексиз мүмкүнчүлүктөрдү берет. Бирок, артыкчылыктар менен катар, аутизм менен ооруган ден-соолугу начар балдар жана жаш адамдар үчүн олуттуу сандагы тобокелдиктер көп:

- Интернет аутизм менен ооруган балдарга жана жаштарга социалдашуу жана чыныгы жашоодо жете албаган өзгөчө кызыкчылыктарды ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн бере алат.
- Башка адамдардын ниетин түшүнүүдөгү кыйынчылыктар сыяктуу социалдык мүнөздөгү көйгөйлөр бул топтун мүчөлөрүн жаман ниеттеги "достордун" алдында алсыз кылып коюшу мүмкүн.
- Онлайн чөйрөдө пайда болгон көйгөйлөр аутизмдин негизги мүнөздүү белгилери менен шартталган: конкреттүү жана так көрсөтмөлөр бул адамдардын онлайн чөйрөгө ыңгайлашуусуна өбөлгө түзүшү мүмкүн, бирок алардын негизги көйгөйлөрү сакталып кала берет.

## Майыптыгы бар балдар

Майыптыгы бар балдар майыптыгы жок балдар сыяктуу эле онлайн чөйрөдө тобокелчиликтерге туш болушат, бирок андан тышкары, алардын майыптыгы менен байланышкан өзгөчө тобокелдиктерге туш болушу мүмкүн. Майып балдар өз замандаштары менен байланышуу үчүн маргиналдашууга, стигматизацияга жана тоскоолдуктарга (физикалык, экономикалык, социалдык, ошондой эле башкалардын мамилесине байланыштуу) туш болушат. Ушул сыяктуу тажрыйбалар майыптыгы бар баланын интернет чөйрөсүндөгү социалдык карым-катнашка жана достошууга умтулуусуна өбөлгө түзүшү мүмкүн, бул оң натыйжа берип, өзүн-өзү сыйлоо сезимин көтөрүп, колдоо тармактарына алып келиши мүмкүн. Ошону менен бирге, мындай иш-аракеттер балдарга жана жаштарга карата груминг, онлайн чөйрөсүндөгү сексуалдык мүнөздөгү иш-аракеттер жана/же сексуалдык мажбурлоо сыяктуу тобокелчиликтердин жогорулашына алып келиши мүмкүн. Изилдөөлөргө ылайык, чыныгы дүйнөдө көпөгөн кыйынчылыктарга, ошондой эле психологиялык мүнөздөгү көйгөйлөргө туш болгон балдар жана жаштар ушул сыяктуу окуяларга кабылуу коркунучу жогору[30].

Жалпысынан алганда, чыныгы дүйнөдө жабыр тарткан балдар онлайн чөйрөсүндө деле жабыр тартышы ыктымал. Демек, майыптыгы бар балдар онлайн чөйрөсүндө тобокелге көбүрөөк кабылышат, бирок ошону менен бирге алар онлайн чөйрөсүнө көбүрөөк муктаж болушат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, майып балдар көп учурда ар кандай түрдөгү зордук-зомбулуктун[31]

[30] Andrew Schrock et al., "Solicitation, Harassment, and Problematic Content", *Berkman Center for Internet & Society, Harvard University*, December 2008, 87, https://cyber.harvard.edu/sites/cyber.law.harvard.edu/files/ISTTF-LitReviewDraft_0.pdf.‘

[31] Katrin Mueller-Johnson, Manuel P. Eisner, and Ingrid Obsuth, "Sexual Victimization of Youth with a Physical Disability: An Examination of Prevalence Rates, and Risk and Protective Factors", *Journal of Interpersonal Violence* 29, № 17 (November 2014): 3180–3206, https://doi.org/10.1177/0886260514534529.

жана өзгөчө сексуалдык виктимизациянын[32] курмандыгы болуп калышат. Виктимизация баланын иш жүзүндө же болжолдуу майыптыгына, ошону менен бирге майыптыкка байланыштуу аспектилерине, мисалы, алардын жүрүм-турумуна же сүйлөө өзгөчөлүктөрүнө, ал колдонгон жабдууларга же кызматтарына негизделген коркутуу, куугунтуктоо, четтетүү жана басмырлоо сыяктуу иш-аракеттерди камтыйт.

Майып балдарга жана жаштарга карата груминг, онлайн чөйрөсүндөгү сексуалдык мүнөздөгү иш-аракеттер жана/же сексуалдык мажбурлоо сыяктуу укук бузууларды жасагандардын арасында, алардын курмандыктары катары балдарды жана жаштарды тандап алган укук бузуучулар гана эмес, дал майыптыгы бар балдарды жана жаштарды тандап алгандар да болушу мүмкүн. Мындай мыйзам бузуучуларга "девоти" деп аталган адамдар, башкача айтканда майып адамдарга (эреже катары, буту-колу кесилгендерге же мобилдүүлүктү жеңилдетүүчү каражаттардын жардамы менен көчүп жүргөндөргө) сексуалдык жактан кызыккан майыптыгы жок адамдар кирет, алардын айрымдары өздөрүн майыптыгы бар адам деп эсептешет[33]. Ушул сыяктуу адамдар майыптыгы бар балдардын жана жаштардын (эч бир зыяндыгы жок) сүрөттөрүн жана видеолорун жүктөө жана/же аларды атайын түзүлгөн форумдар жана социалдык тармактар аркылуу жайылтуу сыяктуу иш-аракеттерди жасашат. Форумдардагы жана социалдык тармактардагы маалымдоо механизмдери көбүнчө мындай иш-аракеттерди токтотууга мүмкүнчүлүк бере албайт.

"Шарентинг" (англисче. «sharenting» – ата-энелердин балдарынын маалыматтарын жана сүрөттөрүн интернетке жайгаштыруусу) баланын жеке жашоого болгон укугун бузуп, груминг сыяктуу көрүнүштөргө, ыңгайсыз жагдайларга алып келиши же кийинки жашоого терс таасирин тийгизиши мүмкүн[34]. Майыптыгы бар балдардын ата-энелери кээде мындай маалыматты жардам же кеңеш издеп бөлүшүп, натыйжасында майыптыгы бар балдарына карата терс кесепеттерге жолугушу мүмкүн.

Кээ бир майыптыгы бар балдар онлайн аянтчаларын колдонууда жеткиликтүү эмес дизайн (мисалы, тексттин көлөмүн өзгөртүүгө жол бербеген тиркемелер), атайын мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу (мисалы, экранды окуу программасы же адаптацияланган компьютердик башкаруу) же тиешелүү колдоого муктаж болуу (мисалы, социалдык карым-катнашта ориентацияга жардам берүү ирээтиндеги жабдууларды колдонууну үйрөнүү[35]) сыяктуу кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн.

Келишим түзүү же шарттарды кабыл алуу учурунда кол коюу менен, майыптыгы бар балдар кээде чоң адамдар да түшүнө албаган юридикалык шарттарды кабыл алуу менен байланышкан тобокелчиликтерге туш келүү коркунучу абдан жогору.

---

[32] Katrin Mueller-Johnson, Manuel P. Eisner, and Ingrid Obsuth, "Sexual Victimization of Youth with a Physical Disability: An Examination of Prevalence Rates, and Risk and Protective Factors", *Journal of Interpersonal Violence* 29, № 17 (November 2014): 3180–3206, https://doi.org/10.1177/0886260514534529.

[33] Richard L Bruno, "Devotees, Pretenders and Wannabes: Two Cases of Factitious Disability Disorder", *Sexual and Disability* 15, № 4 (1997): 18, https://link.springer.com/content/pdf/10.1023/A:1024769330761.pdf.

[34] UNICEF, "Child Privacy in the Age of Web 2.0 and 3.0: Challenges and Opportunities for Policy", Innocenti Discussion Paper 2017-03 (UNICEF, Office of Research-Innocenti), дата обращения: 16 января 2020 года, https://www.unicef-irc.org/publications/pdf/Child_privacy_challenges_opportunities.pdf.

[35] Бул укуктар боюнча көрсөтмөлөр майыптар укуктары Конвенциясынын сөз эркиндиги жана маалыматка жетүү эркиндиги жөнүндө 9-беренесинде жана 21-беренесинде көрсөтүлгөн..

## 2.7 Балдардын онлайн чөйрөсүндөгү тобокелдиктерди кабылдоосу

Балдар дүйнө жүзү боюнча зордук-зомбулукка кабылуу, орунсуз контент, товарларга жана кызматтарга жетүү сыяктуу тобокелдиктерге; продукцияны ашыкча колдонуу; маалыматтарды коргоо жана жеке жашоонун купуялуулугун сактоо сыяктуу маселелерге көп көңүл бурушат[36].

Өспүрүмдөр алардын санариптик технологиялар менен өз ара аракеттенүүгө байланыштуу бир катар көйгөйлөрүн билдиришет. Аларга интернет тармагы аркылуу бейтааныш адамдар менен иштешүү коркунучу, орунсуз контентке жетүү же зыяндуу программаларга же вирустарга кабылуу сыяктуу кеңири талкууланган интернет чөйрөсүндөгү коопсуздук маселелери кирет, ал эми дагы башка көйгөйлөрдүн катарын алардын технологияга жетүүсүндөгү ишенимдүүлүк: ата-энелердин алардын интернеттеги "жеке жашоосуна" кийлигишүүсү, санариптик сабаттуулук көндүмдөрү[37] сыяктуу көйгөйлөр толуктайт.

EU Kids Online изилдөөсү көрсөткөндөй, порнография жана зордук-зомбулукту камтыган контент Европадагы онлайн чөйрөдөгү балдардын негизги көйгөйлөрү болуп саналат. Жалпысынан алганда, эркек балдарды зордук-зомбулукка байланышкан көйгөйлөр көбүрөөк тынчсыздандырса, ал эми кыздарды байланышууга байланыштуу тобокелдиктер көбүрөөк тынчсыздандырат [38] . Тобокелдиктерге тынчсыздануу сезими "активдүү пайдаланган, тобокелдиги жогору"өлкөлөрдөгү балдар арасында жогору.

Латын Америкасында балдар менен кеңешүүнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, тынчсыздануунун жараткан негизги көйгөйлөрдүн катарына жеке жашоого кийлигишүү, зордук-зомбулук жана куугунтуктоо сыяктуу тобокелчиликтер кирет [39] . Балдар айрыкча онлайн оюндарын ойноо учурунда тааныш эмес адамдар менен байланышкандыгын билдиришкен. Мындай кырдаалда, негизги стратегиянын бири катары, бейтааныш адамга жооп бербөө жана / же байланышты бөгөттөө саналат. Кыздар жаш кезинен эле социалдык тармактарда куугунтукка кабылышат. Алар өз алдынча мындай колдонуучуларды бөгөттөө жана купуялуулугун башкаруу параметрлерин өзгөртүү менен зомбулуктун бул түрлөрүн башкара алышат. Куугунтуктоо кээде аталган тилде сүйлөбөгөн, бирок аларга сүрөттөрдү жөнөтүп, дос катары баарлашууну суранып, постторуна комментарий берген колдонуучулардан келип чыгат.

Дүйнөнүн көп жерлеринде балдар Интернетте туш болгон кээ бир тобокелдиктер жөнүндө жакшы түшүнүшөт [40] . Изилдөөлөр көрсөткөндөй, көпчүлүк балдар киберкоркутууну онлайн чөйрөсүндөгү тамашалардан жана шылдыңдоодон айырмалай алышат, анткени кибер коркутуу коомдук өлчөмгө ээ жана зыян келтирүүгө багытталган[41].

---

[36] Amanda Third et al., "Children’s Rights in the Digital Age" (Melbourne: oung and Well Cooperative Research Centre, September 2014), http://www.uws.edu.au/__data/assets/pdf_file/0003/753447/Childrens-rights-in-the-digital-age.pdf.

[37] Amanda Third et al., "Young and Online: Children’s Perspectives on Life in the Digital Age", The State of the World’s Children 2017 Companion Report (Sydney: Western Sydney University, 2017). The report summarized the views of 490 children aged 10–18, from 26 different countries speaking 24 official languages.

[38] Livingstone, S. (2014) EU Kids Online: Findings, methods, recommendations. LSE, London: EU Kids Online, https://lsedesignunit.com/EUKidsOnline/.

[39] Conectados al Sur network, "Hablatam".

[40] С 2016 года МСЭ проводит консультации по тематике COP с участием детей и представляющих заинтересованные стороны взрослых, затрагивая такие вопросы, как кибертравля, цифровая грамотность и деятельность детей в сети.

[41] UNICEF, "Global Kids Online Comparative Report (2019)".

# 3 Онлайн чөйрөдө балдарды коргоо боюнча улуттук стратегияны даярдоо

Онлайн чөйрөсүндө балдардын жана жаштардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн балдарды онлайн чөйрөсүндө коргоонун улуттук стратегиясын иштеп чыгууда, улуттук өкмөттөр жана саясатчылар мыкты тажрыйбаларды аныктап, негизги кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттениши керек.

Төмөнкү бөлүмдөрдө типтүү катышуучулар жана кызыкдар тараптар, ошондой эле алардын онлайн чөйрөсүндө балдарды коргоо боюнча потенциалдуу ролу жана мүмкүн болгон милдеттери баяндалган.

## 3.1 Катышуучулар жана кызыкдар тараптар

Саясатчылар өз компетенциясынын чегинде ушул структуралардын жана кызыкдар тараптардын ар биринин өкүлү катары ылайыктуу адамдарды, топторду жана уюмдарды аныктай алышат. Онлайн чөйрөсүндө балдарды коргоо стратегиясынын алкагында улуттук деңгээлдеги иш-чараларды координациялоо жана уюштуруу үчүн учурдагы, пландаштырылган жана потенциалдуу иш-чараларга баа берүү маанилүү.

### Балдар жана жаштар

Дүйнө жүзү боюнча балдар жана жаштар жаңы технологияларга оңой эле көнүп, колдоно аларын көрсөтүштү. Интернеттин мектептер үчүн мааниси өсүп, ал балдар ойноп, иштеп жана баарлаша турган аянтчага айланууда.

«ChildFund» альянсынын акыркы отчетуна ылайык, сурамжылоого катышкан балдардын 18,1 пайызы гана саясатчылар аларды коргоо максатында иш алып барышат деп эсептешет. Бул жагынан саясатчылардын балдар менен өз ара аракеттенүүсү, алардын пикрин угуу укугун таануусу маанилүү болуп саналат (КПР, 12-беренеси).

Балдарды коргоо максатында, саясатчылар бардык укуктук документтерде "бала" деген түшүнүктү стандартташтырышы керек. Бала деп 18 жашка чыга элек ар бир жаранды түшүнөбүз. Бул БУУнун Баланын укуктары жөнүндө Конвенциясынын (БУУ КПР) 1-беренесинде аныкталган, анда "бала 18 жашка чыга элек адам дегенди билдирет"деп жазылган. Компаниялар 18 жашка чыга элек ар бир адамды, башкача айтканда маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук берүү үчүн мыйзамдуу түрдө жетилген адамды чоң адам катары эсептешине жол бербөө керек. Мындай тар аныктама баланын өнүгүү этаптарына байланыштуу эч кандай далилдер менен тастыкталган эмес. Ал балдардын укугун бузат жана алардын коопсуздугуна коркунуч келтирет.

Көптөгөн балдар технологияны ишенимдүү колдонгону менен, Интернет тармагында өздөрүн коопсуз[42] сезишпейт жана алардын интернетке байланыштуу кээ бир кооптонуулары[43] бар.

Балдардын жана жаштардын дүйнөдө жашоо тажрыйбасынын жетишсиздиги аларды ар кандай тобокелдиктерге дуушар кылышы мүмкүн. Алар жардам жана коргоону алууга укуктуу. Ошондой эле, бардык эле балдар жана жаштар Интернетти же жаңы технологияларды бирдей

[42] ChildFund Alliance, "VIOLENCE AGAINST CHILDREN AS EXPLAINED BY CHILDREN", Save Voices Big Dreams, 2019, https://childfundalliance.org/zdocs/a9357061-749f-4ebf-a1e9-b1aee81cb216/SVBD-THE_REPORT-digital.pdf.

[43] Council of Europe, "It's Our World: Children's Views on How to Protect Their Rights in the Digital World", Report on child consultations (Council of Europe, Children's Right Division, October 2017), https://rm.coe.int/it-s-our-world-children-s-views-on-how-to-protect-their-rights-in-the-/1680765dff.

колдоно бербесин унутпоо керек. Физикалык же башка мүмкүнчүлүктөрдүн чектелгендигинен улам өзгөчө муктаждыктары бар айрым балдар онлайн чөйрөсүндө өзгөчө аялуу болуп калышы мүмкүн, ошондуктан кошумча колдоого муктаж болушат.

Байкоолор көрсөтүп тургандай, балдар менен жаштардын интернетте эмне кылып жатканы жана ал жерде эмне болуп жатканы чоң адамдар ойлогон ойго такыр дал келбеши мүмкүн. Сурамжылоого катышкан балдардын жарымы өз өлкөсүндө чоң адамдар аларды кызыктырган маселелер боюнча алардын пикири менен эсептеше албай турганын айтышкан[44]. Ушул себептен, бул жаатта саясатты иштеп чыгуу үчүн улуттук деңгээлде кандай гана чаралар көрүлбөсүн, бардык балдардын жана жаштардын үнүн угушу үчүн тиешелүү механизмдер табылышы жана алардын технологияны колдонуу боюнча конкреттүү тажрыйбасы эске алынышы маанилүү.

## Ата-энелер, камкорчулар жана тарбиячылар

Ата-энелер, камкорчулар жана тарбиячылар көп убактыларын балдар менен өткөрүшөт. Алар онлайн чөйрөнү жакшы түшүнүү үчүн жана балдарды коргоп, аларды өздөрүн коргоого үйрөтүү үчүн санариптик сабаттуулукка ээ болушу керек.

Билим берүү мекемелери балдарды Интернетти мектепте гана эмес, үйдө же башка жерде колдонууда дагы, коопсуз болууга үйрөтүү үчүн өзгөчө жооптуу, ал эми тиешелүү органдар улуттук окуу программаларында балдардын жаш кезинен (3 жаштан 18 жашка чейин) эле санариптик сабаттуулугу маселелерин камтышы керек. Бул балдардын өздөрүн коргоого, өз укуктарын билүүгө жана ошону менен бирге, интернетти билим алуу каражаты катары колдонуусуна мүмкүнчүлүк берет[45].

Ата-энелер жана камкорчулар дээрлик ар дайым биринчи, акыркы жана эң мыкты коргоо катарында болуп, өз балдары үчүн колдоо болорун эстен чыгарбашы керек. Бирок, алар Интернет маселесине келгенде өздөрүн бир аз кооптуу сезиши мүмкүн. Мында мектеп ата-энелер жана камкорчулар менен байланыштын маанилүү каналы болуп, алардын жаңы технологиялар алып келген тобокелдиктерди жана көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү билишине түрткү боло алат. Бирок, мектеп ата-энелер жана камкорчулар үчүн бирден-бир маалымат каналы болуп калбашы керек.

Башкаруу органдары мүмкүн болушунча көп сандагы ата-энелерге жана камкорчуларга кайрылуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу үчүн ар кандай жолдорду колдонуу маанилүү. Бул жерде тармактын компаниялары өз колдонуучуларына же кардарларына колдоо көрсөтүп, маанилүү ролду ойношот.

Ата-энелер жана тарбиячылар баласынын онлайн чөйрөсүндөгү иш-аракеттерин көзөмөлгө алуу менен, бала менен онлайн чөйрөдөгү туура жүрүм-турум жана технологияны колдонуу жөнүндө сүйлөшүп, баланын онлайн чөйрөдө эмне кылып жаткандыгын байкап, онлайн чөйрө жана чыныгы дүйнө тажрыйбасын айкалыштырууну менен үй-бүлөлүк маектешүүлөрдү жүргүзө алат.

Ата-энелер жана тарбиячылар балдарына техниканы туура колдонуу жана Интернетте өзүн туура алып жүрүү боюнча жакшы үлгү көрсөтүшү керек.

[44] ChildFund Alliance, "Violence against children as explained by children".

[45] UNICEF, "Policy Guide on Children and Digital Connectivity" (Policy Lab, Data, Research and Policy, United Nations Children's Fund, June 2018), https://www.unicef.org/esa/media/3141/file/PolicyLab-Guide-DigitalConnectivity-Nov.6.18-lowres.pdf.

Башкаруу органдары ата-энелер жана камкорчулар менен алардын ой-пикирин, тажрыйбасын билүү жана балдарын онлайн чөйрөдө коргоо зарылдыгын түшүндүрүү максатында кеңешип туруу керектигин унутпашы керек.

Жыйынтыктап айтканда, башкаруу органдары башка мамлекеттик органдар менен биргеликте ата-энелер, камкорчулар жана тарбиячылар үчүн коомдук маалымдоо кампанияларын иштеп чыгышы мүмкүн. Коомдук китепканалар, медициналык борборлор, ал тургай соода борборлору жана башка чакана борборлор электрондук коопсуздук жана санариптик көндүмдөр жөнүндө маалыматты тааныштыруу үчүн жеткиликтүү жайларды камсыздай алышат. Бул милдетти аткарууда өкмөттөр берилген сунуштардын бейтараптыгын, жеке кызыкчылыктардан алыс экендигин камсыз кылышы керек, ошондой эле алар санариптик мейкиндиктин чегинде маселелердин кеңири спектрин камтышы керек.

## Тармактык компаниялар

Тармактык компаниялар экосистеманын негизги кызыкдар тараптарынын бири болуп саналат, анткени алар башкаруу органдары укуктук базаны өнүктүрүү үчүн эске алынуучу технологиялык билимге ээ. Ошентип, башкаруу органдары онлайн чөйрөсүндө балдарды коргоо мыйзамдарын иштеп чыгуу процессинде тармактык компаниялар менен биргеликте иштешет.

Мындан тышкары, жаңы технологияларды иштеп чыгууда, тармактык компанияларды долбоорлоо этабында эле коопсуздугун камсыздоо маселелерине негизделген проекттерди ишке ашырууга үндөө маанилүү. Албетте, жаңы технологиялык продуктыларды жана кызматтарды иштеп чыккан же камсыз кылган компаниялар өз колдонуучуларына алардын иштешин жана аларды кантип коопсуз жана туура колдонууну түшүнүүгө жардам бериши керек.

Тармактык компаниялар да, балдар жана алардын ата-энелери же камкорчулары, ошондой эле жалпы жамаат үчүн коопсуздук иш-аракеттеринин программасы жана онлайн чөйрө жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу үчүн жооптуу болуп саналышат. Бул ишке катышуу менен, тармактын кызыкдар тараптары башка кызыкдар тараптарды тынчсыздандырган маселелер жана колдонуучулар дуушар болгон тобокелдиктер жана зыяндар жөнүндө көбүрөөк билишет. Мындай билимге ээ болуу менен тармактык компаниялар иштеп жаткан продукттарды жана кызматтарды тууралап, аларды иштеп чыгуу этабында эле коркунучтарды алдын ала аныктай алышат.

Жасалма интеллекттин акыркы жетишкендиктери тармактык компаниялар үчүн колдонуучуну аныктоо жана балдарды онлайн чөйрөсүндө конструктивдүү жүрүм-турум үчүн жагымдуу чөйрө менен камсыз кылуу максатында чектөө жана тең салмактуулук системасын түзүү мүмкүнчүлүгүн түзөт. Бул жетишкендиктер балдар үчүн дагы жаңы тобокелдиктерди жаратышы мүмкүн.

Бир катар өлкөлөрдө интернет өзүн-өзү жөнгө салуу же биргелешип жөнгө салуу парадигмасында башкарылат. Бирок, кээ бир өлкөлөр компаниялардын платформалардан же кызматтардан балдарга карата зыян булактарын аныктоо, бөгөт коюу жана/же алып салуу, ошондой эле даттанууларды берүүнүн так механизмдерин камтыган ченемдик укуктук базаны карап жатышат же ишке ашырышкан.

## Академиялык коомчулук жана өкмөттүк эмес уюмдар

Университеттерде жана академиялык коомчулукта интернеттин социалдык жана техникалык таасирине кесипкөйлүк менен кызыккан жана бул жаатта кеңири билимге ээ болгон бир катар окумуштуулар жана изилдөөчүлөр бар. Алар улуттук өкмөттөрдүн жана башкаруу органдарынын фактыларга жана күчтүү далилдерге негизделген стратегияларды иштеп чыгуусуна жардам берүүдө абдан баалуу булак болуп саналышат. Алар ошондой эле кээде өтө

кыска мөөнөттүү жана кирешеге багытталган бизнес кызыкчылыктарына карата интеллектуалдык тең салмактуулукту сактай алат.

Ошо сыяктуу эле, бейөкмөт уюмдардын (БӨУ) коомчулугунда балдарга, ата-энелерге, камкорчуларга жана педагогдорго онлайн чөйрөсүндөгү коргоо жана коомдук кызыкчылыктарды коргоо боюнча күн тартибин илгерилетүүгө жардам берүү үчүн баа жеткис ресурс боло турган эксперттик билим жана маалымат алып жүрүүчүлөр бар.

## Укук коргоо органдары

Мындай сонун технология криминалдык жана антисоциалдык элементтердин да көңүлүн буруп жатканы абдан өкүнүчтүү. Интернет CSAM жана башка зыян булактарынын тармак ичинде таралуу көлөмүн көбөйттү. Сексуалдык жырткычтар интернетти балдар менен биринчи жолу байланышуу үчүн колдонушат, аларды онлайн чөйрөсүндө жана чыныгы дүйнөдө байланыштын өтө зыяндуу түрлөрүнө азгырышат. Коркутуу жана куугунтуктоонун башка түрлөрү балдардын жашоосуна чоң зыян келтириши мүмкүн жана интернет бул үчүн жаңы жолду ачты.

Ушул себептерден улам, укук коргоо органдары интернетти балдар жана жаштар үчүн коопсуз кылууга жардам берүү үчүн ар кандай жалпы стратегияга байланыштуу иш-аракеттерди толугу менен жүргүзүшү маанилүү. Укук коргоо органдарынын кызматкерлери балдарга жана жаштарга каршы интернетке байланыштуу кылмыштарды иликтөө үчүн тийиштүү даярдыктан өтүшү керек. Алар минималдуу убакыттын ичинде компьютерлерден же тармактан алынган маалыматтарды изилдөө жана чечмелөө үчүн тийиштүү техникалык билимге жана соттук-медициналык инструменттерге ээ болушу керек.

Мындан тышкары, укук коргоо органдарынын балдарга жана жаштарга же башка жаранга онлайн чөйрөсүндө баланын же өспүрүмдүн коопсуздугуна байланыштуу кандайдыр бир окуялар же кооптонуулар жөнүндө билдирүүгө мүмкүндүк берүүчү так механизмдерди иштеп чыгуусу абдан маанилүү. Мисалы, көптөгөн өлкөлөрдө CSAM жөнүндө билдирүүлөрдү жөнөтүүнү жеңилдетүү үчүн "ишеним телефондору" түзүлгөн жана коркутуу сыяктуу башка маселелер боюнча билдирүүлөрдү жөнөтүүнү жеңилдетүү үчүн иштеип чыккан атайын механизмдер бар. Башкаруу органдары интернет ишеним телефондорунун эл аралык ассоциациясы (INHOPE) менен кызматташып, CSAM отчетторун баалоодо жана иштетүүдө колдоо көрсөтүшү керек жана дүйнө жүзүндөгү уюмдарга "ишеним телефонун" түзүүдө колдоо көрсөткөн (INHOPE) эл аралык ассоциациясынын пайдасын көрүшү керек. Башкаруу органдары укук коргоо органдары менен башка кызыкдар тараптардын ортосунда ачык байланыш каналдарынын болушун камсыз кылышы керек. Укук коргоо органдары улуттук чек аралардын чегинде алынуучу CSAM негизги булагы болуп саналат. Жергиликтүү курмандыктарды аныктоо максатында ушул материалдарды изилдөө процессин уюштуруу керек. Бул мүмкүн болбогон жерде, материалдарды маалымат базасына кошуу үчүн Интерполго берилиши керек. Бул глобалдык масштабдагы коркунуч болгондуктан, башкаруу органдары дүйнө жүзү боюнча укук коргоо органдарынын ортосунда эл аралык кызматташтыкты камсыз кылышы керек. Бул формалдуу процесстердин убактысын кыскартат жана агенттерге тезирээк жооп берүүгө мүмкүндүк берет.

## Социалдык кызматтар

Балдар же жаштар онлайн чөйрөсүндө зыяндуу таасирлерге дуушар болгон же кордолгон учурларда, мисалы, алардын орунсуз же мыйзамсыз турдө алынган сүрөттөрү онлайн чөйрөсүндө жайгаштырылса, анда алар атайын жана узак мөөнөттүү колдоого же консультацияга муктаж болушу мүмкүн.

Ошондой эле, кылмышкерлерге, айрыкча, онлайн чөйрөсүндө же чыныгы дүйнөдө кыянаттыктын курмандыгы болгон жашы жете элек кылмышкерлерге ар тараптуу психологиялык жактан жардам жана калыбына келтирүү ыкмалары керек болушу мүмкүн. Мындай түрдөгү колдоолорду көрсөтүү үчүн социалдык кызматтарда иштеген адистер тийиштүү түрдө даярдалышы керек. Колдоо онлайн режиминде жана кадимки жолдор менен көрсөтүлүшү керек.

### Саламаттыкты сактоо кызматтары

Балага карата ар кандай зордук-зомбулуктан кийин зарыл болгон медициналык жардам улуттук деңгээлде медициналык кызмат көрсөтүү планына киргизилиши керек. Саламаттыкты сактоо мекемелери зомбулук фактылары жөнүндө окуяларды милдеттүү түрдө билдириши керек. Бул жагынан балдарга колдоо көрсөтүү үчүн саламаттыкты сактоо кызматкерлери тийиштүү түрдө жабдылган жана билимдүү болушу керек. Саламаттыкты сактоо жаатындагы кызматтар балдардын психикалык саламаттыгын жана жыргалчылыгын колдоого жайылтылышы керек.

### Өкмөттүк мекемелер

Онлайн чөйрөсүндө балдарды коргоо саясаты бир катар мамлекеттик органдар тарабынан башкарылат жана ар кандай улуттук стратегияны жана иш-аракеттер планын ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн алардын бардыгын тартуу маанилүү. Ал органдарга төмөнкүлөр кириши мүмкүн:

- ички иштер министрлиги;
- саламаттыкты сактоо министрлиги;
- билим берүү министрлиги;
- Юстиция Министрлиги;
- санариптик өнүктүрүү/маалымат министрлиги;
- жөнгө салуучу органдар.

Жөнгө салуучу органдар мамлекеттик органдар менен биргеликте контролдоо жана эсепке алуу милдеттерин аткаруу үчүн мыкты мүмкүнчүлүктөргө ээ. Бул маалымат каражаттарын жана маалыматтарды коргоону жөнгө салуучу органдарды камтышы мүмкүн.

### Кең тилкелүү, мобилдик байланыш жана Wi-Fi тармактар операторлору

Операторлор өз тармагындагы мыйзамсыз контентти таап, бөгөттөп, отчет берип, үй-бүлөлөр жана ата-энелер балдарынын тармакка кирүүсүн башкаруу ыкмасын тандоодо колдоно турган куралдарды, кызматтарды жана конфигурацияларды камсыздай алышат. Кызмат көрсөтүүчүлөр жарандын эркиндигин жана жеке жашоонун сыр сакталышын бирдей камсыз кылышы маанилүү.

### Баланын укуктары

Балдардын укугун коргоо менен алектенген көзкарандысыз уюмдар балдардын онлайн чөйрөсүндө корголушун камсыз кылууда чечүүчү ролду ойношу мүмкүн. Алардын ыйгарым укуктары ар кандай болсо да, мындай институттар жалпысынан төмөнкү милдеттерди аткарышат:

- баланын укуктарын коргоого мыйзамдардын, саясаттын жана укук аткаруунун таасирин көзөмөлдөө;

- улуттук деңгээлде адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарды ишке ашырууга көмөктөшүү;
- балдардын укуктарынын бузулушун иликтөө;
- соттордо балдардын укуктары боюнча эксперттик билимди көрсөтүү;
- адам укуктарына тиешелүү маселелер боюнча тиешелүү мыйзамдарды жана саясатты иштеп чыгууну менен, балдардын пикирлерин угууну камсыз кылуу;
- коомчулуктун баланын укуктарын түшүнүүсүнө жана кабыл алышына көмөктөшүү;
- адам укуктары жаатында адистерди окутуу жана даярдоо боюнча демилгелерди кабыл алуу.

Балдар менен түздөн-түз консультацияларды жүргүзүү маанилүү, анткени бул БУУнун балдар укугу боюнча Конвенциясынын 12-беренесине ылайык алардын укугу болуп саналат. Балдар үчүн көз карандысыз укук коргоо мекемелеринин консультациялык, тергөө, маалыматтык жана билим берүү функциялары онлайн чөйрөдө зыянды болтурбоо жана ага жооп кайтаруу үчүн абдан маанилүү. Ушул себептен, мындай мекемелер балдарды онлайн чөйрөдө коргоону, анын ичинде балдар менен түздөн-түз консультацияларды жөнгө салуучу укуктук, ченемдик жана саясий алкактарды бекемдөөгө ар тараптуу, укукка негизделген иш-чараны иштеп чыгууга активдүү катышуусу керек, БУУнун балдар укугу боюнча Конвенциясынын 12-беренесине ылайык алардын укугу болуп саналат.

Акыркы мезгилде эле, мамлекеттерде онлайн чөйрөдө баланын укуктарын колдоо, анын ичинде аларды зомбулуктан же ага зыян келтирүүчү булактардан коргоо боюнча конкреттүү ыйгарым укуктарга ээ болгон мамлекеттик мекемелер түзүлгөн же аларды түзүү мүмкүнчүлүктөрү каралган мисалдар да бар. Мындай мекемелер бар жерде, алар улуттук деңгээлде онлайн чөйрөдө баланы коргоо үчүн жооп берүүнү күчөтүү чаралары менен тыгыз байланышта болушу керек.

## 3.2 Онлайн чөйрөсүндө балдарды коргоо боюнча учурдагы иш-чаралар

Дүйнө жүзүндөгү балдардын жашоосунда МКТнын өсүп жаткан таасирин жана биздин коомчулуктун эң жаш мүчөлөрү үчүн аларга мүнөздүү тобокелдиктерди эске алуу менен улуттук жана эл аралык деңгээлде иш алып барууга багытталган бир катар демилгелер иштелип чыккан.

### Улуттук моделдер

Улуттук деңгээлде балдарды онлайн чөйрөсүндө коргоонун ар тараптуу алкактык маанилүү аспектилерин камтыган бир нече мыйзамдык демилгелер белгилениши керек. Алар башкалардын арасында төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Аудиовизуалдык медиа кызматтар жөнүндө Директива (AVMSD). 2018, ЕС);
- Маалыматтарды коргоонун жалпы Регламенти (GDPR) (2018, ЕС).

Тармактагы балдардын коопсуздугуна жана жыргалчылыгына башланыштуу коркунучтарга карата мүчө мамлекеттердин ченемдик-укуктук жана институционалдык таасир этүүсүндө инновациялык чечимдер бар. Онлайн чөйрөдө балдар туш болгон CSAM, киберкоркутуу жана башка зыян келтирүүчү булактарга жооп кайтаруунун бирдиктүү жолу жок, бирок акыркы бир нече жылда жаңы ыкмалар колдонулгандыгын белгилей кетүү керек:

### Жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен долбоорлоо кодекси (2019, Улуу Британия)

2019-жылдын башында маалымат комиссарынын кеңсеси балдарды коргоону күчөтүү үчүн өзүнүн "Жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен долбоорлоо кодекси" боюнча сунуштарын Интернетте жарыялаган. Сунуш кылынган Кодексте БУУнун балдар укугу боюнча Конвенциясында каралган баланын кызыкчылыгын мыкты камсыз кылууга басым жасалып, тармактык компанияларга коюлган бир катар күтүүлөр баяндалган. Аларга жаш куракты текшерүү боюнча ишенимдүү чаралар, балдардын жайгашкан жерин аныктоо кызматтарын демейки боюнча өчүрүү, компаниялар тарабынан балдардын жеке маалыматтарынын минималдуу көлөмүн гана чогултуу жана сактоо, продуктылардын алдын-ала ойлонулган коопсуздугу, жеткиликтүүлүгү жана жаш курагына ылайык түшүндүрмөлөрдүн болушу кирет.

### Зыян келтирүүчү санариптик байланыш жөнүндө мыйзам (2017, Жаңы Зеландия)

2015-жылдагы мыйзамда МКТны кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу киргизилген; өч алуу максатында киберкордутуу жана порнографиялык материалдарды таратуу сыяктуу келтирилген зыяндардын кеңири спектрине көңүл бурулат. Мыйзам башка бирөөгө олуттуу эмоционалдык азап тартуу максатында санариптик билдирүүнү жайгаштырууга тыюу салуу менен зыян алып келе турган санариптик байланышты оздуктоого, алдын алууга жана азайтууга багытталган жана баарлашуунун 10 принцибин белгилейт. Эгерде бул принциптер бузулса, колдонуучуларга көз карандысыз уюмга даттануу берүүгө же маселе чечилбесе, авторго же билдирүүнү жайгаштырган структурага карата соттун чечимин чыгарууга ыйгарым укук берет.

### Электрондук коопсуздук комиссариаты (2015, Австралия)

Электрондук коопсуздук комиссариаты (eSafety) - бул онлайн чөйрөсүндөгү коопсуздук боюнча адистешкен дүйнөдөгү биринчи мамлекеттик орган. 2015-жылы түзүлгөн уюм Австралиянын бардык жарандарына коопсуз, позитивдүү жана тармактык тажрыйбаны камсыз кылуу үчүн онлайн чөйрөдө жетекчилик, координациялоо, окутуу жана коопсуздук боюнча кеңеш берүү боюнча мыйзамдуу функцияларга ээ. eSafety олуттуу зыян булактарына, анын ичинде балдарга карата олуттуу киберкоркутуу, сүрөттөрдү жана тыюу салынган контентти кыянаттык менен колдонууга байланыштуу иликтөөлөрдү жүргүзөт. Уюм мындай зыянга байланыштуу даттанууларды же билдирүүлөрдү иликтөө жана чара көрүү, анын ичинде айрым учурларда материалдарды алып салуу үчүн жеке адамдарга жана онлайн кызматтарга билдирме жиберүү сыяктуу ыйгарым укуктарга ээ. Тергөө жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктары менен катар, eSafety социалдык, маданий жана технологиялык демилгелерге жана иш-аракеттерге негизделген комплекстүү ыкманы колдонот. Анын алдын алуу жана коргоо аракеттери жана активдүү ыкмасы онлайн чөйрөсүндө коопсуздукту комплекстүү чечүүнү камсыз кылат.

## Эл аралык моделдер

Эл аралык жана улуттар аралык деңгээлде ар кандай кызыкдар тараптар тарабынан сунуштар жана стандарттар иштелип чыккан. Бул көрсөтмөлөр төмөнкү аракеттердин алкагында жасалган иштин натыйжаларына негизделет:

Балдарды сатууга, балдардын сойкулугуна жана балдар порнографиясына байланыштуу балдардын укуктары жөнүндө конвенцияга факультативдик протоколду жүзөгө ашырууга байланыштуу көрсөтмөлөр.

Санариптик чөйрөдө баланын укуктарын урматтоо, коргоо жана ишке ашыруу боюнча Европа Кеңешинин көрсөтмөлөрү[46].

Колдонмо көрсөтмөлөр Европа кеңешинин бардык мүчө мамлекеттерине жана башка тиешелүү кызыкдар тараптарга санариптик чөйрөдө балдардын укуктарынын бардык спектрин максималдуу сактоого комплекстүү стратегиялык мамилени кабыл алуу боюнча алардын аракеттерине жардам берүү максатында багытталган. Көптөгөн темалардын катарына жеке маалыматтарды коргоо, балдардын муктаждыктарына жана өнүгүп келе жаткан жөндөмдөрүнө ылайыкташтырылган контентти камсыз кылуу, "ишеним телефондору", аярлуу жана адаптациялануу, компаниялардын ролу жана жоопкерчилиги сыяктуу темалар кирет.

Мындан тышкары, колдонмо көрсөтмөлөрүндө улуттук саясатта санариптик чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү тийиштүү түрдө чагылдыруу жана анын ичинде чечим кабыл алуу процессинде мамлекеттердин дарегине балдар менен өз ара аракеттенүүгө чакырат. Учурда көрсөтмөлөр 19 тилде жеткиликтүү. Алар документтин балдарга ылайыкташтырылган версиясы, ошондой эле ушул көрсөтмөлөрдү ишке ашыруу боюнча конкреттүү чаралар көрсөтүлгөн башкаруу органдары үчүн колдонмо көрсөтмөлөрү менен коштолот.

### Европа Кеңеши-Лансароте конвенциясы

Европа Кеңешинин балдарды сексуалдык эксплуатациядан жана сексуалдык зомбулуктан коргоо боюнча конвенциясы (Лансароте конвенциясы) мамлекеттерден балдарга карата сексуалдык зомбулукка каршы күрөшүү боюнча комплекстүү чараларды төмөнкү элементтер менен мамиле кылуунун негизинде кабыл алууну талап кылат: алдын алуу, коргоо, куугунтуктоо жана улуттук жана эл аралык кызматташтыкты колдоо. Балдарды сексуалдык эксплуатациядан жана сексуалдык зомбулуктан коргоо боюнча конвенциянын катышуучуларынын комитети ("Лансароте комитети") санариптик чөйрөгө карата Конвенциянын колдонулушун бир катар документтерди кабыл алуу менен тактады. Аларга төмөнкүлөр кирет: балдардын катышуусу менен түзүлгөн, жөнөтүлгөн жана алынган адепсиз же ачык сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөр жана/же видеоматериалдар жөнүндө пикир (6-июнь, 2019-жыл); Лансароте конвенциясынын МКТны колдонуунун аркасында жөнөкөйлөштүрүлгөн балдарга карата сексуалдык кылмыштарга карата колдонулушун чечмелөө боюнча пикир (12-Май, 2017-жыл); Лансарот Конвенциясына ылайык балдарды сексуалдык эксплуатациялоону же башка кылмыштарды жактаган материалдарды же сүрөттөрдү камтыган веб-даректер жөнүндө Декларация (16 июнь 2016); Лансароте конвенциясынын 23-беренесине карата пикир - маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жардамы менен балдарды сексуалдык максатта коркутуу.

Лансароте комитети Конвенциянын жоболорун ишке ашырууга мониторинг жүргүзөт: анын экинчи тематикалык мониторинги балдарды сексуалдык эксплуатациядан жана МКТ аркылуу сексуалдык зомбулуктан коргоого багытталган: 2020-жылы мониторингдин айлампасы жөнүндө отчет жарыяланат. 2019 – жылга карата Конвенцияга 46 мамлекет кошулган, анын ичинде Тунис Европа Кеңешине мүчө болбогон биринчи мамлекет.

### Европа Кеңешинин башка жетектөөчү принциптери

Европа Кеңешинин башка стандарттары жана куралдары бардык кызыкдар тараптарга багытталган ар тараптуу алкактарды түзүү үчүн жамааттык эрежелердин топтомун иштеп чыгууга көмөктөшөт. Европа Кеңешинин киберкылмыштуулук боюнча конвенциясы балдарга

[46] Council of Europe (2020), The Digital Environment, https://www.coe.int/en/web/children/the-digital-environment. The Council of Europe Guidelines to respect, protect and fulfil the rights of the child in the digital environment is the first such set of standards adopted by an intergovernmental body (CM/Rec, 2018).

карата сексуалдык зомбулук бонча материалдарга байланыштуу бир катар кылмыштарды жасагандыгы үчүн кылмыш ишин козгоо боюнча катышуучуларга милдеттенмелерди камтыйт: учурда аны 64 катышуучу мамлекет ратификациялаган.

Атап айтканда, Европа Кеңеши балдардын жана алардын жакындарынын санариптик чөйрө нүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонуудагы коопсуздугуна өзгөчө көңүл бурат. Буга билим берүү каражаттары, анын ичинде толугу менен кайра иштелип чыккан «Интернет сабаттуулугу боюнча маалымдама” (2017-ж.), "Санариптик жарандыкты тарбиялоо боюнча колдонмо" (2019-ж.) жана "Санарип доорундагы ата-энелер" (2017-ж.) аталыштагы балдарды сексуалдык эксплуатациядан жана онлайн чөйрөдө сексуалдык зомбулуктан коргоо боюнча ата-энелер үчүн колдонмо, "Санариптик жарандык... жана сиздин балаңыз " (2019-ж.) аталыштагы ар бир ата-эне билиши жана жасашы керек болгон колдонмолор киирет. Жыйынтыктап айтканда, Европа Кеңеши "Бул биздин дүйнө: балдардын санариптик чөйрөдө өз укуктарын кантип коргоо боюнча көз караштары" (2017-ж.) аталышында балдар менен санариптик чөйрөдө алардын укуктары боюнча консультациялык изилдөө жүргүздү жана "Эки баскч алдыга жана бир баскыч артка: санариптик чөйрөдө майып балдар жөнүндө отчет" (2019-ж.) аталышындагы санариптик чөйрөдө майып балдардын тажрыйбасына багытталган консультациялык изилдөөлөрдү жүргүзө баштады.

### Балдардын онлайн чөйрөсүндөгү коопсуздугу жөнүндө отчет

Онлайн чөйрөсүндө балдардын коопсуздугу: онлайн чөйрөсүндө зордук-зомбулук, кыянаттык жана эксплуатация коркунучун минималдаштыруу жана онлайн чөйрөсүндө балдардын жалпы коопсуздук декларациясы[47].

ОЭСРдин онлайн чөйрөдө баланы коргоо боюнча сунуштары (2012 / каралып чыккан. 2019-2020). Мындан тышкары, эл аралык кызматташтыкты чыңдоого көмөктөшүүчү башка улуттук жана эл аралык демилгелерди, ошондой эле онлайн чөйрөдө баланы коргоо стратегиясын иштеп чыгуу боюнча улуттук иш-аракеттерди баса белгилөө керек, мисалы:

### Балдарды сексуалдык эксплуатациялоо элементтерин камтыган сүрөттөрдүн эл аралык маалымат базасы

Балдарды сексуалдык эксплуатациялоо элементтерин камтыган сүрөттөрдүн эл аралык маалымат базасы (ICSE МБ) Интерпол тарабынан жүргүзүлөт жана адистештирилген тергөөчүлөргө дүйнө жүзү боюнча кесиптештери менен маалымат алмашууга мүмкүндүк берген күчтүү маалымат жана тергөө каражаты болуп саналат. Бул ICSE маалыматтык базасына Интерпол полициясынын (I-247 аталышы менен белгилүү болгон) корголгон глобалдык байланыш тутуму аркылуу кирүүгө жана жабырлануучулар, баскынчылар жана жерлердин ортосунда байланышты түзүү үчүн сүрөттөрдү салыштыруу үчүн татаал программаны колдонот. ICSE маалымат базасы мүчө мамлекеттердеги сертификацияланган колдонуучуларга учурдагы элементтерди изилдөө, жаңы маалыматтарды жүктөө, материалдарды сорттоо, талдоо жүргүзүү жана балдарга карата сексуалдык эксплуатациялоону иликтөөгө байланыштуу маселелер боюнча дүйнө жүзү боюнча башка эксперттер менен байланышуу үчүн реалдуу убакыт режиминде маалымат базасына кирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

[47] Broadband Commission for Sustainable Development (2019), The State of Broadband 2019: Broadband as a Foundation for Sustainable Development, https://www.itu.int/dms_pub/itu-s/opb/pol/S-POL-BROADBAND.20-2019-PDF-E.pdf.

#### WePROTECT глобалдык альянсы

WePROTECT (WPGA) дүйнөлүк альянсы - бул дүйнө жүзү боюнча онлайн чөйрөсүндө (OSCE) балдардын сексуалдык жактан эксплуатацияланышына каршы күрөшүү ыкмаларын трансформациялоо үчүн зарыл болгон таасирди, тажрыйбаны жана ресурстарды бириктирген глобалдык кыймыл. Бул мамлекеттик түзүмдөрдүн, дүйнөлүк технологиялык компаниялардын жана жарандык коом уюмдарынын биримдиги. Анын көп кырдуу мүнөзү бул жаатта уникалдуу. WePROTECT глобалдык альянсынын максаты көп сандагы курмандыктарды аныктоо жана коргоо, кылмышкерлерди кармоо жана онлайн чөйрөдө балдарды сексуалдык эксплуатациялоону токтотуу болуп саналат.

WeProtect глобалдык альянсы бир катар компоненттерди, атап айтканда, улуттук реакция чараларынын жана глобалдык стратегиялык жооп берүү моделдерин камтыйт. Так маалымат 3-Толуктоодо камтылган.

#### Балдардын онлайн чөйрөдөгү коопсуздук индекси 2020

DQ институту тарабынан 2020-жылы иштелип чыккан балдардын онлайн чөйрөдөгү коопсуздук индекси (COSI) балдардын онлайн коопсуздугунун абалын көзөмөлдөөгө жардам берген дүйнөдөгү биринчи реалдуу убакыт режиминде иштеген аналитикалык платформа болуп саналат.

COSI алкагын түзгөн алты аспектке негизделген. Биринчи жана экинчи аспекттер – кибертобокелдиктер жана санариптик чөйрөнү ареттүү пайдалануу – санариптик технологияны акылдуулук менен колдонууга байланышкан. Үчүнчү жана төртүнчү аспекттер – санариптик компетенттүүлүк жана колдонмо көрсөтмөлөр жана окутуу – укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү менен байланышкан. Акыркы эки аспект инфраструктурага байланыштуу, бул арга социалдык инфраструктура жана байланыш түзүү аспектилери кирет.

## 3.3 Онлайн чөйрөсүндө зыян булактарына жооп берүүнүн мисалдары

4-Толуктоодо онлайн чөйрөдө зыян булактарына жооп берүүнүн бир катар мисалдары келтирилген. Бул мисалдар билим берүү, мыйзам чыгаруу жана интернеттеги зыянды аныктоо боюнча жооп берүү чараларын камтыйт.

## 3.4 Онлайн чөйрөдө балдарды коргоо боюнча улуттук стратегиянын артыкчылыктары

### Мыйзамдарды айкалыштыруу

Бардык өлкөлөр тарабынан МКТны кылмыштуу же башка максаттарда туура эмес колдонууга каршы мыйзамдарды кабыл алуу глобалдык киберкоопсуздукту камсыз кылуу үчүн абдан маанилүү. Коркунучтар дүйнөнүн каалаган бурчунда пайда болушу мүмкүн болгондуктан, көйгөйлөр масштабы боюнча эл аралык болуп саналат жана эл аралык кызматташтыкты, жалпы ыкчам жана процесстик жоболорду иликтөөдө көмөктөшүүнү талап кылат. Демек, өлкөлөр киберкылмыштуулукка каршы күрөшүү, балдарды коргоо жана эл аралык кызматташтыкты жеңилдетүү боюнча мыйзамдарын шайкеш келтириши маанилүү[48].

[48] Туруктуу өнүгүү үчүн кең тилкелүү Комиссия (2019).

Тиешелүү улуттук мыйзамдарды, киберкылмыштуулукка каршы мыйзамдарды иштеп чыгуу жана ушул ыкманын алкагында эл аралык деңгээлде шайкеш келтирүү онлайн чөйрөсүндө баланы коргоо боюнча ар кандай улуттук стратегиянын ийгилигинин негизги кадамы болуп саналат. Бул, биринчи кезекте, компьютердик алдамчылык, мыйзамсыз кирүү, маалыматтарга кийлигишүү, автордук укукту бузуу, CSAM, ошондой эле балдарды туура эмес кылмыш жоопкерчилигине тартууга жол бербөө үчүн кылмыш-жаза мыйзамдарынын зарыл жоболорун кабыл алууну талап кылат. Кылмыш-жаза кодексинде реалдуу дүйнөдө жасалган кылмыштарга карата колдонулуучу жоболор бар экендиги, аларды Интернетте жасалган кылмыш-аракеттерге да колдонуу мүмкүн дегенди билдирбейт. Демек, мүмкүн болгон кемчиликтерди аныктоо үчүн учурдагы улуттук мыйзамдарга кылдат талдоо жүргүзүү маанилүү. Кийинки кадам – өлкөлөргө киберкылмыштуулук маселелери боюнча макулдашылган мыйзамдарды жана процесстик эрежелерди иштеп чыгууга жардам бере турган мыйзамдык аныктоолорду жана маалымдама материалдарды талдоо жана аныктоо зарыл. Мындай практикалык каражаттарды каалаган өлкө киберкылмыштуулукка каршы мыйзамдарды жана ага байланыштуу мыйзамдарды иштеп чыгууда колдоно алышат. ЭЭУ бул багытта мүчө мамлекеттер жана тиешелүү кызыкдар тараптар менен иш алып барат жана киберкылмыштуулукка каршы мыйзамдарды глобалдык деңгээлде макулдашуу процессин алдыга жылдырууга чоң салым кошот.

Технологиялык инновациялардын тез темптерин эске алуу менен учурдагы жөнгө салуу системасынын эскирүүсүнө жана мыйзам ченемдерин иштеп чыгуунун жай процессине байланыштуу маселелердин потенциалдуу чечимдери катары өзүн-өзү жөнгө салуу жана биргелешип жөнгө салуу концепциялары сунушталган. Ошону менен бирге, натыйжалуу жыйынтыктарга ээ болуу үчүн жөнгө салуучу/башкаруу органдары онлайн чөйрөдө баланы коргоо жаатындагы конкреттүү максаттарды жана көйгөйлөрдү так аныктап, өз алдынча жөнгө салуунун жана биргелешкен жөнгө салуунун натыйжалуулугун баалоонун так процессин жана методологиясын ишке ашыруусу зарыл, ал эми өзүн-өзү жөнгө салуу жана биргелешкен жөнгө салуу процессинде аныкталган көйгөйлөрдү чечүү мүмкүн болбосо, бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн мыйзамдарды иштеп чыгуунун расмий процессине киришүүсү зарыл. Мындан тышкары, ийгиликтүү өзүн-өзү жөнгө салуу чаралары мыйзам чыгаруу процессинин алкагында формалдуу мыйзамдардын мейкиндигине акырындык менен которулуп, укук сактоо органы катары, айрым өзүн-өзү жөнгө салуу демилгелеринин токтоп калышына же токтотулушуна жол бербеши керек.

## Координациялоо (башкаруу)

Албетте, тиешелүү органдардын жана кызыкдар тараптар онлайн чөйрөсүндө баланы коргоого багытталган бир катар иш-аракеттерди жана иш-чараларды жүргүзүп келет, бирок алар абдан сейрек кездешет. Онлайн чөйрөдө баланы коргоо боюнча улуттук стратегияны иштеп чыгууда жүргүзүлүп жаткан иш-аракеттерди эске алуу менен мындай иш-аракеттер жөнүндө түшүнүккө ээ болуу маанилүү. Мындай стратегия учурдагы жана жаңы иш-чараларды уюштуруу аркылуу аракеттерди координациялайт жана жетектейт.

# 4 Принциптер жана ишке ашыруу боюнча сунуштар

Өкмөттөр санариптик чөйрөдө балдарга карата зомбулуктун бардык көрүнүштөрү менен күрөшүшү керек. Бирок, санариптик чөйрөдө балдарды коргоо үчүн көрүлүп жаткан чаралар сөз эркиндиги, маалыматка жетүү укугу же ассоциация эркиндиги сыяктуу башка укуктарды ишке ашырууну негизсиз чектебеши керек. Балдардын онлайн чөйрөдө тобокелдиктерге туш болуп калуусуна тынчсызданып, балдардын табигый кызыгуусун жана инновацияга жөндөмдүүлүгүн чектөөнүн ордуна, санариптик чөйрөнүн потенциалын изилдөө процессинде балдардын тапкычтыгын колдонуу жана алардын колдонуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу өтө маанилүү.

Көпчүлүк учурларда балдарга карата зомбулук аракеттери башка балдар тарабынан жасалат. Мындай кырдаалда өкмөттөр мүмкүн болушунча калыбына келтирүүчү ыкмаларды колдонушу керек, мында келтирилген зыян четтетилет, жана ошол эле учурда балдарды кылмыш жоопкерчилигине тартууга жол берилбейт. Өкмөттөр зомбулуктун алдын алууда жана ага каршы күрөшүүдө МКТны колдонууга үндөшү керек, башкача айтканда балдарга керектүү маалымат алуу, зыяндуу материалдарга бөгөт коюу жана зомбулук болгон учурларды кабарлоо үчүн технологияларды жана ресурстарды иштеп чыгуу сыяктуу мисалдарды келтирүүгө болот[49].

Онлайн чөйрөдө балдардын коопсуздугу боюнча глобалдык кырдаалды чечүү үчүн, өкмөттөр онлайн чөйрөдө балдарга келтирилген зыянды жоюу максатында тиешелүү уюмдардын ортосундагы байланышты өркүндөтүп, ачык кызматташуусу керек.

## 4.1 Негизги сунуштар

### 4.1.1 Укуктук база

Санариптик чөйрөдө баланын укуктарын толук кандуу ишке ашырууну колдоо максатында өкмөттөр өздөрүнүн укуктук базасын кайра карап чыгып, зарыл болгон учурда жаңылап турушу керек. Бардыгын камтыган укуктук база алдын алуу чараларына; санариптик чөйрөдө балдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүнө тыюу салууга; балдардын укуктарынын бузулушуна байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн жооп кайтаруунун, калыбына келтирүүнүн жана реинтеграциялоонун натыйжалуу каражаттарын берүүгө; консультация берүүнүн жана көйгөйлөр жана даттануулар жөнүндө кабарлоонун балдардын кызыкчылыктарын эске алган механизмдерин түзүүгө; ошондой эле жазасыздык менен күрөшүү үчүн отчеттуулук механизмдерин түзүүгө тийиш[50].

Мүмкүн болушунча, мыйзам чыгаруу келечектеги технологиялык өнүгүүлөрдү эске алганда анын колдонулушу азайбашы үчүн технологиялык жактан нейтралдуу болушу керек[51].

Мыйзам чыгаруу чараларын натыйжалуу ишке ашыруу мамлекеттик түзүмдөрдөн кошумча кадамдарды, анын ичинде маалымдуулукту жогорулатуу жана социалдык мобилизациялоо боюнча демилгелерди, балдар менен алардын кызыкчылыктарын коргоо максатында иш алып

[49] Special Representative of the Secretary-General on Violence against Children, Annual Report of the Special Representative of the Secretary-General on Violence against Children to the Human Rights Council, A/HRC/31/20 (January 2016), para. 103 and 104.

[50] Special Representative of the Secretary-General on Violence against Children, Releasing children’s potential and minimizing risks: ICTs, the Internet and Violence against Children, 2014 (New York: United Nations), p. 55.

[51] Special Representative of the Secretary-General on Violence against Children, Releasing children’s potential and minimizing risks: ICTs, the Internet and Violence against Children, 2014 (New York: United Nations), p. 64.

барган адистерди окутуу жана алардын потенциалын түзүү жаатындагы аракеттерди жана кампанияларды талап кылат.

Тиешелүү мыйзамдарды иштеп чыгууда балдар бир тектүү топ эмес экендигин эске алуу керек. Ар кандай куракттагы балдар ар кандай жоопту талап кылышы мүмкүн, мисалы өзгөчө муктаждыгы бар балдар жана санариптик чөйрөдө же аны колдонууда зыянга учурашы мүмкүн болгон балдар бири-бирине окшошпогон ар кандай көңүл бурууну талап кылат .

Өкмөттөр компанияларга жана башка үчүнчү жактарга баланын укуктарын мамлекеттин ичинде гана эмес, чет өлкөлөрдө да коргоо боюнча өз милдеттерин аткарууда жардам бере турган так жана алдын ала аныкталган ченемдик укуктук базаны түзүшү керек[52].

Мыйзам чектерин камтыган чөйрөнү изилдөөдө башкаруу органдары төмөндөгү маселелерди эске алышы керек:

- груминг же балдарды жосунсуз сексуалдык жолугушууга же сексуалдык иш-аракеттерге азгыруунун, опузалоонун же мажбурлоонун башка түрлөрү;
- жайылтуу ниетине карабастан CSAMгаээлик кылуу, өндүрүү жана жайылтуу;
- онлайн чөйрөдө куугунтуктоо, коркутуу, кемсинтүү же жек көрүү риторикасы;
- онлайн чөйрөдө террордук материалдар;
- кибер коопсуздук;
- оффлайн режиминде мыйзамсыз болгон нерсе онлайн режиминде да мыйзамсыз экендигин чагылдыруу.

### 4.1.2 Саясий жана институционалдык база

Санариптик чөйрөдө баланын укуктарын ишке ашырууга кепилдик берүү өкмөттөрдөн МКТны пайдалануудан балдар алган артыкчылыктарды максималдаштыруу жана ага байланыштуу тобокелдиктерди минималдаштыруу ортосундагы тең салмактуулукту сактоону талап кылат. Буга онлайн чөйрөдө балдарды коргоо чараларын кең тилкелүү тармакты өнүктүрүүнүн [53] улуттук пландарына киргизүү жана балдарды онлайн чөйрөдө коргоо боюнча өзүнчө көп тараптуу стратегияны иштеп чыгуу менен жетишүүгө болот. Мындай күн тартиби балдардын укуктарын коргоо же балдарды коргоо маселелерине тиешелүү бардык саясий принциптер менен толук интеграциялануууга тийиш, ошондой эле балдарды коргоо жаатындагы улуттук саясатты толуктап, бардык тобокелдиктер жана балдарга зыян келтирүүнүн потенциалдуу булактары үчүн конкреттүү негиздерди сунуштап, бардыгы үчүн коопсуз, мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө көмөктөшүүчү санариптик чөйрөнү түзүүгө тийиш[54].

Өкмөттөр секторлор аралык, улуттук, аймактык жана жергиликтүү деңгээлде балдардын укуктарына жана санариптик маалымат каражаттарына жана МКТга байланыштуу бардык иш-аракеттерди координациялоо үчүн так мандаты жана жетиштүү ыйгарым укуктары бар Улуттук координациялык структураны түзүшү керек. Өкмөттөр аларды ишке ашыруу үчүн конкреттүү мөөнөттөрү көрсөтүлгөн максаттарды иштеп чыгууга жана аткарылган иштерди баалоонун жана

[52] UN Committee on the Rights of the Child, *General Comment № 16*, para. 53.

[53] The State of the Broadband 2019, Recommendation 5.6, page 78. https://www.itu.int/dms_pub/itu-s/opb/pol/S-POL-BROADBAND.20-2019-PDF-E.pdf.

[54] For model provisions on child protection for national broadband plans see chapter 10 of the Child Online Safety Report.

мониторингдөөнүн ачык-айкын процессин уюштурууга, ошондой эле бул түзүмдүн натыйжалуу иштеши үчүн зарыл болгон адамдык, техникалык жана финансылык ресурстарды бөлүүнү камсыз кылууга тийиш[55].

Өкмөттөр балдардын кызыкчылыгын камтыган улуттук санариптик күн тартибин иштеп чыгууга, ишке ашырууга жана мониторинг жүргүзүүгө жетекчилик кылуу үчүн көп тараптуу платформа түзүшү керек. Мындай платформа калктын эң маанилүү топторунун өкүлдөрүн камтышы керек, анын ичине: балдар жана жаштар; ата-энелер/камкорчулар ассоциациялары; тиешелүү мамлекеттик органдар; билим берүү, юстиция, саламаттыкты сактоо жана социалдык камсыздоо сектору; улуттук укук коргоо органдары жана тиешелүү жөнгө салуучу органдар; жарандык коом; тармактык компаниялары; илимий чөйрөлөр; жана тиешелүү адистердин бирикмелери кирет.

### 4.1.3 Укук-ченемдик база

Компаниялардын иш-аракеттеринин түздөн-түз же кыйыр натыйжасында келип чыккан балдардын укуктарын бузулуусу үчүн, мамлекеттик түзүмдөр, мындай мыйзам бузуулардын алдын алуу жана оңдоо үчүн зарыл, ылайыктуу жана акылга сыярлык чараларды көрбөсө же башка жол менен мындай ишканалар менен кызматташпаса же алар жасаган мыйзам бузууларга көңүл бурбаса жооп берет[56].

Адам укуктары жаатындагы ишкердик иш-аракеттердин колдонмо көрсөтмөлөрү компаниялардын мыйзамдуу, жеткиликтүү, алдын-ала аныкталган, адилеттүү, укуктарга шайкеш, ачык-айкын, диалогго жана катышууга негизделген жана туруктуу окутуунун булагы боло турган укуктук коргоо жана даттануу механизмдерин камсыз кылууну камтыйт. Компаниялар тарабынан түзүлгөн даттануу механизмдери ийкемдүү жана өз убагында альтернативалуу чечимдерди камсыздай алат жана аларды тигил же бул компаниянын жүрүм-турумуна байланыштуу көйгөйлөрдү чечүүдө колдонуу баланын кызыкчылыгын эске алууга мүмкүндүк берет. Бардык учурларда соттор жеткилитүү болуп же коргоонун жана башка жол-жоболордун административдик каражаттарынын соттук чечимин кайра кароо камсыз кылынууга тийиш[57]. Колдонуучулар өз көйгөйлөрүн билдире алышы үчүн, балдар үчүн коопсуз, жаш курагына ылайыктуу кызматтарды жаратуучу механизмдер каралышы керек.

Даттанууларды кароонун ички механизмдеринин бар экендигине карабастан, өкмөттөр балдардын укуктарынын бузулушун иликтөө жана МКТ жана чектеш облустар чөйрөсүндөгү компаниялардын отчеттуулугун жогорулатуу, ошондой эле балдардын укуктарына жана МКТга тиешелүү стандарттарды иштеп чыгуу үчүн жөнгө салуучу органдардын жоопкерчилигин күчөтүү предметине тиешелүү зыяндын ордун толтуруу үчүн мониторинг механизмдерин түзүшү керек[58]. Бул өзгөчө маанилүү, анткени жарандык доо жана башка соттук коргоо каражаттары сыяктуу

[55] Special Representative of the Secretary-General on Violence against Children, Annual Report of the Special Representative of the Secretary-General on Violence against Children (December 2014) A/HRC/28/55 and Releasing children’s potential and minimizing risks: ICTs, the Internet and Violence against Children, 2014 (New York: United Nations), para. 88.

[56] UN Committee on the Rights of the Child, General Comment № 16, para. 28.

[57] Report of the Special Representative of the Secretary-General on the issue of human rights and transnational corporations and other business enterprises, A/HRC/17/31 (2011), para. 71.

[58] UN Committee on the Rights of the Child, Report of the 2014 Day of General Discussion, para. 96.

иш-аракеттеринен жабыркаган компаниялардын карамагында турган башка укук коргоо каражаттары көп учурда татаал жана кымбат болушат[59].

БУУнун балдардын укуктары боюнча комитети улуттук укук коргоо органдарынын бул жаатгагы потенциалдуу ролун баса белгилеп, алар тармактык түзүмдөр тарабынан мыйзам бузуулар боюнча даттанууларды кабыл алууда жана иликтөөдө, ошондой эле бул маселелер боюнча ортомчулук кылууда; масштабдуу кыянаттык боюнча мамлекеттик иликтөөлөрдү жүргүзүүдө; балдардын укуктары боюнча Конвенцияны ишке ашыруу максатында мыйзамдарды кайра карап чыгууда ойной турган ролун мүнөздөдү. Комитет, зарыл болгон учурда, "мамлекеттер улуттук укук коргоо органдарынын мыйзам мандатын балдардын укуктарына жана бизнестин кызыкчылыктарына шайкеш келтирүү үчүн кеңейтиши керек"деп белгиледи.

Даттанууларды кароонун ар кандай механизми балдардын кызыкчылыктарын эске алышы, жабырлануучулардын жеке турмушунун кол тийбестигин жана корголушун камсыз кылуусу, ошондой эле жабыр тарткан балдардын кызыкчылыгында мониторинг, андан кийинки иш-чаралар жана текшерүү боюнча ишти камтышы өзгөчө маанилүү.

Улуттук укук коргоо мекемеси же башка жөнгө салуучу орган балдарга эффективдүү каражаттарды бере ала турган чөйрөнүн бир мисалы болуп киберкорготуу саналат. Укуктук коргоонун жана даттанууларды кароонун ички механизмдери кээде мындай учурларда натыйжасыз болуп калат, анткени мазмуну кооптондурганына жана зыян келтиргенине карабастан, ал көбүнчө улуттук мыйзамдар тарабынан каралбайт жана мындай мазмундагы контентти жайгаштырган түзүм тарапты аны алып салууга ынандырууга эч кандай так негиз жок. Мамлекеттик органга киберкордукутуу учуруна байланыштуу даттанууларды алууга жана тиешелүү материалдарды алып салуу үчүн контенттик түзүмдөргө кайрылууга ыйгарым укук берүү балдарды коргоонун маанилүү элементи болуп саналат [60]. Мындай чаранын артыкчылыктары киберкордукутуу контекстинде чечүүчү мааниге ээ болгон реакциянын ыкчамдыгында, ошондой эле киберкордукутууга байланыштуу материалдарды алып салуу маселесин чечүү үчүн так укуктук негизди түзүүдө болот.

Санариптик чөйрөнү жөнгө салуу ыкмасын иштеп чыгууда өкмөттөр мындай жөнгө салуунун адамдын бардык укуктарын, анын ичинде сөз эркиндигин ишке ашырууга тийгизген таасирин да эске алышы керек[61].

Өкмөттөр ишканаларга баланын укуктары боюнча маселелерге кылдаттык менен кароо милдеттенмесин жүктөшү керек. Бул ишканалардын балдардын укуктарына тийгизген таасирин аныктоо, алдын алуу жана азайтуу, анын ичинде ишкердик мамилелеринин жана глобалдык иш-аракеттеринин алкагында иштешин камсыз кылат[62].

Мындан тышкары, өкмөттөр санариптик чөйрөдө балдардын укуктарына таасирин тийгизиши мүмкүн болгон тармактык уюмдар тарабынан мүмкүн болгон укук бузуулардын алдын алуу жана аларга жооп берүү жагынан эң жогорку стандарттарды каржылоо же келишим түзүү максатында ишке ашыруу сыяктуу кошумча чараларды карап чыгышы керек.

---

[59] Report of the Special Rapporteur on the promotion and protection of the right to freedom of opinion and expression, A/HRC/32/38 (2016), para. 71.

[60] Bertrand de Crombrugghe, "Report of the Human Rights Council on Its Thirty-First Session" (UN Human Rights Council, 2016).

[61] Report of the Special Rapporteur on the promotion and protection of the right to freedom of opinion and expression, A/HRC/32/38 (2016), para. 45.

[62] UN Committee on the Rights of the Child, General Comment № 16, para. 62.

## 4.2 Ишке ашыруу боюнча сунуштар

Өкмөттөр өз укуктарынын бузулушунун курмандыгы болгон балдар үчүн укук коргоо жаатындагы натыйжалуу каражаттарга жетүүнү камсыз кылышы керек, анын ичинде зарыл болгон учурда компенсация төлөп, келтирилген зыяндын ордун тез арада толтурууга жардам бериши керек. Өкмөттөр ошондой эле санариптик маалымат каражаттары жана МКТ менен байланышкан бузуулардын курмандыгы болгон балдарга адекваттуу колдоо жана жардам көрсөтүшү керек, атап айтканда жабыр тарткан балдардын толук айыгып кетишин жана реинтеграцияланышын камсыз кылуу, ошондой эле алардын кайрадан жабырлануусуна жол бербөө үчүн комплекстүү колдоо кызматтарынын ишин уюштурушу керек[63].

Ишеним телефондору сыяктуу балдардын кызыкчылыктарын эске алган консультация берүүнүн, даттанууларды берүүнүн жана кароонун коопсуз жана оңой жеткиликтүү механизмдери мыйзамдуу түрдө каралууга жана балдарды коргоонун улуттук системасынын бир бөлүгү болууга тийиш. Бул кызматтардын кандайдыр бир жөнгө салуучу органдар менен өз-ара байланышта болушу маанилүү, бул оор абалда калган баланын мамлекеттик институттар менен байланышын жеңилдетүүгө жардам берет. Ишеним телефондору балдарга курдаштары, ата-энелери, камкорчулары же мугалимдери менен талкуулоо кыйынга турган сексуалдык зомбулук сыяктуу өтө курч маселелерди чечүүдө өзгөчө баалуу. Ишеним телефондору балага юридикалык жардам кызматтарына, баш калкалоочу жайларга, укук коргоо органдарына же реабилитациялык кызматтарга кайрылууга түртку берүүдө маанилүү ролду ойнойт[64].

Мындан тышкары, өкмөттөр кылмышкерлерди аныктоо статистикасын жогорулатуу жана алардын кайра кылмыш жасоо коркунучун азайтуу үчүн кылмышкерлердин жүрүм-турумун түшүнүп, көзөмөлдөп турушу керек. Балдарга карата сексуалдык кызыкчылыкка байланыштуу сезимдери же ойлору бар укук бузуучуларга акысыз жана ананоимдүү түрдө телефон же чат аркылуу консультация жана колдоо көрсөтүү үчүн ишеним телефондорун түзүү сунушталат. Кылмышкерлерге жүрүм-турумун өзгөртүүгө жардам берүү кылмыштын кайталануу коркунучун азайтат.

Даттанууларды кароонун мыйзамдык деңгээлде белгиленген механизмдери да укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарынын системасынын маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Жөнгө салуучу органдары платформалардын балдарды коргоого байланыштуу маселелерди кантип билдирип, чечкенин баалоо үчүн көз карандысыз өлчөөлөрдү жана изилдөөлөрдү жүргүзүшү керек. Платформаларга өз алдынча мониторинг жүргүзүүдө жөнгө салуучу органдарга мүмкүндүк берген технология бар. Транспаренттүүлүктү камсыз кылуу үчүн берилүүчү отчетторду жарыялоо максатында кызмат көрсөтүүчүлөргө жардам көрсөтүү зарыл.

Мамлекеттик органдар, эл аралык коомчулук жана тармактык компаниялар менен биргеликте, онлайн чөйрөдө балдардын коопсуздугунун бардык тиешелүү аспектилерин өлчөө үчүн кызыкдар тараптар колдоно турган ченемдердин универсалдуу топтомун иштеп чыгышы керек.

### 4.2.1 Сексуалдык эксплуатация

Төмөндө балдарга зыян келтириши мүмкүн болгон коркунучтарды, атап айтканда, балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдарды, атап айтканда өз колу менен түзүлгөн контент, груминг жана сексуалдык мажбурлоо сыяктуу жана башка онлайн

[63] UN Committee on the Rights of the Child, Report of the 2014 Day of General Discussion, para. 106.

[64] Special Representative of the Secretary-General on Violence against Children, Releasing children's potential and minimizing risks, p. 51 and p. 65.

тобокелдиктерди карап чыгууда саясатчылардын өкүлдөрү эске алышы керек болгон конкреттүү ойлор келтирилген:

- CSAM материалдарын таратуу трафигин токтотуу же азайтуу боюнча чаралар, мисалы, улуттук ишеним телефонун түзүү же даттанууларды берүү үчүн IWF порталын колдонуу жана CSAM материалдарын камтыган же жарнамалаган онлайн контентке жетүүгө бөгөт коюу.
- Өлкөдө табылган бардык CSAM материалдарын борборлоштурулган улуттук ресурска жиберилишине кепилдик берип, мыйзамдуу түрдө компаниялардан ал контентти алып салууну милдеттендирген кылган улуттук жол-жоболордун болушун камсыз кылуу зарыл.
- CSAM материалдарына болгон суроо-талапты контролдоо стратегиялары, бул өзгөчө мындай кылмыштар үчүн күнөөлүү деп табылгандарга тиешелүү. Бул кылмыш курмандыкка алып келбеген кылмыштарга тиешеси жок экендиги жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу маанилүү: балдар көрүлүп жаткан материалды жаратуу үчүн колдонулат жана дүйнө жүзү боюнча CSAM материалдарын көрүү жана жүктөө менен, ар бир адам ал жерде сүрөттөлгөн балага карата кыянаттыкка түздөн-түз салым кошот, ошондой эле көбүрөөк сүрөттөрдү жаратуу үчүн көбүрөөк балдарды колдонууга үндөйт.
- Баланын CSAM материалын өндүрүү үчүн же башка жол менен сексуалдык зомбулукка кабылуусуна макулдук бере албастыгы жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу. CSAM материалдарын колдонгондорго алардын жардам сурап кайрылуулары керектигин жана ошол эле учурда алар жасаган мыйзамсыз иштери үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартыларын билдириңиз.
- CSAM материалдарына болгон суроо-талапты контролдоо стратегиясы. Мисалы, кээ бир өлкөлөрдө сексуалдык ишке карата соттолгон кылмышкерлердин реестри жүргүзүлөт. Соттор мындай кылмышкерлерге интернетти таптакыр колдонбоого же интернеттин балдар жана жаштар көп отурган жерлерин колдонууга тыюу салган мыйзамдуу буйруктарды беришет. Бул буйруктардын аткарылышын кантип камсыз кылууга болот деген көйгөйлөр дале бар. Бирок, кээ бир өлкөлөр сексуалдык мүнөздөгү кылмышкерлердин тизмесин бөгөттөө тизмесине кошуп, аларга белгилүү бир веб-сайттарга, мисалы, көптөгөн балдар жана жаштар кирген веб-сайттарга кирүүгө же катталууга мүмкүнчүлүк бербейт. Албетте, эгерде кылмышкер веб-сайтка башка ат же жасалма логин менен катталса, анда мындай чаралардын натыйжалуулугу кыйла төмөндөйт, бирок мындай жүрүм-турумду мыйзамсыз деп жарыялоо дагы бир тоскоол болушу мүмкүн.
- Жабырлануучуларга тиешелүү узак мөөнөттүү колдоо көрсөтүү зарыл. Балдар же жаштар онлайн чөйрөдө жабыр тарткан учурларда, мисалы, Интернетте алардын сүрөтү мыйзамсыз жол менен таркатылса, алар аны ким көрүп коет жана анын кесепети кандай болот деп тынчсызданышат. Бул бала же жаш адам коркутуу же андан ары сексуалдык эксплуатация жана сексуалдык зомбулук алдында өзүн алсыз сезиши мүмкүн. Бул контекстте, мындай кырдаалга туш болгон балдар жана жаштар үчүн колдоо кызматтарынын болушу маанилүү. Мындай колдоо узак мөөнөттүү негизде талап кылынышы мүмкүн.
- Онлайн чөйрөдө мыйзамсыз контент же шектүү жүрүм-турум жөнүндө билдирүү үчүн оңой түшүнүктүү жана тез иштей турган механизмди, мисалы, виртуалдык глобалдык максаттуу топ жана INHOPE тарабынан түзүлгөн системага окшош системаны түзүүнү жана кеңири жайылтууну камсыз кылуу зарыл. INTERPOL i24/7 системасын колдонууга да дем берүү керек.
- Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин жетиштүү саны интернетте же компьютерлерди колдонуу менен жасалган кылмыштарды иликтөө боюнча тийиштүү окуудан өтүшүн, ошондой эле тиешелүү санариптик маалыматтарды бөлүп көрсөтүүгө жана чечмелөөгө мүмкүндүк берүүчү криминалистиканын тиешелүү каражаттарына жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу зарыл.

- Укук коргоо, прокуратура жана юстиция органдарынын кызматкерлерин мындай кылмыштарды жасоо үчүн онлайн кылмышкерлер колдонгон ыкмаларга окутууга инвестициялоо. Санариптик жабдуулардан алынган криминалистикалык далилдерди алуу жана чечмелөө үчүн керектүү жабдууларды сатып алууга жана тейлөөгө инвестиция талап кылынат. Мындан тышкары, башка өлкөлөрдөгү тиешелүү укук коргоо органдары жана тергөө органдары менен эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташтыкты жана маалымат алмашууну түзүү маанилүү болот.

### 4.2.2 Билим берүү

Балдардын технологияны эч бир тобокелчиликсиз эле пайдалануусуна кепилдик берүү үчүн стратегиянын алкагында балдардын санариптик сабаттуулугун камсыз кылуу керек. Бул балдарга санариптик чөйрөдө өз жүрүм-турумунун жакшы жана жаман жактарын аныктоого жана түшүнүүгө жардам бере турган критикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Балдарга онлайн чөйрөдө келтирилген зыяндын мисалын көрсөтүү маанилүү, бирок бул санариптик сабаттуулуктун кеңири программасынын алкагында жасалганда гана натыйжалуу болот, ал жаш курагына ылайык келип, көндүмдөргө жана компетенцияларга көңүл бурушу керек. Онлайн чөйрөдө коопсуздук боюнча окутуу программасы социалдык жана эмоционалдык окутуу принциптерин камтышы керек, анткени алар студенттерге эмоцияларды түшүнүүгө жана башкарууга, ошону менен бирге онлайн чөйрөдө да, чыныгы дүйнөдө да сый-урматтын негизинде жакшы мамиледе болууга жардам берет.

Интернетти колдонгон балдардын коопсуздугун камсыз кылуунун оптималдуу жолдорунун бири болуп, аларга тиешелүү каражаттар менен камсыз кылуу жана билим берүү болуп саналат. Же болбосо, санариптик сабаттуулукту өнүктүрүүнү мектеп программаларына киргизсе болот. Дагы башка ыкмалардын бири катары мектеп программасынан тышкары билим берүү ресурстарын түзүүнү болуп саналат.

Балдар менен иш алып барган адамдар онлайн чөйрөдө балдардын коопсуздугу менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүдө балдарга ишенимдүү жардам берүү үчүн тийиштүү билимге жана көндүмдөргө ээ болушу керек, ошондой эле балдардын технологияларды ийгиликтүү колдонууда зарыл болгон санариптик көндүмдөргө ээ болушун камсыз кылуусу керек.

### 4.2.3 Тармактык компаниялар

Улуттук жана эл аралык тармактык компаниялар онлайн чөйрөдө баланын коопсуздугуна байланыштуу маселелер жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуунун жана баланын коопсуздугуна жоопту болгон бардык чоң адамдарга, анын ичинде ата-энелерге жана камкорчуларга, мектептерге, жаштар уюмдарына жана жамааттарга балдардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн зарыл болгон билимди жана көндүмдөрдү өнүктүрүүдө жардам берүүнүн үстүндө иштеши керек. Тармактык компаниялардын өз өнүмдөрүн, кызматтарын жана платформаларын өнүктүрүүгө болгон мамилеси коопсуздукту жогорулатуу принцибине негизделиши керек жана коопсуздукту камсыз кылуу негизги милдет катары таанылышы керек.

- Онлайн чөйрөдө үй-бүлөнүн коопсуздугун башкарууну жакшыртууга жардам берүү үчүн колдонуучуларын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыктуу куралдар менен камсыз кылуу зарыл.
- Колдонуучуларына көйгөйлөрдү жана көйгөйлүү маселелерди билдирүү үчүн ылайыктуу механизмдерди берүү зарыл. Колдонуучулар бул билдирүүлөргө өз убагында жооп берип, көрүлгөн чаралар жана эгер мүмкүн болсо, кошумча колдоо ала турган жерлер жөнүндө маалымат ала алышы керек.

- Мындан тышкары, балдарга карата (кылмыш иши катары классификацияланган) кыянаттыктын ар кандай түрлөрүн аныктоо жана четтетүү үчүн балдарды эксплуатациялоо жөнүндө алдын ала кабарлоо механизмин камсыз кылуу. Бул практика көрсөткөндөй, эгерде бардык кызыкдар тараптар табууга, бөгөттөөгө жана билдирүүгө салым кошсо, анда интернет бардыгы үчүн таза жана коопсуз болот. Тармактык компаниялар платформаларын кыянаттык менен колдонууну болтурбоо үчүн IWF кызматтары сыяктуу бардык тиешелүү куралдарды колдонууну ойлонушу керек.

Балдар ашыкча тобокелдиктерге кабылбашы үчүн, экосистеманын бардык тиешелүү катышуучулары онлайн чөйрөдөгү коркунучтар жана зыян келтирүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө билиши керек.

Бардык тиешелүү аспектилерди өлчөө үчүн онлайн чөйрөдө балдардын коопсуздугунун жалпы көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу керек. Жалпы стандарттардын жана көрсөткүчтөрдүн болушу өлкөлөрдөгү прогресске көз салуунун, балдарга карата ар кандай зомбулукту жоюуга багытталган долбоорлордун жана иш-чаралардын ийгиликтүүлүгүн аныктоонун жана онлайн чөйрөдө баланын коопсуздугунун экосистемасынын натыйжалуулугун таануунун жалгыз жолу болуп саналат.

# 5 Онлайн чөйрөдө балдардын коопсуздугун камсыз кылуунун улуттук стратегиясын иштеп чыгуу

## 5.1 Улуттук деңгээлдеги өзүн-өзү текшерүү тизмеси

Онлайн чөйрөдө баланын коопсуздугун камсыз кылууга багытталган улуттук стратегияны иштеп чыгуу үчүн, башкаруу органдары кеңири чараларды карап чыгышы керек. 1-таблицада кароону талап кылган негизги багыттар келтирилген.

**1-таблица: Кароону талап кылган негизги багыттар**

| | № | Кароону талап кылган негизги багыттар | Кошумча маалымат |
|---|---|---|---|
| **Укуктук алкактар** | 1 | Онлайн чөйрөдө жашы 18ге жете элек адамдарды Интернетке кирүү платформаларынын баарында коргоо үчүн Укук коргоо органдары жана башка уюмдар бардык зарыл болгон юридикалык укуктар бар экенин аныктоо үчүн учурдагы укуктук базаны кайра карап чыгуусу зарыл. | Эреже катары, реалдуу дүйнөдө балага каршы жасалышы мүмкүн болгон ар кандай жана ар бир кылмыш, тиешелүү түзөтүүлөрдү эске алуу менен, ошондой эле интернетте же башка электрондук тармакта жасалышы мүмкүн экенин тактаган мыйзамдар блогун киргизүү талап кылынат.<br><br>Мындан тышкары, интернетте гана болушу мүмкүн болгон айрым жүрүм-турумдардын мыйзамсыздыгын аныктоо үчүн жаңы мыйзамдарды иштеп чыгуу же иштеп жаткан мыйзамдарды карап чыгуу талап кылынышы мүмкүн, мисалы, балдарды сексуалдык иш-аракеттерди жасоого жана көрүүгө алыстан азгыруу же балдарды чыныгы дүйнөдө сексуалдык максаттар менен жолугушууга "азгыруу".<br><br>Бул максаттардан тышкары, адатта, компьютерлерди кылмыштуу максатта кыянаттык менен пайдалануунун мыйзамсыздыгын, хакердик жана башка зыяндуу жана орунсуз компьютердик программаларды колдонуунун мыйзамсыздыгын аныктаган жана интернет кылмыштарды жасоого мүмкүн болгон жер экендигин аныктаган мыйзамдарды киргизүү талап кылынат. |
| | 2 | Зарыл болгон өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, балага каршы реалдуу дүйнөдө мыйзамсыз болгон ар кандай иш-аракет онлайн режиминде мыйзамсыз экендигин жана онлайн режиминдеги маалыматтарды коргоо жана купуялуулук эрежелери балдарга да тиешелүү экендигин аныктаңыз. | |

| | № | Кароону талап кылган негизги багыттар | Кошумча маалымат |
|---|---|---|---|
| **Жөнгө салуу алкактары** | 3 | Жөнгө салуу саясатын иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн карап көрөлү. Ал өзүн-өзү жөнгө салууну, биргелешкен жөнгө салууну, ошондой эле толук жөнгө салууну сунуштай алат.<br><br>Өзүн-өзү жөнгө салуу же биргелешип жөнгө салуу модели бардык кызыкдар тараптарды тартууга, координациялоого же уюштурууга жана сактоого көмөктөшүү, ошондой эле технологиялык өзгөрүүлөргө жооп катары тиешелүү иш-аракеттерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу ылдамдыгын жогорулатуу максатында онлайн чөйрөдө коопсуздук планында ак ниеттүү практиканын кодекстерин же базалык күтүүлөрдү иштеп чыгууну жана жарыялоону камтышы мүмкүн.<br><br>Жөнгө салуу модели кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн жана милдеттенмелерин аныктап, аларды укуктук чөйрөдө бекемдей алат. Саясатты сактабагандыгы үчүн жазалар дагы каралышы мүмкүн. | Айрым өлкөлөр бул жаатта эрежелерди иштеп чыгуу үчүн өз алдынча же биргелешкен жөнгө салуу моделин түзүштү жана мындай моделдердин жардамы менен, мисалы, Интернет тармагына багыт берүү максатында, онлайн чөйрөдө балдардын жана жаштардын коопсуздугун камсыз кылуу жаатында мыкты иштей турган чараларды колдонуп, акыйкат практиканын кодекстерин жарыялашты. Алсак, Европа биримдигинин алкагында балдарга жана жаштарга контент жана кызмат көрсөтүүгө тиешелүү тармактарда, анын ичинде социалдык тармактарда да, байланыш тармактарында да Европа биримдигинин кодекстери жарыяланган.<br><br>Өзүн-өзү жөнгө салуу же биргелешкен жөнгө салуу технологиялык өзгөрүүлөргө тиешелүү жоопторду иштеп чыгуу жана кабыл алуу ылдамдыгын жогорулатууда натыйжалуураак болушу мүмкүн.<br><br>Жакында эле бир нече өлкөлөр жөнгө салуу эрежелерин даярдашкан жана/же кабыл алышкан. Мында, жөнгө салуучу ченемдер өзүн-өзү жөнгө салуу же биргелешкен жөнгө салуу моделдеринин негизинде иштелип чыккан жана кызыкдар тараптардын, айрыкча тармактык провайдерлердин өз колдонуучуларын жакшыраак коргоо үчүн талаптары жана күтүүлөрү аныкталган. |

| | № | Кароону талап кылган негизги багыттар | Кошумча маалымат |
|---|---|---|---|
| **Мыйзамсыз контент жөнүндө кабарлоо** | 4 | Интернетте табылган ар кандай мыйзамсыз мазмундагы контент жөнүндө отчет берүүнүн так жолдорун камсыз кылуу механизмин түзүүнү жана кеңири жайылтууну камсыз кылуу зарыл.<br><br>Мисалы, тез жооп кайтаруу жана мыйзамсыз материалды алып салуу же ага кирүүгө тыюу салуу мүмкүнчүлүгү бар мамлекеттик ишеним телефонун алсак болот.<br><br>Тармактар анын уюмдарына тиешелүү бардык кызматтарды тартуу менен онлайн чөйрөдө балдарга карата жасалган кыянаттыкты аныктоо, бөгөт коюу жана жоюу механизмдерине ээ болушу керек. | Онлайн кызматтарын кыянаттык менен пайдалануу же онлайн чөйрөдөгү айыптуу же мыйзамсыз жүрүм-турум жөнүндө кабарлоо механизмдерин интернетте жана башка маалымат каражаттарында кеңири жарнамаланып, мисалы улуттук ишеним телефону аркылуу, жайылтылышы керек. Эгерде улуттук ишеним телефону жок болсо, IWF билдирүүлөрдү жөнөтүү үчүн порталдарды колдонууну чечим катары сунуштайт.<br><br>Колдонуучу жараткан контентти жайгаштырууга мүмкүндүк берген ар бир веб-сайттын тиешелүү бөлүмдөрүндө кыянаттык жөнүндө кабарлоо механизмдерине шилтемелер көрсөтүлүшү керек.<br><br>Ошондой эле, өздөрүн кандайдыр бир коркунуч алдында тургандай сезген адамдар же интернеттеги шектүү аракеттерди байкаган адамдар мүмкүн болушунча тез арада тиешелүү полиция органдарына кабарлашы керек, жана алар кандайдыр бир окуудан өтүп, мындай билдирүүгө жооп берүүгө даяр болушу керек.<br><br>Виртуалдык глобалдык жумушчу топ-бул АКШ, Канада, Австралия жана Италиянын жарандарынан 24/7 режиминде мыйзамсыз жүрүм-турум же контент боюнча дооматтарды кабыл алуу механизмин камсыз кылган укук коргоо органдарынын уюму; башка өлкөлөр да жакында кошулушу күтүлүүдө.<br><br>www.virtualglobaltaskforce.com. |
| **Колдонуучунун муктаждыктарын билдирүү** | 5 | Тармактын өкүлдөрү колдонуучуларга тынчсызданууну жараткан өздөрүнүн маселелери жөнүндө кабарлоого мүмкүнчүлүк бериши керек | Провайдерлер өз колдонуучуларына алардын кызматтарына байланыштуу маселелерди жана кооптонууну билдирүү мүмкүнчүлүгүн берүү жана так көрсөтүү милдетин алышы |

| | № | Кароону талап кылган негизги багыттар | Кошумча маалымат |
|---|---|---|---|
| | | жана аларга тиешелүү түрдө жооп берүүсү зарыл. | керек. Бул балдар үчүн ыңгайлуу жана оңой жеткиликтүү болушу керек. |
| **Катышуучулар жана кызыкдар тараптар** | 6 | Баланын онлайн чөйрөдө коопсуздугун камсыз кылууга кызыкдар болгон бардык тиешелүү тараптарды тартуу зарыл, атап айтканда:<br>- өкмөттүк уюмдар;<br>- укук коргоо органдары;<br>- социалдык тейлөө уюмдары;<br>- интернет провайдерлери жана башка электрондук кызмат көрсөтүүчүлөр;<br>- мобилдик байланыш кызмат көрсөтүүчүлөрү;<br>- Wi-Fi түйүндөрүн жеткирүүчүлөр;<br>- башка тиешелүү жогорку технологиялык компаниялар;<br>- мугалимдердин уюмдары;<br>- ата-энелер уюмдары;<br>- балдар жана жаштар;<br>- балдарды коргоо боюнча БӨУ жана башка тиешелүү БӨУ;<br>- академиялык жана изилдөө уюмдары;<br>- интернет кафе ээлери жана башка жамааттык кирүү кызматтарын көрсөтүүчүлөр, мисалы, китепканалар, телекоммуникация борборлору, компьютердик клубдар[65], онлайн оюн борборлору ж. б. | Кээ бир улуттук өкмөттөр интернетти балдар жана жаштар үчүн коопсуз жайга айландыруу жана көйгөйлөр жана аларды иш жүзүндө кантип чечүү керектиги жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу максатында Улуттук демилгени иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн бардык кызыкдар тараптарды жана рыноктун катышуучуларын бириктирүү пайдалуу деп табышты.<br><br>Бул стратегиянын алкагында, бардык жерде жана ар кандай түзмөктөр аркылуу Интернетке туташкан көптөгөн адамдар бар экенин түшүнүү маанилүү болот. Кең тилкелүү жана кыймылдуу Wi-Fi байланыш операторлору тартылышы керек. Мындан тышкары, көптөгөн өлкөлөрдө Интернетке кирүүнүн маанилүү булагы, айрыкча балдар жана жаштар үчүн коомдук китепканалар, телекоммуникация борборлору жана интернет-кафелер тармагы болуп саналат. |

[65] Компьютердик клуб (англ. ")) – Бул Түштүк Кореяда жана башка кээ бир өлкөлөрдө кеңири жайылган термин жана ал тармак аркылуу оюнчулардын бири-бири менен же онлайн чөйрөдө башка оюнчулар ортосунда компьютердик оюнду ойноо үчүн колдонулган чоң бөлмөнү түшүндүрөт.

| | № | Кароону талап кылган негизги багыттар | Кошумча маалымат |
|---|---|---|---|
| **Изилдөө иштери** | 7 | Улуттук катышуучулардын жана кызыкдар тараптардын онлайн чөйрөдө балдардын коопсуздугун коргоо иш-аракеттерине байланыштуу болгон ой-пикирлерин, тажрыйбаларын, көйгөйлүү маселелерин, ошондой эле мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо боюнча изилдөө жүргүзүү. Ошондой эле жоопкерчилик чөйрөсүн, ошондой эле онлайн чөйрөдө баланы коргоо боюнча көрүлүп жаткан же пландаштырылган чараларды баалоо керек. | |
| **Билим берүү: санариптик сабаттуулук жана компетенттүүлүк** | 8 | Балдардын жаш өзгөчөлөгүнө ылайыктуу жана алардын билим алуусу үчүн колдонула турган ар кандай улуттук мектеп программасынын алкагында санариптик сабаттуулук боюнча материалдарды иштеп чыгуу. | Мектептер жана жалпысынан билим берүү системасы онлайн чөйрөдө балдардын коопсуздугун коргоонун улуттук стратегиясында билим берүүнүн негизин жана санариптик сабаттуулуктун компонентин түзөт.<br><br>Ар бир улуттук мектеп программасы балдарды онлайн чөйрөдө коргоонун аспектилерин камтышы керек жана бардык курактагы балдарга технологияны билгичтик менен жана пайдалуу пайдалануу үчүн, ошондой эле коркунучтардан жана зыяндардан сактануу үчүн жаш курагына ылайыктуу көндүмдөрдү берүүгө багытталышы керек. Анда онлайн чөйрөдө позитивдүү жана конструктивдүү жүрүм-турум таанылып, кубатталышы керек.<br><br>Көптөгөн билим берүү жана массалык маалымат берүү кампанияларында туура тонду тандоо маанилүү. Коркунучтуу билдирүүлөрдөн оолак болуу керек, ошондуктан жаңы технологиянын көптөгөн позитивдүү жана көңүл ачуучу мүмкүнчүлүктөрүнө басым |

| | № | Кароону талап кылган негизги багыттар | Кошумча маалымат |
|---|---|---|---|
| | | | жасоо керек. Интернет балдарга жана жаштарга жаңы дүйнөлөрдү изилдөөгө жардам берүүчү каражат катары чоң потенциалга ээ. Аларга онлайн чөйрөдө жүрүм-турумдун позитивдүү жана жоопкерчиликтүү формаларын үйрөтүү билим берүү жана маалыматтык программаларынын негизги милдети болуп саналат.<br><br>Балдар менен иштегендер, айрыкча мугалимдер, балдарга ушул көндүмдөрдү ийгиликтүү үйрөтүү үчүн тийиштүү даярдыктан өтүп, жабдылышы керек. Алар онлайн чөйрөдөгү коркунучтар жана зыяндар эмне экендигин түшүнүп, балдарды коргоо үчүн кыянаттык менен зыяндын белгилерин таанып, аларга жооп кайтарып, тынчсызданууларын билдире алышы керек. |
| **Билим берүү ресурстары** | 9 | Бардык кызыкдар тараптардын билимин жана тажрыйбасын колдонуу жана жергиликтүү маданий нормаларды жана мыйзамдарды чагылдырган интернет коопсуздугу боюнча билдирүүлөрдү жана материалдарды даярдоо жана алардын натыйжалуу бөлүштүрүлүшүн жана бардык негизги максаттуу аудиторияга тиешелүү түрдө берилишин камсыз кылуу. Маалымат каражаттарынын маалымдуулукту жогорулатуучу билдирүүлөрдү жайылтууга жардам берүүсүнө көңүл коюу зарыл. Балдар жана жаштар үчүн интернеттин оң жана пайдалуу жактарын баса белгилеген жана коркуу сезиминен улам | Окуу куралдарын иштеп чыгууда технологияны аз өздөштүргөн көптөгөн адамдар аны колдонууда өзүн ыңгайсыз сезерин эске алуу маанилүү. Ушул себептен улам, коопсуздук материалдары басма түрүндө да, видео сыяктуу башка маалымат форматтарында да жеткиликтүү болушун камсыз кылуу маанилүү.<br><br>Көптөгөн ири интернет компаниялары балдарга жана жаштарга арналган онлайн тобокелчиликтери жөнүндө көптөгөн маалыматтарды камтыган веб-сайттарды иштеп чыгышкан. Бирок, көбүнчө бул материал англис тилинде же азчылыктын гана тилинде жеткиликтүү.<br><br>Демек, материалдар жер-жерлерде түзүлүп, улуттук мыйзамдарды жана жергиликтүү маданий нормаларды чагылдырышы абдан маанилүү. Бул ар кандай Интернет коопсуздугу кампаниясы үчүн жана ар кандай |

| | № | Кароону талап кылган негизги багыттар | Кошумча маалымат |
|---|---|---|---|
| | | жөнөтүлгөн билдирүүлөрдөн алыс болууга мүмкүндүк берген материалдарды иштеп чыгуу. Онлайн чөйрөдө позитивдүү жана жоопкерчиликтүү жүрүм-турумду жайылтуу.<br><br>Ата-энелерге балдарынын онлайн чөйрөдө коопсуздугун баалоого жана тобокелдиктерди минималдаштырууга жана өз үй-бүлөсүнүн потенциалын жогорулатууга жардам берүүгө багытталган окуу ресурстарын иштеп чыгуу маселелерин карап чыгуу. | окуу материалдарын иштеп чыгуу үчүн маанилүү болот. |
| **Баланы коргоо** | 10 | Балдарды коргоонун универсалдуу системалуу механизмдеринин болушун камсыз кылуу, балдар менен иштеген бардык тараптарды (социалдык коргоо, саламаттыкты сактоо кызматтары, мектептер ж.б.) онлайн чөйрөдө кыянаттык жана зыян келтирүү учурларды аныктоого, аларга жооп берүүгө жана мындай окуялар жөнүндө кабарлоого милдеттендирүү. | Балдар менен иш алып барган адамдардын баары үчүн бирдей иштеген балдарды коргоонун универсалдуу системасы болушу керек, жана мында алар көйгөйлүү кырдаалды иликтөөгө жана чечим табууга мүмкүндүк бере турган балдарга карата зомбулук же зыян келтирүү жөнүндө билдирүүлөрү милдеттүү түрдө кабарлашы зарыл. |
| **Улуттук деңгээлде маалымдуулук** | 11 | Онлайн чөйрөдө балдарды коргоо маселелерине көпчүлүктүн көңүлүн бурдуруу максатында маалымдуулукту жогорулатуу боюнча улуттук кампанияларды уюштуруу керек. Кампанияны иштеп чыгуу үчүн коопсуз Интернет күнү сыяктуу глобалдык кампанияларды | Ата-энелер, камкорчулар жана мугалимдер сыяктуу адистер балдарга жана жаштарга онлайн чөйрөдө коопсуз болууга жардам берүүдө маанилүү ролду ойношот. Бул маселелер боюнча маалымдуулукту камсыз кылган, ошондой эле алар менен күрөшүү стратегиясын аныктаган колдоо программалары керек.<br><br>Маалыматтарды жайылтууда жана маалымдуулукту жогорулатуу |

| | № | Кароону талап кылган негизги багыттар | Кошумча маалымат |
|---|---|---|---|
| | | колдонуу пайдалуу болушу мүмкүн. | максатында кампанияларды жүргүзүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарынын жардамы дагы каралышы керек.<br><br>Коопсуз Интернет күнү сыяктуу мүмкүнчүлүктөр онлайн чөйрөдө балдардын коопсуздугун коргоо темасын талкуулоого түрткү берет. Көптөгөн өлкөлөр коопсуз интернет күнүнүн контекстинде маалымат каражаттары жана социалдык тармактар аркылуу универсалдуу билдирүүлөрдү таратууну күчөтүү максатында ар кандай катышуучуларды жана кызыкдар тараптарды ишке тартып улуттук маалымдоо кампанияларын ийгиликтүү уюштурушту. |
| **Каражаттар, кызматтар жана орнотуулар** | 12 | Баланын коопсуздугун камсыз кылууда пайдалуу ролду ойной турган тиркемелерди жана каражаттарды, техникалык каражаттарды (мисалы, фильтрлөө программаларын) карап көрүү зарыл.<br><br>Колдонуучуларды өз каражаттары үчүн жоопту болууга, операциялык системаны үзгүлтүксүз жаңыртып турууга жана тиешелүү коопсуздук программаларын жана тиркемелерин колдонууга үндөө зарыл. | Бул техникалык каражаттарды кеңири таралган арсеналдын бир бөлүгү катары колдонуу керек. Мында ата-энелердин жана/же камкорчулардын катышуусу өтө маанилүү. Жашы жеткен балдар көбүрөөк купуялуулукту сактоону талап кылышат жана ошондой эле өз алдынча изилдөөнү баштоого болгон каалоолору күчөй баштайт. Ошондой эле, сатуучу менен керектөөчүнүн ортосунда каржылык жактан мамиле болгон учурда, жаш курагы боюнча чектелген товарларды сатууда жана кызматтарды көрсөтүүдө, ошондой эле белгилүү бир жаштан жогору окурмандарга гана арналган материалдарды сатууда кардардын жашын тастыктоо жолдору абдан пайдалуу болуп саналат.<br><br>Каржылык жактан мамилелер жок болгон учурда, жашты тастыктоочу технологияны колдонуу көйгөйлүү болушу мүмкүн, же ишенимдүү маалымат булактарынын жоктугунан көптөгөн өлкөлөрдө анын ишке ашуусу мүмкүн эмес. |

## 5.2 Суроолордун мисалдары

Улуттук кызыкдар тараптарды жана катышуучуларды аныктагандан кийин, аларга жооп берүү үчүн төмөнкү суроолордун тизмесин таркатууга болот. Алардын жооптору саясат чөйрөсүн, алардын күчтүү жактарын, ошондой эле өзгөчө көңүл бура турган бөлүмдөрдү аныктоого жардам берет.

- Онлайн чөйрөсүндө балдардын коопсуздугу жана алардын укуктары үчүн сиз канчалык деңгээлде жооптуусуз?
- Онлайн чөйрөсүндөгү коопсуздук жана баланын укуктары сиздин учурдагы саясаттарыңызга жана процесстерге кандайча интеграцияланган?
- Онлайн чөйрөсүндөгү коопсуздук канчалык деңгээлде колдонулуп жаткан мыйзамдарда камтылган?
- Онлайн чөйрөсүндөгү коопсуздук боюнча сиздин артыкчылыктарыңыз кандай?
- Онлайн чөйрөсүндөгү коопсуздукту колдоо максатында кандай иш-аракеттерди жасайсыз?
- Балдар / ата-энелер сизге онлайн чөйрөсүндөгү коопсуздук маселелери же көйгөйлөрү жөнүндө маалымат бере алабы?
- Онлайн дүйнөдө алдыңызда турган үч негизги чакырыкты атаңыз.
- Онлайн дүйнөдө сиз үчүн ачылган үч негизги мүмкүнчүлүктү атаңыз.

Мындан тышкары, балдар жана алардын ата-энелери онлайн чөйрөсүндө баланын коопсуздугун сактоону кандайча элестетип жаткандыгын жана алардын тажрыйбасы кандай экендигин түшүнүү үчүн изилдөө жүргүзүү пайдалуу болуп саналат.

# 6 Маалымдама материалдар

Онлайн чөйрөдө баланын коопсуздугун камсыз кылуу: негизги документтер жана басылмалар


### 2020-жыл

- ECPAT International, Sexual Exploitation Of Children In The Middle East And North Africa, 2020
- DQ Institute, 2020 Child Online Safety Report, 2020
- EU Kids Online, EU Kids Online 2020: Survey results from 19 countries, 2020

### 2019-жыл

- Internet Watch Foundation (IWF), Annual Report, 2019
- WeProtect Global Alliance, Global Threat Assessment, 2019
- Broadband Commission ITU/UNESCO, Child Online Safety Universal Declaration, 2019
- Broadband Commission ITU/UNESCO, Child Online Safety: Minimizing the Risk of Violence, Abuse and Exploitation Online, 2019
- Global Kids Online, Growing up in a connected world, 2019
- Rethinking the Detection of Child Sexual Abuse Imagery on the Internet, in Proceedings of the 2019 World Wide Web Conference, May 13–17, 2019, San Francisco, USA, 2019
- UK Home Office, Online Harms White Paper (UK only), 2019
- PA Consulting, A tangled web: rethinking the approach to online CSEA, 2019
- UK Information Commissioner Office, Consultation on Code of Practice to help protect children online (UK only), 2019
- Global Fund to End Violence against Children, Disrupting Harm: evidence to understand online child sexual exploitation and abuse, 2019
- Global Partnership to End Violence against Children, Safe to Learn Call for Action, Youth Manifesto, 2019
- UNESCO, Behind the numbers: Ending school violence and bullying, 2019 (интернеттеги жагымсыз жүрүм-турум жана киберкоркутуу жөнүндө маалыматтарды камтыйт)
- United Nations Human Rights Office of the High Commissioner, children's rights in relation to the digital environment, 2019
- Australian eSafety Commissioner, Safety by Design Overview, 2019
- UNICEF, Why businesses should invest in digital child safety, 2019
- U.S. Department of State, Trafficking in Persons report, 2019

### 2018-жыл

- WeProtect Global Alliance, Global Threat Assessment, 2018
- Child Dignity on the Digital World, Technical Working Group Report, 2018 Council of Europe, Recommendation CM/Rec(2018)7 of the Committee of Ministers to member States on Guidelines to respect, protect and fulfil the rights of the child in the digital environment, 2018
- Global Fund to End Violence against Children, Two years of supporting solutions: results from the Fund's investments, 2018

- WeProtect Global Alliance, Working examples of Model of National Response capabilities and implementation, 2018
- INTERPOL and ECPAT International, Towards a Global Indicator on Unidentified Victims in Child Sexual Exploitation Material, 2018
- EUROPOL, Internet Organized Crime Threat Assessment (IOCTA), 2018
- NetClean, Report about Child Sexual Abuse Cybercrime, 2018
- International Centre for Missing & Exploited Children (ICMEC), Child Sexual Abuse Material: Model Legislation & Global Review, 9th Edition, 2018
- International Centre for Missing & Exploited Children (ICMEC), Studies in Child Protection: Sexual Extortion and Non-Consensual Pornography, 2018
- International Association of Internet Hotlines, INHOPE Report, 2018
- Internet Watch Foundation (IWF), Annual Report, 2018
- Production and Active Trading of Child Sexual Exploitation Images Depicting Identified Victims
- ITU, Global Cybersecurity Index, 2018
- CSA Centre of Expertise, Interventions for perpetrators of online child sexual exploitation - a scoping review and gap analysis, 2018
- NatCen, Behaviour and Characteristics of Perpetrators of Online-facilitated CSEA - a rapid evidence assessment, 2018
- UNICEF, Policy guide on children and digital connectivity, 2018


### 2017-жыл


- The National Center for Missing & Exploited Children (NCMEC), The online enticement of children: an in-depth analysis of CyberTipline Reports, 2017
- Digital Childhood, Addressing Childhood Development Milestones in the Digital Environment
- Childnet, DeShame Report, 2017
- Canadian Centre for Child Protection, Survivors' survey, 2017
- Internet Watch Foundation (IWF), Annual Report, 2017
- International Centre for Missing & Exploited Children (ICMEC), Annual Report, 2017
- International Centre for Missing & Exploited Children (ICMEC), Online Grooming of Children for Sexual Purposes: Model Legislation & Global Review, 2017
- Thorn, Sextortion online survey with 2,097 victims of sextortion ages 13 to 25, 2017
- UNICEF, Children in a Digital World, 2017
- Western Sydney University, Young and Online: Children's Perspectives on Life in Digital Age, 2017
- ECPAT International, Sexual Exploitation of Children in South East Asia, 2017


### 2016-жыл


- UNICEF, Perils and possibilities: growing up online, 2016
- UNICEF, Child protection in the digital age: National responses to online CSEA in ASEAN, 2016

- Centre for Justice and Crime Prevention, Child Online Protection in the MENA Region, 2016
- ECPAT International, Interagency Working Group on Sexual Exploitation of Children, Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse (The Luxembourg Guidelines), 2016


## 2015-жыл


- WeProtect Global Alliance, Preventing and Tackling Child Sexual Exploitation and Abuse (CSEA): A Model National Response, 2015
- NCMEC, A Global Landscape of Hotlines Combating CSAM, 2015
- ITU and UNICEF, Guidelines for Industry on Child Online Protection, 2015


## Санариптик дүйнөдөгү адам укуктары жөнүндө


- Council of Europe, Guidelines to respect, protect and fulfil the rights of the child in the digital environment, 2018
- UNESCO, Internet Universality Indicators, 2019
- Ranking Digital Rights (RDR), 2019 RDR Corporate Accountability Index, 2019
- Broadband Commission for Sustainable Development, The State of the Broadband, 2019
- ITU, Measuring Digital Development, 2019
- ITU, Measuring Information Society Report, 2018
- UNICEF, Children and Digital Marketing Industry Toolkit, 2018
- Broadband Commission for Sustainable Development, Digital health, 2017
- Broadband Commission for Sustainable Development, Digital Skills for life and work, 2017
- Broadband Commission for Sustainable Development, Digital gender divide, 2017
- UNICEF, Privacy, protection of personal information and reputation, 2017
- UNICEF, Freedom of expression, association, access to information and participation, 2017
- UNICEF, Access to the Internet and digital literacy, 2017
- Guidelines regarding the implementation of the Optional Protocol to the Convention on the Rights of the Child on the sale of children, child prostitution and child pornography


Кошумча материалдарды төмөнкү веб-сайттын тиешелүү бөлүмдөрүнөн табууга болот: xoo.itu cop-guidelines.com.

# 1-тиркеме: Терминдер

Төмөндөгү аныктамалар негизинен 1989-жылдагы балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын алкагында иштелип чыккан, ошондой эле балдарды сексуалдык эксплуатациядан жана сексуалдык зомбулуктан коргоо жаатындагы терминология боюнча көрсөтмөлөрдүн[66] (Люксембург колдонмолору, 2016), 2012-жылдагы балдарды сексуалдык мүнөздөгү эксплуатациядан жана зомбулуктан коргоо жөнүндө Европа Кеңешинин конвенциясы[67], ошондой эле 2019-жылдагы Global Kids Online докладына[68] таянат.

### *Өспүрүмдөр*

Өспүрүмдөр - 10 жаштан 19 жашка чейинки адамдар. Белгилей кетүүчү нерсе, эл аралык укукта өспүрүмдөр деген термин каралган эмес жана 18 жашка чейинкилер балдар катарына, ал эми улуттук мыйзамдарга ылайык жашы туура келсе[69] 19 жаштагылар чоң адамдардын катарына кирет.

### *Жасалма интеллект (ЖИ)*

Жалпы маанисин алганда, бул термин накта илимий фантастика аймагындагы (өзүн-өзү таануу формасына ээ болгон "күчтүү" ЖИ деп сүрөттөлгөн) жана учурда иштеп жаткан жана өтө татаал тапшырмаларды аткарууга жөндөмдүү (үнду же жүздү таануу, автомобиль айдоо: бул системалар "алсыз" же "орто" ЖИ катары сүрөттөлгөн) [70] системаларды аныктайт.

### *Жасалма интеллект (ЖИ) системалары*

ЖИ системалары - бул адам тарабынан берилген белгилүү бир максаттардын топтомунун чегинде реалдуу же виртуалдык чөйрөгө таасир этүүчү божомолдорду түзө алган, сунуштарды же чечимдерди кабыл ала алган жана кандайдыр бир деңгээлде өз алдынча иштей алган машинага негизделген система[71].

[66] "Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse", 2016, 114, http://luxembourgguidelines.org/wp-content/uploads/2017/06/Terminology-guidelines-396922-EN.pdf.

[67] Council of Europe, Conseil de l'Europe, and Council of Europe, Protection of Children against Sexual Exploitation and Sexual Abuse: Council of Europe Convention (Strasbourg: Council of Europe Publishing, 2012), https://www.coe.int/t/dg3/children/1in5/Source/Lanzarote%20Convention_EN.pdf.

[68] Globalkidsonline.net, "Done Right, Internet Use Can Increase Learning and Skills", November 2019, http://globalkidsonline.net/synthesis-report-2019/.

[69] UNICEF and ITU, Guidelines for Industry on Child Online Protection (itu.int/cop, 2015), https://www.itu.int/en/cop/Documents/bD_Broch_INDUSTRY_0909.pdf.

[70] Council of Europe, "What's AI?", coe.int, Artificial Intelligence, кайрылуу датасы: 16 январь, 2020-ж. https://www.coe.int/en/web/artificial-intelligence/what-is-ai.

[71] OECD, "Recommendation of the Council on Artificial Intelligence" (OECD, 2019), https://webcache.googleusercontent.com/search?q=cache:hTtMv9k1ak8J:https://legalinstruments.oecd.org/api/print%3Fids%3D648%26lang%3Den+&cd=3&hl=en&ct=clnk&gl=ch&client=safari.

***Баланын кызыкчылыгы***

Белгилүү бир бала же балдар тобу үчүн белгилүү бир кырдаалда чечим кабыл алуу үчүн зарыл болгон бардык элементтерди сүрөттөйт[72].

***Жаш бала***

Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 1-беренесине ылайык, эгерде улуттук мыйзамдарда жашы жете элек курак каралбаса, 18 жашка чыга элек адам жаш бала болуп саналат[73].

***Балдарга карата сексуалдык эксплуатация жана сексуалдык зомбулук (CSEA)***

Бул түшүнүк сексуалдык эксплуатациялоонун жана сексуалдык кыянаттыктын бардык түрлөрүн сүрөттөйт (Баланын укуктары жөнүндө Конвенция, 1989-ж., 34-берене), мисалы: а) баланы ар кандай мыйзамсыз сексуалдык иш-аракеттерге көндүрүү же мажбурлоо; б) балдарды сойкулукта же башка мыйзамсыз сексуалдык практикада пайдалануу; в) балдарды эксплуатациялоо максатында порнографияда жана порнографиялык материалдарда пайдалануу", ошондой эле "анын макулдугусуз аларга карата күч колдонуу менен жыныстык катнаш". Балдарга карата сексуалдык эксплуатация жана сексуалдык зомбулук Интернетти колдонуу менен же онлайн чөйрө менен байланыштуу болуп жатат[74].

***Балдарга карата сексуалдык эксплуатацияга жана сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдар (CSAM)***

МКТнын тездик менен өнүгүшү онлайн чөйрөдө балдарга карата сексуалдык эксплуатациялоонун жана сексуалдык зомбулуктун жаңы түрлөрүн пайда кылды, алар сөзсүз түрдө бала менен бетме-бет жолугушуу аркылуу эмес, виртуалдык чөйрөдө жасалышы мүмкүн[75]. Көптөгөн юридикалык системаларда балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу сүрөттөр жана видеолор дагы эле "балдар порнографиясы" же "балдардын уятсыз сүрөттөрү" катары каралып келет, ал эми аталган көрсөтмөлөрдө алар балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдар деп аталат (мында жана CSAM)). Бул WePROTECT[76] глобалдык Альянс тарабынан иштелип чыккан кеңири тилкелүү байланыш жана улуттук деңгээлдеги жооп берүү модели боюнча Комиссиянын көрсөтмөлөрүнө ылайык келет . Бул термин берилген контентти тагыраак сүрөттөйт. Порнография мыйзамдуу Коммерциялык өндүрүштү билдирет; Люксембургдун көрсөтмөлөрүндө "балдар порнографиясы" терминин колдонууга төмөнкүдөй аныктама берилген*: ал "балдарга карата сексуалдык зомбулук жана/же аларды сексуалдык эксплуатациялоо болуп саналган нерсенин оор көрсөткүчүн жеңилдетүүгө, маанисин төмөндөтүүгө же ал тургай мыйзамдаштырууга өбөлгө түзүшү*

---

[72] OHCHR, "Convention on the Rights of the Child", кайрылуу датасы: 16 январь, 2020-ж. https://www.ohchr.org/en/professionalinterest/pages/crc.aspx.

[73] OHCHR; UNICEF and ITU, Guidelines for Industry on Child Online Protection.

[74] "Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse".

[75] "Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse"; UNICEF, "Global Kids Online Comparative Report (2019)".

[76] WePROTECT Global Alliance, "Preventing and Tackling Child Sexual Exploitation and Absue (CSEA): A Model National Response", 2016, https://static1.squarespace.com/static/5630f48de4b00a75476ecf0a/t/582ba50bc534a51764e8a4ec/1479255310190/WePROTECT+Global+Alliance+Model+National+Response+Guidance.pdf; Broadband Commission, "Child Online Safety: Minimizing the Risk of Violence, Abuse and Exploitation Online (2019)".

*мүмкүн [...]. "Балдар порнографиясы" термини аны мындайча чечмелөө коркунучун жаратат, мисалы, иш-аракеттер баланын макулдугу менен жасалат жана сексуалдык мүнөздөгү мыйзамдуу материал болуп саналып калат"*[77].

CSAM деген термин балдарга карата сексуалдык зомбулук жана/же аларды сексуалдык жактан эксплуатациялоо сыяктуу иш-аракеттерди билдирген материалдын катарына кирет. Бул чоң адамдар тарабынан балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдарды; балдардын жыныстык органдарын чагылдырган сүрөттөрдү же ачык сексуалдык максаттар үчүн тартылган балдардын сүрөттөрүн камтыйт.

***Балдар жана жаштар***

Балдар жана жаштар категориясына 18 жашка чейинки бардык адамдар кирет, бул көрсөтмөлөрдө 15 жашка чейинки адамдар балдар, ал эми жаштар 15 жаштан 18 жашка чейинки курактагы адамдар жаштар категориясына кирет.

***Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар оюнчуктар***

Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар оюнчуктар Wi-Fi жана Bluetooth сыяктуу технологиялардын жана адатта атайын тиркемелердин жардамы аркылуу Интернетке байланышат да, балдарга интерактивдүү түрдө ойноо мүмкүнчүлүгүн берет. Juniper Research компаниясы жүргүзгөн изилдөөгө ылайык, 2015-жылы интернетке чыккан оюнчуктар рыногунун көлөмү 2,8 млрд. АКШ долларын түзсө, жана болжолдоолорго ылайык, 2020-жылга карата 11 млрд. АКШ. долларына чыгаары болжолдонгон. Бул оюнчуктар балдардын өздүк маалыматтарын, атап айтканда алардын аты-жөнү, геолокация маалыматтары, даректери, сүрөттөр, аудио жана видео материалдарын чогултат жана сактайт[78].

***Киберкордутуу, же башкача айтканда онлайн чөйрөдө коркутуу***

Эл аралык укукта киберкоркутуу түшүнүгүнүн аныктамасы берилген эмес. Ушул документтин алкагында киберкоркутуу деп санариптик технологиянын жардамы менен адамдардын тобу же жеке адам тарабынан өзүн коргой албаган жабырлануучуга карата багытталган бир нече жолу жасалган агрессивдүү иш-аракет түшүндүрүлөт[79]. Ал, адатта, "кимдир бирөө жөнүндө аярлуу маалыматты жайгаштыруу үчүн санариптик технологияны жана интернетти колдонууну, жеке мүнөздөгү маалыматтарды, керексиз сүрөттөрдү же видеолорду атайылап жайылтууну, коркутуу же кемсинтүү менен билдирүүлөрдү жөнөтүүнү (электрондук почта аркылуу, тез кабарлашуу форматында, чат жана тексттик билдирүүлөр аркылуу), жабырлануучу жөнүндө ушактарды жана жалган маалыматтарды жайылтууну же аны онлайн баарлашуудан атайылап четтетүүнү" билдирет [80]. Бул түздөн-түз (чат же тексттик билдирүүлөр аркылуу), чектелген коомчулуктун ичинде (электрондук почталар тизмеси аркылуу билдирүүлөрдү жана тажатма

---

[77] "Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse".

[78] Jeremy Greenberg, "Dangerous Games: Connected Toys, COPPA, and Bad Security", Georgetown Law Technology Review, December 4, 2017, https://georgetownlawtechreview.org/dangerous-games-connected-toys-coppa-and-bad-security/GLTR-12-2017/.

[79] Anna Costanza Baldry, Anna Sorrentino, and David P. Farrington, "Cyberbullying and Cybervictimization versus Parental Supervision, Monitoring and Control of Adolescents' Online Activities", Children and Youth Services Review 96 (January 2019): 302–7, https://doi.org/10.1016/j.childyouth.2018.11.058.

[80] UNICEF, "Global Kids Online Comparative Report (2019)"; "Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse".

билдирүүлөрдү жөнөтүү аркылуу) же коомдук жеткиликтүүлүктө (мисалы, жабыр тарткандарды кордоо максатында атайын сайттарды түзүү) болушу мүмкүн.

***Кибер жек көрүү, дискриминациялоо жана зордук-зомбулук экстремизми***

"Кибер жек көрүү, дискриминациялоо жана зордук-зомбулук экстремизми жеке адамдарга эмес, жамааттык иденттүүлүккө каршы багытталган кибер зомбулуктун өзгөчө түрүн билдирет [...] жана көбүнчө раса, сексуалдык ориентация, дин, улут же иммиграция статусу, жыныстык/гендердик өзгөчөлүктөрү жана саясий аспекти сыяктуу маселелерге багытталган"[81].

***Санариптик жарандык***

Санариптик жарандык - бул технологияларды жоопкерчиликтүү пайдалануу жолу менен адам укуктарын жана адамдын кадыр-баркын урматтоого негизделген социалдык катышуунун формаларын жүзөгө ашыруу үчүн натыйжалуу коммуникация көндүмдөрүн жана чыгармачыл мамилени колдонуу менен санариптик чөйрөдө пайдалуу, жоопкерчиликтүү жана компетенттүү ишти жүзөгө ашырууну билдирет[82].

***Санариптик сабаттуулук***

Санариптик сабаттуулук - бул интернет платформалары, социалдык тармактар жана мобилдик түзүлүштөр сыяктуу санариптик технологияларды колдонуу менен байланышуу жана маалыматка жетүү максатында коомдо жашоо, билим алуу жана иштөө үчүн зарыл болгон көндүмдөргө ээ болуу[83.] Ал өзүнө түздөн-түз коммуникацияны, техникалык көндүмдөрдү жана критикалык ой жүгүртүүнү камтыйт.

***Санариптик чөйрөнүн таасирине туруштук берүү***

Бул термин баланын онлайн чөйрөдөгү зыяндуу факторлор менен эмоционалдык күрөшүү жөндөмүн сүрөттөйт. Санариптик чөйрөнүн таасирине туруштук берүү, баланын кайсы учурда интернетте тобокелге туш болгонун түшүнүү, жардамга кантип кайрылууга болоорун, жаман окуялардан кийин калыбына келүү жана андан практикалык сабактарды алуу үчүн зарыл болгон эмоционалдык ресурстарга ээ болууну билдирет[84.]

***Педагогдор***

Педагог - бул башка адамдын берилген предмет боюнча билимин өркүндөтүү боюнча системалуу иш жүргүзгөн адам. Педагогдун ролу мектепте иштөөнү да, формалдуу эмес педагогикалык иш-аракеттерди да камтыйт, мисалы, онлайн чөйрөдө коопсуздук маалыматын берүү же балдардын жана жаштардын онлайн чөйрөдө коопсуздугу үчүн социалдык тармактардын сайттарынын платформаларын колдонуу аркылуу коомчулукка же мектепке негизделген окуу курстарын өткөрүү болуп саналат.

---

[81] UNICEF, "Global Kids Online Comparative Report (2019)".

[82] Council of Europe, "Digital Citizenship and Digital Citizenship Education", Digital Citizenship Education, дата обращения: 16 января 2020 года, https://www.coe.int/en/web/digital-citizenship-education/home.

[83] Western Sydney University-Claire Urbach, "What Is Digital Literacy?", дата обращения: 16 января 2020 года, https://www.westernsydney.edu.au/studysmart/home/digital_literacy/what_is_digital_literacy.

[84] Dr. Andrew K. Przybylski, et al., "A Shared Responsibility. Building Children’s’ Online Resilience Report" (ParentZone, University of Oxford and Virgin Media, 2014), https://parentzone.org.uk/sites/default/files/Building%20Online%20Resilience%20Report.pdf.

Педагогдун жумушу анын ишмердүүлүгүнүн шарттарына жана анын күч-аракети тарбиялоого багытталган балдардын жана жаштардын (же чоңдордун) жаш курагына жараша ар кандай болушу мүмкүн.

***Онлайн чөйрөдө коркутуу / груминг***

Люксембургдун көрсөтмөлөрүнө ылайык, онлайн чөйрөдө коркутуу / груминг, бул бала менен интернет аркылуу же чыныгы жашоодо сексуалдык байланышка жетүү максатында, бала менен Интернет же башка санариптик технологиялардын жардамы менен мамиле түзүү/куруу процессин билдирет[85].

Бул балдарды сексуалдык мүнөздөгү иш-аракеттерге же сүйлөшүүлөргө кызыктырууга багытталган, же кылмышкер менен баланын ортосундагы байланышты жана мамилелерди түзүүнү камтыган процесс болуп саналат. "Груминг "термини эл аралык укукта бекитилген эмес; айрым юридикалык системалардарда, анын ичинде Канадада анын ордуна "кызыктыруу" термини колдонулат.

***Маалыматтык-коммуникациялык технологиялары (МКТ)***

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар негизги басым коммуникацияга жасалган баардык маалыматтык технологияларды билдирет. Аларга компьютерлер, ноутбуктар, планшеттер, смартфондор, оюн консолдору, телевизорлор жана сааттар сыяктуу интернет байланышын колдонгон бардык кызматтар жана түзмөктөр кирет[86]. Ал ошондой эле радио, кең тилкелүү байланыш, тармактык жабдуулар жана спутник системалары сыяктуу кызмат көрсөтүүлөрдү да камтыйт.

***Интернет жана аны менен байланышкан технологиялар***

Эми интернетке ар кандай жабдууларды, мисалы, смартфондорду, планшеттерди, оюн консолдорун, телевизорлорду жана ноутбуктарды жана кадимки компьютерлерди колдонуп туташууга болот. Ошентип, интернетке байланышуу ыкмаларынын бардык түрлөрүн санап кетсек болот. Интернеттин масштабдуулугун жана татаалдыгын көрсөтүү үчүн "интернет жана ага байланыштуу технологиялар", "МКТ жана онлайн индустриясы" жана "интернет кызматтары" деген сөздөр бири-биринин ордуна колдонулат.

***Билдирме жана алып салуу***

Операторлор жана кызмат көрсөтүүчүлөр кээде керектөөчүлөрдөн, коомчулуктун өкүлдөрүнөн, укук коргоо органдарынан же ишеним телефондорунан интернет аркылуу шектүү мазмундагы билирмелерди алышат. Билдирме жана алып салуу жол-жоболору – бул компания тарабынан кызматтарында мыйзамсыз мазмундагы контент бар экендиги белгилүү болгондон кийин ("билдирме") мыйзамсыз мазмундагы контентти (мыйзамсыз мазмун мыйзамдарга ылайык аныкталат) тез арада алып салуу ("алып салуу") боюнча көрүлүп жаткан аракеттер.

***Онлайн оюндары***

"Онлайн оюндары" термини Интернетке туташкан ар кандай жабдууларды, анын ичинде атайын консолдорду, стационардык компьютерлерди, ноутбуктарды, планшеттерди жана уюлдук

---

[85] "Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse".

[86] UNICEF and ITU, Guidelines for Industry on Child Online Protection.

телефондорду колдонуп, бир же көптөгөн оюнчулар катышкан ар кандай акы төлөнүүчү санариптик оюндарга катышууну билдирет.

"Онлайн оюн экосистемасы", анын аныктамасына ылайык, электрондук спорт платформаларын колдонуп, видео агымдарын же видео материалдарды бөлүшүү аркылуу башка адамдардын видео оюндарынын жүрүшүн көзөмөлдөөнү камтыйт, алар адатта көрүүчүлөргө комментарий калтыруу же оюнчулар жана башка аудитория мүчөлөрү менен баарлашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат[87].

***Ата-энелер тарабынан көзөмөлдөө куралдары***

Колдонуучуларга (адатта, ата-энелерге) интернет менен байланышта боло турган компьютердин же башка түзүлүштүн кээ бир же бардык функцияларын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берген программалык камсыздоо. Адатта, мындай программалар сайттарга же онлайн кызмат көрсөтүүчү сайттардын айрым түрлөрүнө же категорияларына интернет мүмкүнчүлүгүн чектөөгө мүмкүндүк берет.

Алардын айрымдарынын убакыт боюнча чектөө функциялары бар, башкача айтканда, жабдуу белгилүү бир убакыт аралыгында гана интернетке туташып тургандай кылып конфигурацияланат. Алда жакшыраак версиялары жөнөтүлгөн же алынган бардык тексттик билдирүүлөрдү жазууга мүмкүндүк берет. Эреже катары, мындай программалар сырсөздөр менен корголот[88].

***Ата-энелер жана камкорчулар***

Интернеттеги бир катар сайттарда ата-энелер тууралуу жалпыланган гана түшүнүк келтирилген (мисалы, "ата-эне баракчасында" же "ата-эненин көзөмөлү" сыяктуу). Ошондуктан, балдардын жана жаштардын интернет-сайттарды коопсуз жана жоопкерчиликтүү пайдаланышын камсыз кылуу менен бирге, балдарга интернеттин мүмкүнчүлүктөрүн максималдуу пайдаланууга мүмкүнчүлүк бере турган, ошондой эле аларга конкреттүү интернет-сайттарга кирүүгө макулдугун бере турган адамдарды аныктоо максатка ылайыктуу болмок. Бул документте "ата-эне" термини бала үчүн юридикалык жактан жооптуу болгон ар кандай адамды (тарбиячыдан башка) билдирет. Ата-энелердин жоопкерчилик деңгээли, ошондой эле мыйзамдуу ата-энелик укуктар ар кайсы өлкөлөрдө ар кандай көрсөтүлгөн.

***Жеке маалымат***

Бул термин кандайдыр бир адам жөнүндө онлайн чөйрөдө чогултулган жеке маалыматты билдирет. Ага анын толук аты-жөнү, үй дареги жана электрондук почтасы, телефон номерлери, манжа издери же бетти таануу маалыматтары, камсыздандыруу номерлери же физикалык же виртуалдык байланышка кирүү же адамдын жайгашкан жерин аныктоо үчүн башка маалыматтар кирет. Бул контекстте, жеке маалымат катары, ошондой эле интернет провайдерлери тарабынан онлайн чөйрөдө чогултулган бала жана анын айлана-чөйрөсү жөнүндө ар кандай маалыматты, анын ичинде Интернетке кошулууга жана нерселер интернети бар оюнчуктарды жана интернет байланышын колдонгон башка технологияларды билдирет.

***Купуялуулук***

[87] UNICEF, "Child Rights and Online Gaming: Opportunities & Challenges for Children and the Industry", DISCUSSION PAPER SERIES: Children's Rights and Business in a Digital World, 2019, https://www.unicef-irc.org/files/upload/documents/UNICEF_CRBDigitalWorldSeriesOnline_Gaming.pdf.

[88] UNICEF and ITU, Guidelines for Industry on Child Online Protection.

Купуялуулук онлайн чөйрөдө жеке маалыматты жайылтуу, социалдык тармактарда ачык профилдин болушу, интернеттеги бейтааныш адамдар менен маалымат алмашуу, купуялуулук жөндөөлөрүн колдонуу, досторуңузга сырсөздөрдү берүү сыяктуу купуялуулукту сактоонун маанилүүлүгүн түшүнүү менен бааланат[89].

***Секстинг***

Секстинг, адатта, сүрөттөрдү, билдирүүлөрдү же видеолорду камтыган өз колу менен даярдалган сексуалдык мазмундагы контентти уюлдук телефондор жана/же Интернет аркылуу жөнөтүү, алуу жана бөлүшүү катары аныкталат[90]. Көпчүлүк өлкөлөрдө балдардын сексуалдык мазмундагы сүрөттөрүн түзүү, жайылтуу жана сактоо мыйзамсыз болуп эсептелет. Балдардын сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрү тараган учурда да, чоң адамдар аларды көрбөшү керек. Балага сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдү көрсөтүү ар дайым кылмыштуу аракетти билдирет; мындай сүрөттөрдү балдар арасында жайылтуу зыяндуу болушу мүмкүн; мындай окуялар жөнүндө кабарлоо зарыл; таркалып кеткен сүрөттөрдү алып салууга да көмөк көрсөтүү зарыл.

***Сексуалдык опузалоо, же балдарга карата сексуалдык опузалоо***

Сексуалдык опузалоо, же сексуалдык жактан опузалоо (ошондой эле "онлайн чөйрөдө сексуалдык мажбурлоо же опузалоо" деп да аталат) [91] "сексуалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, акчаларды же башка нерселерди опузалап алуу максатында, ошол адамдын өз колу менен даярдалган сүрөттөрүн анын макулдугусуз таратуу менен аны шантаж кылуу (мисалы, сүрөттөрдү социалдык тармактарга жайгаштыруу аркылуу)" дегенди билдирет[92].

***Буюмдардын Интернети (IoT)***

Нерселердин интернети (IoT) коомду жана экономиканы санариптештирүүнүн кийинки кадамы болуп саналат, мында адамдар менен объектилердин өз ара байланышы байланыш тармактары аркылуу ишке ашып, алардын абалы жана айлана-чөйрө тууралуу маалымат берилип турат[93].

***URL***

"Uniform resource locator" деген англис тилиндеги сөзүнөн келип чыгып, «универсалдуу ресурс индекси" – интернеттеги баракчанын дареги дегенди түшүндүрөт[94].

---

[89] "Children's Online Privacy Protection Act", Pub. L. No. 15 U.S.C. 6501-6505 (1998), https://uscode.house.gov/view.xhtml?req=granuleid%3AUSC-prelim-title15-section6501&edition=prelim.

[90] "Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse".

[91] Europol, "Online Sexual Coercion and Extortion as a Form of Crime Affecting Children: Law Enforcement Perspective" (European Cybercrime Centre, May 2017), https://www.europol.europa.eu/sites/default/files/documents/online_sexual_coercion_and_extortion_as_a_form_of_crime_affecting_children.pdf.

[92] "Luxembourg Terminology Guidelines for the Protection of Children from Sexual Exploitation and Sexual Abuse".

[93] Ntantko, The Internet of Things, 1 October 2013, Digital Single Market – European Commission, https://ec.europa.eu/digital-single-market/en/internet-of-things.

[94] UNICEF and ITU, Guidelines for Industry on Child Online Protection.

***Виртуалдык реалдуулук***

Виртуалдык реалдуулук - бул компьютердик технологиянын жардамы менен объекттердин мейкиндикте реалдуу болуп кабылданышын камсыздаган үч өлчөмдүү дүйнөнүн эффектин түзүү болуп саналат[95].

***Wi-Fi***

Wi-Fi (англ. «Wireless Fidelity»– "зымсыз берүүнүн жогорку тактыгы") – зымсыз тармактар боюнча маалыматтарды берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган техникалык стандарттардын жыйындысы[96].

## 2-тиркеме: Балдарга жана жаштарга карата болгон байланыш кылмыштары

Балдар жана жаштар Интернетте кездешкен көптөгөн керексиз жана орунсуз байланыштарга кабылып, кээ учурда бул алардын өлүмүнө да алып келиши мүмкүн. Бул байланыштардын айрымдары сексуалдык мүнөздө болушу мүмкүн.

Изилдөөлөргө ылайык , балдар жана жаштардын 22% онлайн коркутууга[97], кордолууга же куугунтукка кабылган; 24% керексиз сексуалдык комментарийлерди алышкан[98]; 8% реалдуу жашоодо ошол убакка чейин онлайн гана баарлашкан адамдар менен таанышкан[99]. Ар кайсы өлкөлөр жана региондордо көрсөткүчтөр ар башка болгону менен, бул сандар онлайн чөйрөдөгү тобокелдиктер реалдуу экенин көрсөтүп турат[100]. Америка Кошмо Штаттарында жүргүзүлгөн бир интернет изилдөөсүндө өспүрүмдөрдүн 32% чоочун адам менен баарлашканы, алардын 23% баарлашуу учурунда коркуп, ыңгайсыз болгонун айтышкан; жана 4% туруктуу жана агрессивдүү сексуалдык зомбулукка дуушар болушкан.

Сексуалдык интернет-жырткычтары интернетти балдар жана жаштар менен сексуалдык максатта баарлашуу үчүн колдонушат, көбүнчө "груминг" деп аталган ыкмаларды колдонуу менен баланын кызыкчылыгына карай анын ишенимине кире алышат. Алар көбүнчө балдардын кабылдоосун азайтуу, сексуалдык аң-сезимин жогорулатуу жана кичинекей курмандыктарынын эркин жумшартуу үчүн сексуалдык темада баарлашып, сүрөттөрдү жана ачык тил каражаттарын киргизишет. Балдарды же жаштарды куугунтуктоо жана азгыруу үчүн белектерди, акча, ал тургай транспорттук билеттерди колдонуу менен, аларды ага сексуалдык зомбулук көрсөтө турган жерге азгыра алышат. Ал тургай, бул жолугушууларды сүрөткө же видеого тартып да алышат. Балдар жана жаштар көбүнчө эмоционалдык жетилгендикке жана өзүн-өзү сыйлоо сезимине ээ эмес, бул аларды манипуляциялоонун жана бейбаштыктын алдында алсыз кылат. Алар интернетке кире албай калуудан же уят болуп калуудан коркуп жолугушуулары жөнүндө чоң адамдарга айтуудан коркушат. Айрым учурларда, аларды интернет-жырткычтары коркутушат жана бул байланышты купуя сактоого буйрук беришет. Мындан тышкары,

[95] NASA, "Virtual Reality", nas.nasa.gov, кайрылуу датасы: 16-январь 2020-ж., https://www.nas.nasa.gov/Software/VWT/vr.html.

[96] Children's Online Privacy Protection Act.

[97] U-report (2019), http://www.ureport.in/v2/.

[98] Project deSHAME (2017), https://www.childnet.com/ufiles/Project_deSHAME_Dec_2017_Report.pdf.

[99] Lenhardt, A., Anderson, M., Smith, A. (2015), Teens, Technology and Romantic Relationships, https://www.pewresearch.org/internet/2015/10/01/teens-technology-and-romantic-relationships/.

[100] Livingstone, S., Haddon, L., Görzig, A., and Ólafsson, K. (2011). Risks and safety on the internet: The perspective of European children. Full findings. LSE, London: EU Kids Online, http://eprints.lse.ac.uk/33731/.

сексуалдык интернет-жырткычтары интернет форумдары жана чат аркылуу бири-биринен үйрөнүшөт.

## 3-тиркеме: WeProtect глобалдык альянсы

### WePROTECT типтүү улуттук жооп кайтаруу чараларынын модели

Глобалдык альянстын WePROTECT стратегиясы, өлкөлөргө онлайн чөйрөдө баланын сексуалдык эксплуатациясына каршы күрөшүү үчүн координацияланган көп тараптуу жооп кайтарууну иштеп чыгууга жардам берет. WeProtect глобалдык альянсынын типтүү улуттук жооп кайтаруу модели улуттук деңгээлде кабыл алынуучу чаралардын программасы катары иштейт. Ал өлкөлөргө онлайн чөйрөдө баланын сексуалдык эксплуатацияланышына каршы күрөшүү үчүн негиз берет. Улуттук жооп кайтаруу модели өлкөгө жардам берүү үчүн иштелип чыккан:

- онлайн чөйрөдө баланын сексуалдык эксплуатацияланышына каршы учурдагы актуалдуу чараларды баалоо жана кемчиликтерди аныктоо;
- боштуктарды толтуруу боюнча улуттук аракеттерге артыкчылык берүү;
- эл аралык деңгээлде түшүнүүнү жана кызматташууну күчөтүү.

Модель айрым иш-аракеттердин милдеттүү мүнөздө аткарылышын жана бир гана ыкманы колдонууну көздөбөйт. Моделдин максаты - балдарды натыйжалуу коргоо үчүн зарыл болгон мүмкүнчүлүктөрдү сүрөттөө жана учурдагы мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүрүүдө же кеңейтүүдө өлкөлөрдү колдоо. Ошондой эле, аларды ишке ашырууда эффективдүү натыйжаларга жетишүүнү тездетүү жана аларды жакшыртуу үчүн дем берүүчү себептердин тизмесин камтыйт. Модель алты блокко топтолгон жыйырма бир мүмкүнчүлүктү камтыйт: саясат жана башкаруу, жазык сот адилеттиги, жабыркагандар, социалдык маселелер, тармак жана маалымат жана байланыш каражаттары. Бардык алты блок боюнча чара көрүү кылмыштын бул түрүнө ар тараптуу улуттук жооп кайтарууну камсыз кылат, деп билдирет WePROTECT глобалдык альянсы.

Бул модель өлкөгө учурдагы абалына карабастан, мүмкүнчүлүктөрдөгү боштуктарды аныктоого жана ошол боштуктарды жоюу үчүн пландаштырууну баштоого мүмкүндүк берет. Өлкөлөр өздөрүнүн жеке мамилелерин иштеп чыгышат, бирок муну бирдиктүү макулдашылган алкактын жана мүмкүнчүлүктөрдү түшүнүүнүн контекстинде жасоо менен улуттук жана эл аралык деңгээлде кызыкдар тараптардын ортосундагы байланыштарды жана кызматташтыкты өнүктүрүүгө болот.

### WePROTECT глобалдык стратегиялык жооп кайтаруу чаралары

WePROTECT дүйнөлүк глобалдык альянстын глобалдык стратегиялык жооп кайтаруу чаралары – бул глобалдык маселелерди тереңирээк түшүнүүнү, улуттук мамилелерди эл аралык гармониялаштырууну жана улуттук жооп кайтаруу чараларынан тышкары глобалдык чечимдерди камтыган онлайн чөйрөдө баланын сексуалдык эксплуатациясына каршы күрөшүүнүн макулдашылган ыкмасы.

Глобалдык стратегиялык жооп кайтаруу негизинен типтүү улуттук жооп кайтаруу моделинин коштоочу компоненти болуп саналат; типтүү улуттук жооп кайтаруу модели улуттук деңгээлдеги онлайн чөйрөдө баланын сексуалдык эксплуатациясын чечүү үчүн зарыл болгон мүмкүнчүлүктөргө көңүл бурса, глобалдык стратегиялык жооп кайтаруу чаралары эл аралык кызматташтыктын жана потенциалды түзүүнүн артыкчылыктуу багыттарына багытталган.

Глобалдык стратегиялык жооп кайтаруу алты тематикалык багытты камтыйт да, алардын ар бири керектүү мүмкүнчүлүктөр жана күтүлгөн натыйжалар жана аларга жетүү үчүн ар кайсы өлкөлөрдө биргелешип иштеши керек болгон өнөктөштөрдүн болушу менен мүнөздөлөт.

### Саясат жана мыйзам чыгаруу

Саясий эркти да, мыйзамдарды да кылмыш иштерине карата мамилени натыйжалуу шайкеш келтирүү үчүн иштеп чыгуу, онлайн режиминде баланын сексуалдык эксплуатацияланышына каршы күрөшүү боюнча улуттук жана эл аралык деңгээлдеги жогорку деңгээлдеги милдеттенмелерди калыбына келтирүүгө алып келет.

### Сот адилеттиги

Маалымат алмашуу, анын ичинде расмий маалымат алмашуу структуралары аркылуу эл аралык маалымат базаларына биргелешип кирүү, онлайн чөйрөдө баланы сексуалдык эксплуатациялоо боюнча тажрыйбасы бар адистештирилген, даярдалган кызматкерлер жана прокурорлор менен бирге, кылмышкерлерди биргелешкен иликтөөлөр жана өкүмдөр аркылуу аныктоонун, куугунтуктоонун жана кармоонун эң жакшы жолу болуп саналат.

### Жабыр тарткандардын жардам көрсөтүү кызматтарына арыз берүүсү

Жабырлануучуларды натыйжалуу жана өз убагында колдоо, анын ичинде алардын инсандыгын коргоо жана болгон окуяны айта билүү, жабырлануучулардын керек болгон учурда керектүү колдоону алуусуна кепилдик берет.

### Технологиялар

Технологиялык сектордун көптөгөн өкүлдөрүнүн милдеттүү жана ырааттуу катышуусун талап кылган зыяндуу мазмундагы материалдарды табуу, бөгөт коюу жана жайылтпоо үчүн техникалык чечимдерди, анын ичинде жасалма интеллектти колдонуу платформаларды онлайн чөйрөдө баланын сексуалдык эксплуатациясынын куралы катары колдонуу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

### Социалдык маселелер

Жалпысынан коом тарабынан көрүлүп жаткан бир катар чаралар бар, алар балдарга кайсы жерде жашабасын онлайн чөйрөдө сексуалдык эксплуатациядан коргонууга мүмкүнчүлүк берет. Долбоордун деңгээлинде санариптик маданияттын коопсуздугун камсыз кылуу (коопсуздук өзгөчөлүктөрү орнотулганда) жана маалымат каражаттарында этикалык жана ырааттуу мамилени сактоо онлайн чөйрөдө мыйзамсыз мазмундагы контентке жетүүнү чектейт. Ошол эле учурда балдарга жана ата-энелерге, камкорчуларга жана адистерге багытталган билим берүү жана маалыматтык-пропагандалык ишмердүүлүк, ошондой эле укук бузуучуларга карата так чаралар -мунун баары онлайн чөйрөдө баланы сексуалдык эксплуатациялоо учурларын алдын алуу же алардын кесепеттерин азайтуу максатын көздөйт.

### Маселени изилдөө жана түшүнүү

Жыйынтыктап айтканда, коркунучтарды баалоо (мис., Global Threat Assessment 2019) жана кылмышкерлерди жана жабырлануучулардын көйгөйлөрүн изилдөө өкмөткө, укук коргоо органдарына, жарандык коомго, академияга жана өнөр жайга тиешелүү коркунучтарды так түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

## 4-тиркеме: Онлайн чөйрөдө зыян булактарына жооп кайтаруу чаралары (мисалдар)

Бул жерде келтирилген мисалдардын жыйнагы ЭЭУ тарабынан кошкон салымдарынын жана көрсөтмөлөрүнүн авторлору тарабынан түзүлгөн.

### Онлайн чөйрөдөгү зыян булактарына байланыштуу балдар менен түшүндүрүү иштери

BBC компаниясынын Own It тиркемеси – колдоруна алгачкы жолу смартфонду кармаган 8-13 жаштагы балдардын жыргалчылыгын камсыз кылуу үчүн иштелип чыккан тиркеме. Бул тиркемеде балдардын смартфондорундагы иш-аракеттерин көзөмөлдөө үчүн жана балдардын эмоционалдык абалын өз алдынча билдирүү үчүн машиналык үйрөнүүнүн алдыңкы технологиялары колдонулат, жана мында маалымат балдардын онлайн чөйрөө бактылуу жана дени сак болушу үчүн, аларга ылайыкташтырылган мазмунду жеткирүү жана иш-аракеттерди жасоо үчүн колдонулат.

BBC компаниясы тарабынан даярдалган атайын тематикалык мазмундун болушу менен, тиркеме пайдалуу материалдарды жана ресурстарды жеткиликтүү кылат, бул жаштарга онлайн чөйрөдө убакытты туура пайдаланууга жана онлайн чөйрөдө дени сак жүрүм-турумду жана дени сак адаттарды калыптандырууга жардам берет, ошондой эле жаштарга жана ата-энелерге өздөрүнүн онлайн тажрыйбасы жөнүндө конструктивдүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жардам берет. Тиркеме жеке маалыматтарды да, колдонуучу жараткан мазмунду да чогултпайт, анткени машиналык үйрөнүү колдонуучунун тиркемесинде/түзүлүшүндө гана болот.

Project Evolve – санариптик компетенцияларды окутуу китепканасы, ал толугу менен тиешелүү ресурстар менен камсыз кылынган жана бардык курактагы балдардын санариптик көндүмдөрүн сүрөттөөнү камтыйт; бул материалдар ата-энелерге жана мугалимдерге балдар ээ болушу керек болгон компетенцияларды түшүнүүгө жардам берет; ошондой эле белгилүү бир көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн материалдар жана тапшырмалар бар.

360 degree safe – бул мектептер үчүн өзүн-өзү көзөмөлдөө онлайн куралы болуп саналат жана онлайн чөйрөдө өздөрүнүн коопсуздугун карап чыгууга жана ар тараптуу баа берүүгө мүмкүнчүлүк берет, ошондой эле так стандарттарды иштеп чыгууда көрсөтмөлөрдү жана колдоону камсыз кылат.

Институт DQ: 2017-2019 – жылдары дүйнөнүн 30 өлкөсүндө DQ институту тарабынан жайылтылган #DQEveryChild глобалдык санариптик жарандык кыймылынын алкагында 145 426 баланын жана өспүрүмдүн маалыматтары чогултулган, ал Сингапурда Singtel компаниясынын колдоосу менен башталган жана Дүйнөлүк экономикалык форум менен кызматташуунун аркасында тез өсүп, 100дөн ашык өнөктөш уюмдарды камтыган. Бул кыймыл балдардын санариптик жашоосунун башталышынан баштап санариптик жарандык боюнча кеңири билимге ээ болушун камсыз кылууга багытталган. Бул кыймылдын маалыматтары 2020-жылы онлайн чөйрөдө баланын коопсуздук индексин түзүү үчүн колдонулган. Индекстин алкагында онлайн чөйрөдө баланын коопсуздугуна таасир этүүчү алты блокко топтолгон 24 факторду колдонуу менен 30 өлкөнүн ичинде онлайн чөйрөдө баланын коопсуздугун баалоо жана рейтингдөө жүргүзүлдү.

DQ Pro Family Readiness пакети жана DQ World онлайн программасы ата-энелерге баласынын санариптик даярдыгын баалоо жана окуу материалдарын колдонуу менен санариптик жарандык, убактысын башкаруу, киберкордукка каршы күрөшүү, киберкоопсуздукту башкаруу, санариптик эмпатия, санарип изин башкаруу, критикалык ой жүгүртүү жана купуялуулукту башкаруу сыяктуу санариптик компетенцияларды жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Австралиянын мектептер үчүн электрондук коопсуздук куралдар топтому - бул коопсуз онлайн чөйрөнү түзүүдө мектептерди колдоо үчүн арналган ресурстардын жыйындысы. Куралдар топтому онлайн коопсуздугун сактоону үйрөтүүгө болгон көп кырдуу мамилени чагылдырат жана төрт блоктон турган ресурстарды камтыйт:

- онлайн коопсуздук маселелерин чечүүгө даярдыгын баалоо үчүн мектептерди даярдоо жана учурдагы практиканы жакшыртуу боюнча сунуштарды берүү;
- коопсуз онлайн чөйрөнү түзүүгө бардык мектеп жамаатын тартуу;
- онлайн чөйрөдө коопсуздукту окутуунун мыкты мисалдарынын негизинде окутуу, онлайн чөйрөдө мектеп коомчулугунун коопсуздук мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө жардам берүү;
- коопсуздукту жана жыргалчылыкты сактоо менен инциденттерге натыйжалуу жооп кайтарууга мүмкүндүк берүү.

Польшанын электрондук байланыш башкармалыгынын (UKE) I Click Sensibly билим берүү кампаниясы балдарга жана алардын ата-энелерине онлайн коопсуздугун кантип жогорулатуу жана тобокелдиктерди кантип таануу жана башкаруу жөнүндө айтып берет.

Вьетнамдын ChildFund калкы Swipe Safe демилгеси менен чыкты. Бул программа балдарга онлайн чөйрөдө кибералдамчылык, коркутуу же сексуалдык зомбулук сыяктуу коркунучтар жөнүндө айтып берет жана коопсуздукту сактоо боюнча кеңештерди берет.

Технологиялар, кең тилкелүү байланыш жана билим берүү: "Бардыгы үчүн билим берүү" программасынын тездетилген аткарылышы, 2013-ж. аталыштагы кең тилкелүү байланыш боюнча Комиссиянын доклады.

"Балдардын онлайн чөйрөдөгү тажрыйбасы: өз ара түшүнүшүүнү камсыз кылуу жана глобалдык деңгээлде чара көрүү" темасындагы изилдөө, ЮНИСЕФ, 2019-ж.

Global Kids Online изилдөө долбоору онлайн чөйрөдөгү тобокелчиликтердин ар кандай түрлөрүнө жооп кайтаруу боюнча мыкты тажрыйбалары жөнүндө кеңири маалыматты камтыйт.

## Тармактык компанияларды тартуунун мисалдары

Австралиянын электрондук коопсуздук боюнча комиссариаты бардык австралиялыктардын онлайн чөйрөдөгү тажрыйбасын коопсуз жана позитивдүү кылуу үчүн тармактык компаниялар менен күчтүү өнөктөштүктү түзүп кызматташат. Мисал катары анын "Долбоорлоо баскычындагы коопсуздук" демилгесин келтирсек болот. Бул демилгенин алкагында электрондук коопсуздук комиссариаты тарабынан тармактык компаниялар, соода органдары жана колдонуучуларды коргоо үчүн жооптуу уюмдар, ошондой эле ата-энелер, камкорчулар жана жаштар менен кеңири консультациялар өткөрүлдү. " Долбоорлоо баскычындагы коопсуздук " демилгеси тармактык компанияларды кубаттоого жана онлайн кызматтарын жана платформаларын долбоорлоо, иштеп чыгуу жана жайылтуу этаптарынан баштап колдонуучулардын коопсуздугун камсыз кылууга жардам берүүгө багытталган. Электрондук коопсуздук комиссариаты ошондой эле билдирүү жөнөтүү жана даттануу жаатында үч программаны башкарат: киберкоркутуу программасы, сүрөттү кыянаттык менен пайдалануу программасы жана онлайн контент программасы. Электрондук коопсуздук комиссариаты расмий түрдө айрым онлайн кызмат көрсөтүүчүлөргө контентти алып салууга буйрук бере алат. Программалар өкмөт менен тармактык компанияларынын ортосундагы кызматташтыктын модели катары иштесе да, материалдарды алып салуу боюнча электрондук коопсуздук комиссариатынын ыйгарым укуктары маанилүү коопсуздук тармагын камсыз кылат жана тармактын компанияларын онлайн чөйрөдөгү тобокелдиктер менен күрөшүүдө демилгелүү болууга үндөйт.

Telia компаниясы байланыш тармагындагы терс таасирлерин талдоо жана башкарууну камсыз кылуу, ошондой эле директорлор Кеңешинин деңгээлинде толук ачыктыкка жана отчеттуулукка жетишүү үчүн милдеттенме алган. Компания ошондой эле балдарга жана жаштарга кам көрүп, аларды компаниянын кызматтарынын активдүү колдонуучулары катары таанийт.

Польшанын электрондук байланыш башкармалыгы (UKE) жарандык коомду жана балдарды онлайн чөйрөдө кайсы документтерге кол коюп жатканын түшүнүү максатында маалыматтык-пропагандалоо кампанияларына катышууга чакырат.

Internet Watch Foundation (интернетти көзөмөлдөө фонду) – бул балдарга карата сексуалдык зомбулук көрсөтүү тажрыйбасын жоюу максатында тармактык компанияларды, мамлекеттик структураларды, укук коргоо органдарын жана бейөкмөт уюмдарын бириктирет. 2020-жылы IWF нын курамына платформалардан жана инфраструктуралык кызматтардан 152 мүчө кирет; мүчөлөргө өз платформаларында криминалдык сүрөттөрдүн жайылышын алдын алуу боюнча бир катар кызматтар сунушталат.

## Мыйзамдык жөнгө салуу

Онлайн чөйрөдө баланын коопсуздугун коргоого артыкчылык берүү үчүн саясий эркиңизди билдириңиз - онлайн чөйрөдө баланын коопсуздугу жөнүндө жалпы декларацияга (кең тилкелүү байланыш боюнча Комиссиясынын) кол коюңуз.

## Жөнгө салуу

Out of the Shadows: shining light on the response to child sexual abuse and exploitation ("Көмүскөдөн чыгуу: балдарга карата сексуалдык зомбулукка жана аларды сексуалдык эксплуатациялоого каршы чараларды чагылдыруу") (Economist Intelligence Unit, 2019) отчету – бул өлкөлөрдүн балдарга карата сексуалдык зомбулукка жана алардын сексуалдык эксплуатациясына жооп кайтаруунун эталондук көрсөткүчтөрү, анын ичинде санариптик мейкиндик жана МКТ компаниялары тарабынан кабыл алынган жооп кайтаруу чаралары көрсөтүлгөн жалгыз курал болуп саналат.

## Онлайн чөйрөдө балдарга карата болгон кыянаттыкты аныктоо

Төмөндө онлайн чөйрөдө балдарды кыянаттык менен пайдаланууну аныктоо боюнча жакшы тажрыйбанын мисалдары келтирилген.

**INHOPE**: INHOPE тармагы 1999-жылы онлайн чөйрөдө CSAM материалдары менен күрөшүү үчүн интернеттин балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдардан эркин мейкиндик катары бирдиктүү көз карашына жооп катары түзүлгөн. Өткөн 20 жылдын ичинде INHOPE тармагы өсүп, тармактагы CSAM материалдарынын көбөйүшү жана алардын географиялык таралышы жана ырайымсыздыгы менен ийгиликтүү күрөшүп келет. Бүгүнкү күндө INHOPE ишеним телефондору бардык континенттерде жер-жерлерде иштеп, билдирүүлөрдү алып, CSAM материалдарын интернеттен дароо алып салып, укук коргоо органдары менен маалымат алмашып турат.

**Microsoft PhotoDNA -** сүрөт хэшин жаратат жана аларды мурунтан эле CSAM материалдары катары аныкталган жана тастыкталган хэш маалымат базасы менен салыштырат. Сүрөттөр дал келген учурда, алар бөгөттөлөт. Бирок бул курал жүздү таануу технологиясын колдонбойт жана сүрөттөгү адамды же объектти аныктай албайт PhotoDNA for Video ойлоп табуу менен баары өзгөрдү.

**PhotoDNA for Video =** видеону негизги кадрларга бөлөт жана чындыгында ошол скриншоттор үчүн хэш жаратат. PhotoDNA өзгөртүлгөн сүрөттү аныктай алгандай эле, PhotoDNA for Video балдардын сексуалдык эксплуатациясы бар, монтаждалган же видеого киргизилген контентти таба алат.

Microsoft компаниясы онлайн чаттарда балдардын ишенимине кирген балдарга аңчылык кылган интернет жырткычтарын аныктоо үчүн жаңы куралды чыгарды. The Meet Group, Roblox, Kik жана Thorn менен кызматташтыкта иштелип чыккан Project Artemis Microsoft компаниясына патенттелип, чат функциясы сыяктуу онлайн кызматтарды сунуш кылуучу компаниялардын бири болгон Thorn уюму аркылуу эркин таратылып келет. Бул администраторлорго чаттарды модерациялоонун зарылдыгы жөнүндө эскертүүгө жардам берген техникалык курал. Ал груминг сыяктуу балдарды сексуалдык максатта азгырууга аракет кылган интернет жырткычтарын таап, аларга карата чара көрүп, отчет бере алат.

**Thorn** бейөкмөт уюму адамдын балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдарды издөөсүнө жол бербөө максатында жарнактарды иштеп чыккан; үч жылдын ичинде бул жарнамалар төрт издөө системасына миллиондогон жолу жайгаштырылган. Ошентип, жарнамалар эксплуатацияга байланыштуу материал издегенден кийин жардам сураган адамдардын 3 пайыздык кайрылуу ылдамдыгын белгилешти.

**Thorn's Safer –** бул CSAM материалдарын аныктоо жана алып салуу, ошондой эле мындай материалдар боюнча билдирүүлөрдү берүү максатында жеке компаниянын платформасына түздөн-түз жайгаштырыла турган курал.

**Thorn Spotlight –** Америка Кошмо Штаттарынын бардык 50 штатында жана Канадада укук коргоо органдарына жабырлануучуларды аныктоону тездетүү жана тергөө убактысын 60% дан ашык кыскартуу мүмкүнчүлүгүн берген программалык камсыздоо.

Администраторлору платформада сексуалдык эксплуатацияга жол бербөөгө милдеттенген **Geebo** кулактандыруу сайтында балдарды сексуалдык эксплуатациялоо учурлары эч качан катталган эмес. Алар буга жарым-жартылай алдын ала текшерүү процедурасынын аркасында жетише алышты.

**Google AI** классификатору тармактарда, кызмат көрсөтүү сайттарында жана платформаларда балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу материалдарды табуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Бул курал Google контентинин коопсуздугу API аркылуу акысыз жеткиликтүү болгон, аз сандагы адамдар катышкан контентти көрүү мүмкүнчүлүгүн арттырган программа пакети болуп саналат. Бул курал эксперт адамдарга материалдарды көбүрөөк карап чыгууга жана мурда мыйзамсыз материалдар катары белгиленбеген сүрөттөрдү бутага алуу менен кылмышкерлерден артта калбоого жардам берет. Бул технологияны биргеликте колдонуу сүрөттөрдү таанып аныктоону тездетет.

2015-жылы Google хэш менен иштөө ишмердигин кеңейтип, балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу белгилүү материалдарды камтыган видеолорду сканерлөө жана аныктоо максатында биринчи жолу "манжа изи" жана **YouTube** видеосу менен салыштыруу технологиясын киргизген.

2019-жылы балдардын коопсуздугу боюнча хакатон учурунда Facebook бирдей жана дээрлик бирдей сүрөттөрдү жана видеолорду ачкан эки технологияны ачык булакка которууну жарыялады. Бул эки алгоритм GitHub да жеткилитүү болуп, хэш бөлүшүү системаларынын бири-бири менен бөлүшүүсүнө, алардын алда канча күчтүү болушуна мүмкүнчүлүк берди.

**IWF уюмунун ишеним телефону** туруктуу иштейт жана балдарга карата сексуалдык зомбулуктун элементтерин камтыган онлайн сүрөттөргө туш болгон коомчулуктун миңдеген билдирүүлөрүн

гана эмес, ошондой эле мындай мыйзамсыз мазмундагы контентти онлайн издөө аркылуу уникалдуу аткаруу ролун аткарат.

Ишеним телефондорунун маалыматын колдонуу жана анда ресурстарды топтоо мүмкүнчүлүгү көбүрөөк контентти аныктоого жана алып салууга мүмкүндүк берет. Андан тышкары, IWF дайыма Google, Microsoft, Facebook жана анын мүчөлөрү болгон башка компаниялар менен өзүнүн техникалык чектерин тынымсыз кеңейтүү үчүн иштейт. IWF чечим катары билдирмелерди жөнөтүү порталын сунуш кылат, мында ал ишеним телефону жок өлкөлөрдөгү интернет колдонуучуларга балдарга карата сексуалдык кыянаттыктын болжолдуу элементтерин камтыган сүрөттөр жана видеороликтер жөнүндө онлайн порталдын атайын баракчасы аркылуу IWFга билдирүүгө мүмкүндүк берет.

**IWF Мэри Коллинз кайрымдуулук фонду менен биргеликте жабырлануучуларды колдоо максатында** жаш эркектерди 18 жашка чейинки балдардын өз алдынча түзүлгөн сексуалдык сүрөттөр же видеолор жөнүндө кабарлоого үндөгөн жаңы кампанияны баштоону каалайт.

**Интерполдо** 50дөн ашык өлкөнүн адистештирилген тергөөчүлөрүнө балдарга карата сексуалдык зомбулук фактылары боюнча маалымат алмашууга мүмкүндүк берген чалгындоо жана иликтөө куралы болгон сүрөттөрдү жана видеолорду камтыган эл аралык балдардын сексуалдык эксплуатациялоо маалымат базасы (ICSE) түзүлгөн. Сүрөттөрдүн жана видеолордун санариптик, визуалдык жана аудио мазмунун талдоо менен, жабырлануучуларды аныктаган адистер далилдерди таап, иштердеги ар кандай кокустуктарды аныктап, балдарга карата сексуалдык зомбулуктун курмандыктарын издөө аракеттерин бириктире алышат. Учурда Интерполдун балдарды сексуалдык эксплуатациялоо боюнча маалымат базасында 1,5 миллиондон ашык сүрөт жана видео бар жана анын жардамы менен дүйнө жүзү боюнча 19 400 жабырлануучу табылган.

**NetClean ProActive** – бул корпоративдик чөйрөдө балдарга карата сексуалдык зомбулуктун элементтерин камтыган сүрөттөрдү жана видеолорду автоматтык түрдө аныктоочу кол тамгаларга жана башка аныктоо алгоритмдерине негизделген программа.

**Griffeye Brain** компаниясы жасалма интеллектти колдонуп, буга чейин эч кандай категорияга кирбеген контентти сканерлеп, аны белгилүү CSAM контентинин атрибуттары менен салыштырып, шектүү болгон элементтерди белгилейт.

RAINN уюму сексуалдык зомбулукка каршы улуттук ишеним телефонун түздү, анын ишин өлкө боюнча 1000ден ашуун жергиликтүү уюмдар менен биргеликте башкарат, алар сексуалдык зомбулук жөнүндө кабарлай алышат жана АКШнын коргоо министрлигинин коопсуз ишеним телефон кызматын башкарат. Ошондой эле сексуалдык зомбулуктун алдын алуу, жабыр тарткандарга жардам көрсөтүү жана күнөөлүүлөрдү жоопко тартууну камсыз кылуу боюнча программаларды жүзөгө ашырат.

Safehorizon– Нью-Йоркто 1978-жылдан бери иштеп келе жаткан зордук-зомбулуктан жана кыянаттыктан жапа чеккендерге жардам берүүчү коммерциялык эмес уюм. Safehorizon зордук-зомбулук курмандыктарына ишеним телефону кызматын көрсөтөт.

Project Arachnid – Бул Канадада башкарылган инновациялык курал, ал балдарга карата сексуалдык зомбулукка байланыштуу (CSAM) материалдардын онлайн таралышына каршы күрөшүү үчүн кызмат кылат.

[i] http://www.oecd.org/internet/bridging-the-digital-gender-divide.pdf.